КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИН ИШТЕРИ БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК КОМИССИЯСЫ





# ДИН ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТ ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ НЕГИЗГИ ДИНИЙ АГЫМДАР

Усулдук китепчеси

БИШКЕК – 2015

УДК ……….

ББК ………..

Бул усулдук китепче Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын (КР ДИМК) эксперттери тарабынан илимий-изилдөө ишинин алкагында Кыргызстандагы диний абал, диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын негизги аспекттери, диний уюмдардын, радикалдык жана экстремисттик агымдардын ишмердүүлүгү жөнүндө аналитикалык жана практикалык маалыматтарды берүү, ошондой эле өлкө жарандарынын дин маселелери жаатында маалыматтуулук деңгээлин жогорулатуу жана академиялык иште материалдарды колдонуу максатында иштелип чыкты.

www.religion.gov.kg

**ISBN…………………………………….**

**Жалпы редакция :** Молдалиев О.А.

**Кыргызча версиясынын редакциясы :** Орозалиев Т.О.

**Орусча версиясынын редакциясы :** Чотаев З.Ж.

**Автордук коллектив :** Чотаев З.Ж., Турсунбеков З.А., Жумакунов Э.М., Сманова Н.Т., Гайббаева А.Т.

**«Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат жана кыргызстандагы негизги диний агымдар»** аттуу усулдук китепчеси

«….» басмаканасы

Бишкек ш., 2015-ж.

Басылма Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан даярдалып БУУнун Тынчтыкты куруу фондунун каржылык колдоосу менен ЮНФПАнын «Кыргызстандагы этностор аралык тынчтыкты курууда көп тармактуу кызматташтык» долбоорунун алкагында басылып чыкты.

Бул китепчеде чагылдырылган пикирлер ЮНФПАнын же БУУнун Тынчтыкты куруу фондунун расмий пикири болуп эсептелинбейт.

**МАЗМУНУ**


КИРИШҮҮ.

1-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ КЫРДААЛ ЖАНА ДИНИЙ ЧӨЙРӨДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТТЫ РЕФОРМАЛОО

1.1. Кыргызстандагы диний кырдаал

1.2. Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоо жараяны

2-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕР

2.1. Иудаизм, Христиан дини, Буддизм

2.1.1. Иудаизм

2.1.2. Христиан дини

2.1.3. Буддизм

2.2. Исламдын пайда болушу жана өнүгүшү: негизги диний агымдар

2.2.1. Исламдагы негизги түшүнүктөр

2.2.2. Суннилер жана Шийалар: жалпылыктар жана айырмачылыктар

2.2.3. Исламдын укутук мектептери –мазхабдар

2.2.4. Исламдык секталар

3-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ УЮМДАР ЖАНА АГЫМДАР

3.1. Исламдык диний уюмдар жана агымдар

3.1.1. Катталган исламдык уюмдар

- *Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы*
- *“Адеп Башаты” коомдук прогрессивдүү фонду*
- *“Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштарынын ассамблеясы” диний уюму*
- *Кыргызстан аялдарынын “Мутакаллим” коомдук прогрессивдүү бирикмеси*
- *“Ыйык биримдик” (Нурчулар)*

3.1.2. Катталбаган исламдык кыймылдар жана агымдар

- *Салафтар*
- *Таблиги Жамаат*
- *Суфий агымы*
- *Сулайманчылар агымы*
- *Исмаилиттер*
- *“Ахмадия” миссиясынын өкүлчүлүгү*

3.2. Христиандык диний уюмдар жана агымдар

3.2.1. Катталган христиандык диний уюмдар

- Орус Православ чиркөөсү
- Католик чиркөөсү
- Лютерандар
- Евангелисттик баптист христиандар бирикмеси
- Жетинчи күндүн адвентисттери
- Элүүнчүлөр

- Харизматтар
- Пресвитериандар
- Жахабанын күбөлөрү

3.2.2. Катталбаган христиандык уюмдар жана агымдар

3.3. Иудаист жамааты

3.4. Буддисттер

3.5. “Бахаи” ишеними

4-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДА ИШ АЛЫП БАРГАН ДЕСТРУКТИВДҮҮ ЭКСТРЕМИСТТИК ДИНИЙ АГЫМДАР ЖАНА ТЕРРОРИСТТИК УЮМДАР

4.1. Деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик уюмдардын мыйзамсыз ишмердүүлүгү жөнүндө

жалпы түшүнүк

4.2. Тыюу салынган деструктивдүү уюмдар

4.2.1. Мун чиркөөсү

4.2.2. Саентология чиркөөсү

4.3. Тыюу салынган экстремисттик жана террористтик уюмдар

4.3.1. “Хизбут Тахрир” диний-экстремисттик уюму

4.3.2. Өзбекистан Ислам Кыймылы (ӨИК)

4.3.3. “Акромия”

4.3.4. “Исламдык Жихад” Бирикмеси

4.3.5. Чыгыш Түркистан Ислам Кыймылы

4.3.6. “Аль-Каида”

4.3.7. “Талибандар” кыймылы

4.3.8. “Жайшуль Махди”

4.3.9. “Ат Такфир валь-Хижра”

5-БӨЛҮМ. МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИДЕОЛОГИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ

5.1. Кыргызстанга салттуу келген исламды илгерилетүүнүн мамлекеттик саясаты

5.1.1. Исламдын Кыргызстанга алгачкы таралышы

5.1.2. Кыргызстандын салттуу динине айланган ислам

5.2. Диний радикалдуу жана экстремисттик агымдардын идеологиялык негиздери

5.3. Идеологиялык аргуметтер жана контраргументтер

КОРУТУНДУ

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

## КИРИШҮҮ

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин мамлекет менен коомдун ортосундагы өз ара социалдык, экономикалык жана маданий мамилелердин либералдык негизин, демократиялык өнүгүү жолун тандап алды. Бул кадам өлкөдөгү мамлекет менен конфессиялар ортосундагы мамилелердин либералдашуусуна таасирин тийгизип, көпчүлүк учурда мамлекеттин диний чөйрөдөн өзүнөн-өзү чettетилгендей абалы кабыл алынган.

Мындай шарттар 90-жылдардын экинчи жарымында өлкөнүн динчил жарандарынын санынын акырындык менен өсүшүнөн байкалгандай, Кыргызстан аймагы боюнча ар кыл диний конфессиялардын жана агымдардын өз алдынча өнүгүшү менен жайылышына мүмкүнчүлүк берди. Кыргызстандагы диний кырдаалдын өнүгүшүн карап чыгып, бул процесстеги диндин тийгизген оң тасирин жана өлкөдөгү диний ишмердүүлүктүн көйгөйлүү аспектилери болгон негизги тенденцияларын белгилей кетүү зарыл. Бирок бүгүнкү күндө Кыргызстанда жарандардын дин негизинде радикалдашуу жараяны жана диний экстремизм көз караштарынын жайылышы ачык-айкын байкалууда. Мындай көрүнүш Кыргыз Республикасынын светтик үлгүдөгү мамлекеттүүлүгүнө, өлкөдөгү жарандардын укуктары менен эркиндиктерине, ошондой эле коомдук жана улуттук коопсуздугуна потенциалдуу коркунуч туударат.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын жетекчилиги тезинен диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоо, өлкөдөгү диний кырдаалды жакшыртуу боюнча тийиштүү чараларды иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу чечимин кабыл алды.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын адистери тарабынан мамлекеттик мекемелердин, диний кызматкерлердин, жарандык жана академиялык коомчулуктук өкүлдөрү үчүн илимий-практикалык окуу куралы иштелип чыкты.

Бул китепченин негизги максаты диний кырдаалдагы аналитикалык жана практикалык маалыматтарды, диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын негизги аспектилерин, кээ бир диний уюмдар менен радикал жана экстремисттик агымдардын ишмердүүлүктөрүн, ошондой эле өлкө жарандарынын дин жаатындагы маалыматтарын жогорулатууну камсыз кылуу болуп саналат.

# 1-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ КЫРДААЛ ЖАНА ДИНИЙ ЧӨЙРӨДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТТЫ РЕФОРМАЛОО

## 1.1. Кыргызстандагы диний кырдаал

1991-жылы эгемендүүлүктү алгандан кийин Кыргызстанда динге болгон кызыгуу кескин көбөйдү. Буга диний уюмдар менен диний багыттагы объекттердин санынын көбөйүшү бирден бир көрсөткүч боло алат. Эгемендүүлүк мезгилинде өлкөдө поликонфессионалдык коом түзүлдү. Кыргыз Республикасынын жарандары динге карата ар кандай ишенимдерди карманышат. Өлкө калкынын басымдуу бөлүгү, кыргыз коомчулугунун жана мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына тарыхый чоң роль ойногон, ошондой эле тарыхта ордун таап орноп калган диндерди бир канча кылымдардан бери тутунуп келишет. Социалдык жана маданий көрүнүш сыяктуу болгон динге кызыгуунун массалык көбөйүшү, тарыхый жана азыркы мезгилдеги диндин жана диний уюмдардын, коомчулуктун пикиринин көз алдында ишеним деңгээлинин жогорулашы алардын баркынын өсүшүнө өбөлгө болду. Бул элде диний уюмдар коомдогу кризистен чыгууга жардам кылуучу, элди кооптондурган тигил же бул процесстерге жакшы таасир тийгизүүгө жарактуулугу жөнүндө айрым жагынан акталган жана кээ бир жактарынан ашыра бааланган үмүттөрдү жаратты[1]. Кыргызстандын дээрлик жарандары эки негизги конфессия менен көрсөтүлгөн[2]. Анын бири суннит исламы болсо, экинчиси христан православдар. Мисалы 2013-жылдагы социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгында суралгандардын 91%ы өздөрүн мусулмандар деп көрсөтүшкөн[3].

Борбордук Азиядагы элдердин дээрлик бөлүгүнө салттуу болгондой эле, Кыргызстан үчүн да салттуу болгон суннит исламынын диний-укуктук мектеби (мазхабы) ханафий болуп эсептелинет. Ал башка мазхабдардан өзүнүн толеранттуулугу, ыңгайлуулугу, улуттук каада-салттарды исламдын баалуулуктарына каршы койбойстугу жана мамлекет менен дин ортосундагы өнөктөш мамиленин өсүүсүнө идеологиялык негизи бар экендиги менен айырмаланат. Салттуу исламдын бул мүнөздөрү советтик мезгилдеги жүргүзүлгөн активдүү атеисттик пропагандасына карабастан, мамлекет менен чыр-чатаксыз жашап кетишине мүмкүнчүлүк берген. 1990-жылы ССРСнун ыдыроо мезгилинде Кыргызстанда 39 мечит иштеген. Азыркы учурда өлкө аймагында 2362 мечит иштейт[4]. Диний багыттагы имараттардын кескин өсүшү, арабдардын (Сауд Аравиясы, Египет, Кувейт), пакистандыктардын, түрктөрдүн жана ирандык диний уюмдар менен ишмерлердин таасирлеринин жана каржылай жардамдарынын аркасынан ишке ашты.

Ислам педагогикасын жана билим берүү тармагын модернизациалоо маселеси аталган чөйрөдө маанилүү болуп саналат. Азыркы кезде Кыргызстан боюнча ислам багытында 80ден ашуун окуу жайы бар. Мамлекеттик жогорку окуу жайларында, динтаануу сабактары менен бирге диний сабактар да берилген теологиялык факультеттер бар. Маселен, Ош мамлекеттик университети, Кыргыз-Түрк Манас университети жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттерин айтсак болот.

Кыргызстандагы диний абалга талдоо жүргүзүп жатып, бүгүнкү күндө өлкөдөгү христиан багытындагы диний уюмдардын санынын көбөйүп жаткандыгын да баса белгилей кетүү керек. Бул жагдай жарандардын дин тутуу эркиндигине берилген кеңири мүмкүнчүлүктөрдүн бирден бир көрсөткүчү болуп саналат. Бүгүнкү күндө

---

[1] Караңыз: 2006-жылдын 6-майында №324 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, *Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясы*.

[2] Конфессия деген түшүнүк өзүндө динге салыштырмалуу тар бир диний багыт же тайпаны камтыйт

[3] КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, “Жаштар жана Ислам” аттуу социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгынын анализи, 2013-ж.

[4] Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын 1-январындагы маалыматы.

Кыргызстандагы христиандык уюмдардын жалпы саны – 378ке жетсе, ал эми 90-жылдарда бул сан 20га жетчү эмес. Бул көрсөткүч протестанттык уюмдардын кескин түрдө көбөйгөндүгүн белгилейт. Диний уюмдардын ичинен эң ириси болуп Орус Православ чиркөөсүнүн Бишкек жана Кыргызстан Епархиясы эсептелинет. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын (мындан ары дин комиссиясы же ДИМК) каттоосунан өткөн башка диний уюмдардан 1 буддисттик, 1 иудаисттик жана 12 бахаилик коомдору бар[5]. Мындан тышкары көпчүлүк диний уюмдар диний ишмердүүлүктөрүн көмүскө, көбүнчө коомдук жана кайрымдуулук уюм катары жүргүзүшүп жатканы маалым.

90-жылдардын аягында Кыргызстанда диндин радикалдашуу тенденциясы, тактап айтканда ислам динине жамынган радикалдуу агымдардын пайда болушу жана көбөйүшү башталат. Бул тенденция белгилүү бир мерчемде чет өлкөлөрдөн келген диний экстремисттик борборлордун жана диний окуу жайлардын таасири менен болуп келүүдө. Өз кезегинде чет өлкөлөрдүн окуу борборлорунан бүтүрүп келгендер, ошол жашап келген өлкөнүн идеологиясы менен менталитетинин өкүлү жана таркатуучусу болуу менен бирге, Кыргызстан элине жат келген жашоо түрүн, маданиятты, сырткы кебетени, кийимди жана жүрүш-туруш үлгүсүн таратышууда.

Диний чөйрөдөгү мындай өзгөрүүлөрдү карап чыгып, эгемендүүлүктү алгандан кийин жарандардын социалдык-экономикалык абалынын начарлашы, ырасмий идеологиянын жоюлушу жана диндин өнүгүшүнө болгон либералдуу шарттардын түзүлүшүнө байланыштуу, Кыргызстанда динчилдердин жана ар түрдүү диний уюмдардын санынын утур-утур көбөйүү тенденциясы байкалганын белгилесек болот.

Илгертеден бери дин коомдун өнүгүшүнө таасир берүүчү мамлекет менен жарандардын, ар тараптуу социалдык топтордун, коом менен адамдын, бай менен кедейдин, ар кайсы улуттардын жана конфессиялардын өкүлдөрүнүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу маанилүү социалдык институт болуп келген. Ошондой эле дин, динчил адамдын жеке дүйнөтаанымынын өөрчүүсүнө, адеп-ахлагынын бекем болуусуна жана психологиялык тең салмактуулугун кармап турууга маанилүү ролду ойнойт. Андан тышкары экономикалык жана саясий өнүгүү да маанилүү маселелерден болбой койбойт.

Кыргызстандагы диний кырдаалды изилдеп жатып, өлкөнүн социалдык, экономикалык жана саясий жашоосундагы туура багытынан тышкары диний уюмдардын өлкөгө тийгизген көйгөйлүү жактарынын таасирин да белиглей кетүү зарыл.

Светтик жана диний билим берүүнү жогорулатуу маселеси өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Анын учурдагы абалы, исламдын жана башка диндердин негиздеринин бурмаланган түшүндүрүүсүнө шарт түзүүдө. Мисалы, 2013-жылы жүргүзүлгөн социалдык сурамжылоонун натыйжасында жаштардын динден кабардар болуусунун эң төмөн көрсөткүчтө байкалганы, өлкөнүн коомдук-саясий жашоосундагы ар түрдүү көйгөйлөрүнө алып келет[6]. Ошондой эле мамлекеттик мектептердеги окуучулар, мугалимдер жана жумушчулардын ортосундагы диний кийимге (хижап) тийиштүү ар бир окуу жылынын башында болуп жаткан чыр-чатактар чечилбей келет[7].

Акыркы жылдарда Кыргызстанда мусулмандардын колдоосуна ээ болуу максатында диний баалуулуктарды саясий процесстерге колдонуу байкалып жатат. Ушуга байланыштуу кырдаалдын курчушуна жана мамлекеттин светтик мүнөзүн жоготуу кооптуулугуна алып келген исламдын мындан аркы саясатташуу коркунучу пайда

---

[5] Ошол жерде.

[6] КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, “Жаштар жана Ислам” аттуу социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгынын анализи, 2013-ж.

[7] Караңыз: “Акипресс” Маалымат агенттигинин жаңылыктары, http://www.akipress.org, сентябрь айы 2013.

болууда. Мындан тышкары саясатчылардын жана жогорку орундагы мамлекеттик кызматкерлердин саясий колдоону издөө максатында диний уюмдардын иш-чараларына активдүү катышуулары да байкалууда.

Бүгүнкү күндө жаңы мечиттерди курууда жана аларды каттоодо чечилбеген маселелер бар. Айтсак, 2015-жылдын 1-январына карата иштеп жаткан мечиттердин ичинен 500дөн көбү (20%дын тегерегинде) диний объект эсептик каттоодон өткөн эмес[8]. Бул мечиттер КР ДИМКнын эсептик каттоосунан өтпөй туруп де-факто мыйзамсыз диний ишмердүүлүк жүргүзүп келишет. Башка өңүттөн алып караганда, мечиттердин мындай башаламан жана эселеп курулушу мусулмандардын улутуна карата бөлүнүп-жарылуу тенденциясынын пайда болушуна алып келди. Натыйжада өлкөнүн мусулмандары, кыргыз, өзбек, уйгур жана дунган мечиттерине баруучулар болуп бөлүнүшкөн. 2010-жылдын июнь окуяларынан кийин мусулмандардын ортосунда улутуна карата бөлүнүп-жарылуу күчөгөн.

Кыргызстандагы диний чөйрөдөгү маанилүү болгон терс көрүнүштөрдүн бири, бул кээ бир христиандык протестанттык уюмдардын жигердүү прозелитизм (жарандарды башка динге киргизүү) мүнөзү менен алып барган ишмердүүлүгү болуп эсептелинет. Мындай уюмдардын жигердүү иш-аракетин кабылдабаган жергиликтүү калктын бир бөлүгү, алардын ишмердүүлүгүнө тоскоол болуп, аягы чыр-чатактар менен коштолгону байкалууда. Көбүнесе бул жагдайлар, өздөрүнүн динин алмаштырган жарандардын каза болгонунда, жерге көмүү зарылчылыгында пайда болот. Жергиликтүү калктан чыккан жаңы христиан протестант агымдарынын адепттери, кээ бирлери мурун өздөрүн мусулман деп курулай гана эсептешсе, же атеист болсо деле, динден кайткан адам (муртат) катары кабыл алынат[9].

Экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүктүн алдын алуу максатында, мамлекеттин ыкчам кийлигишүүсүн талап кылган экстремизм жана фундаментализм пикирлеринин жайылуу көйгөйү, Кыргызстанда ар түрдүү диний деструктивдүү жана террористтик топтордун ишмердүүлүгүнүн жандануусу акыркы убактарда өзгөчө чочулоо туудурат. Жарандарыбыздын Сирия жаңжалына катышуу үчүн активдүү түрдө жалданып жаткандыгын дагы белгилеп кетүү керек. Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын 2014-жылдын аягына карата берген расмий маалыматтарына ылайык, Сирияда болуп жаткан куралдуу кагылышууга катышуу үчүн өлкөдөн 220 Кыргызстандын жараны чыгып кеткен, алардын ичинен 21и мерт болгон[10]. Ал эми расмий эмес маалыматтарга ылайык булардын саны алда канча көп.

Кыргызстандагы диний абалдын өнүгүшүн анализдеп жатып, динди жайылтуу чөйрөсүндөгү туура багытынан тышкары, конституциялык түзүлүшкө, өлкөнүн коомдук жана мамлекеттик коопсуздугуна коркунуч туудурган деструктивдүү диний уюмдардын ишмердүүлүктөрү жана радикал-экстремисттик диний идеологиялардын каптап кетишине байланыштуу бир катар көйгөйлүү жактар байкалып жаткандыгын да баса белгилей кетиш керек. Ушуга байланыштуу Кыргызстандагы ислам коомундагы кырдаалга көнүл буруп, ага болгон мамилени мамлекеттик деңгээлде өтө кылдаттык менен алып баруу зарыл. Мамлекет өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын коргоодо, мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелеринин моделин жана анын стратегиялык механизмин куруусу керек.

Бүгүнкү күндө, 90-жылдардагы диний чөйрөгө мамлекеттин көзөмөлүнүн жоктугу жана ага өтө эле либералдуу мамиле жасалышы, дин тутуу эркиндигин камсыздоо жана

---

[8] Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын 1-январындагы маалыматы.

[9] КР Коргонуу кеңешинин диний саясат Концепциясын иштеп чыгуудагы Жумушчу топтун материалдары, 2014.

[10] Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматына ылайык.

мамлекеттин светтик үлгүсүн практика жүзүндө ишке ашыруу, ошондой эле деструктивдүү диний уюмдарга каршы күрөшүү жана экстремизмди алдын алуу максатында, диний чөйрөдөгү натыйжалуу мамлекеттик саясатты кабыл алуусуна жана ишке ашыруусуна мажбур кылды.

### 1.2. Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоо жараяны

Кыргызстандагы диний абалды жакшыртуу, "мамлекет менен дин аралык жана конфессия аралык мамилелерди оптималдаштыруу" [11] зарылдыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы Жарлыгы [12] менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгындагы Туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясында камтылган.

2014-жылдын 3-февралында диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясасатты реформалоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин Чечими кабыл алынган. Ал эми 2014-жылдын 7-февралында "Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатын ишке ашыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Жарлыкка кол койгон [13] . Аталган Кыргыз Республикасынын Коргонуу кенешинин Чечиминде төмөнкүлөр белгиленген:

"Дүйнөдөгү акыркы окуяларды талдоо, ... эгемендик жылдарындагы тажрыйба көрсөткөндөй, кийлигишпөө позициясы, диний чөйрөдөгү мамлекеттин жөнгө салуучу функцияларынын начарлоосу ката стратегия болуп эсептелээрин көрсөттү. ...

Өлкөдөгү диний кырдаалга жетишсиз көңүл буруу чыр-чатак, диний кагылышуулар түрүндө терс кесепеттерге жана мамлекеттин бөлүнүшүнүн коркунучуна алып келиши мүмкүн, бул бир катар өлкөлөрдө болуп өттү."[14]

Өлкөдөгү диний кырдаалга болгон талдоонун жана КР Коргонуу кеңешинин жыйынындагы талкуулоонун натыйжасында диний чөйрөнү реформалоо чечими кабыл алынган. Бул чечимди иш жүзүнө ашыруу үчүн диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоодо, КР Коргонуу кеңешинин Жумушчу тобу түзүлгөн. Ал Жумушчу топ өз кезегинде төрт бөлүктөн туруп төмөндөгүдөй багытта иш алып барды:

1. 2014-2020-жылдар арасындагы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясын иштеп чыгуу;
2. Кыргыз Республикасынын УКМК, ИИМ жана ДИМК ишмердүүлүгүнүн функционалдык талдоосун жүргүзүү;
3. Мыйзам чыгаруучу актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
4. КМДБнын ишмердүүлүгүнүн функционалдык талдоосун жүргүзүү;

Аталган Жумушчу топтун 2014-жылдагы ишмердүүлүгүнүн алкагында, Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатын ишке ашыруусунда методология иштеп чыгуу жана иш-чараларды өткөрүү боюнча чоң иш жасалган. Бул жааттагы негизги аткарылган жумуштардын бири болуп, 2014-жылдын 3-ноябрында Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин жыйынында бекитилген "2014-2020-

---

[11] Караңыз: 2013-2017-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясы, http://www.gov.kg/?page_id=16966, кирүү: 10.11.2014.
[12] Караңыз: 2013.21.01дагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, http://www.president.kg/ru/news/ukazy/1457_utverjdena_natsionalnaya_strategiya_ustoychivogo_razvitiya_kyirgyizskoy_respubliki_na_period_2013-2017_godyi/, кирүү: 10.11.2014.
[13] Караңыз: "Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатын ишке ашыруу жөнүндөгү" КР Президентинин Жарлыгы, http://www.president.kg/ru/news/ukazy/3468_podpisan_ukaz_o_realizatsii_resheniya_soveta_oboronyi_kyirgyizskoy_respubliki_o_gosudarstvennoy_politike_v_religioznoy_sfere/, кирүү: 10.11.2014.
[14] Ошол жерде.

жылдар арасындагы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы” [15] эсептелинет.

Жаңы Концепцияда төмөндөгүдөй суроолорго көңүл бурулган:

- Дин тутуу эркиндигин жана ишенимин камсыз кылуу;
- Кыргызстанда светтик мамлекеттин үлгүсүн түзүү;
- Жарандардын укуктары менен эркиндиктерин бузуунун жана диндин саясатташуусунун алдын алуу максатында, диний уюмдардын ишмердүүлүктөрүнүн чектерин түзүү;
- Диний чөйрөнү жөнгө салуу максатындагы мамлекеттин кийлигише турган жерлерин аныктоо жана КР мыйзамдарында алдын ала көрсөтүлгөн жагдайлардан тышкары конфессия ичиндеги ишмердүүлүгүнө кийлигишүүнү чектөө;
- Диний чөйрөдөгү радикалдашуунун алдын алуу максатында, КР Коргонуу кеңешинин Чечиминин алкагында мелүүн исламды илгерилетүүнү колдоонун саясатын жүргүзүү;
- Дин маселелериндеги мамлекет менен конфессия жана конфессиялар аралык карым-катнашты өнүктүрүү;
- Кыргызстанда дин жаатындагы жарандардын радикалдашуусун жана экстремисттик, террористтик ишмердүүлүктөрдүн алдын алуу жана эскертүү;
- Динтаануу жана диний билим берүү деңгээлдерин жогорулатуу;
- Диний абалга мониторинг жүргүзүү максатында эксперттик жана аналитикалык потенциалды жогорулатуу.

Аталган Концепцияда жана 2014-жылдын 3-февралындагы Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин Чечиминде белгиленген кээ бир багыттар боюнча, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы төмөндөгү маанилүү багыттарда жигердүү иш алып барууда:

- Кыргызстандагы болуп жаткан диний абалга мониторинг жүргүзүү;
- Өлкөдөгү диний абалды жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- Диний радикализм менен экстремизмдин алдын алуу;
- Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын биргеликте кызматташуусу жана алардын мамилелеринин натыйжалуулугун жогорулатуу;
- Жарандардын диний сабаттуулугун жогорулатуу жана аларга мелүүн исламды илгерилетүү боюнча мамлекеттик саясатты маалымдоо, ошондой эле радикалдуу диний идеологиялар менен экстремисттик агымдардан диндин айырмасын ажыратуу.

Жарандардын диний сабаттуулугун жогорулатуу жана диний маселелер боюнча маалымдоо зарылдыгын карап чыгып, колуңуздардагы методикалык окуу куралы иштелип чыкты.

[15] Караңыз: 2014-2020-жылдар арасындагы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясын бекитүү маселеси боюнча КР Коргонуу кеңешинин жыйыны жөнүндөгү маалымат // КР ДИМКнын ырасмий сайты, http://religion.gov.kg/ru/sovet_oborony_3_11_14.html, кирүү: 10.11.2014.

## 2-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕР

2014-2020 жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясында дин кудайга же табияттан тышкары күчтөргө болгон ишенимге негизделген көз караш, ошондой эле жүрүм-турумдун, ырым-жырымдардын жана жөрөлгөлөрдүн ушуга ылайык келген адеп-ахлак ченемдеринин жана типтеринин жыйындысы деген аныктамасы берилген[16]. Кээ бир башка булактарда дин бул кудайдын оюна байланыштуу дүйнөгө болгон көз караштардын системасы деген жөнөкөй аныктама берилет. Бүгүнкү күндө биз жаңы ачылыштардын босогосунда туруп, адамзаттын келечекке карай чоң кадам таштап жаткандыгын байкоодобуз. Бирок дүйнө жаралышынын маңызы боюнча маселе актуалдуу бойдон калууда.

### 2.1. Иудаизм, Христиан дини , Буддизм

#### 2.1.1. Иудаизм

Иудаизм (Жакып пайгамбардын он эки уулунун бирөөсү болгон патриарх Иуданын атынан алынган) – ислам жана христиан дини тууралуу түшүнүктөрдүн пайда болушуна пайдубал түзүп берген, жалгыз бир Кудайга болгон катуу ишенүүгө негизделген эң эски ишеним. Иудаизмдин мааниси жөөт элинин тандалган бир эл деген пикирде камтылат. Алар жалгыз бир гана жаратканга ишенишет. Ошол эле учурда жараткан өзүнө жардам берүүсү үчүн бир элди тандап алган деп эсептешет. Уламышка ылайык, иудей ишеними б.з.ч. 20-к. баштап 14-к. чейин Адамдан атадан тартып Ибрахим пайгамбарга чейин сакталып келген. Ал эми б.з.ч. 14-к. легендарлуу инсан, реформатор болгон Муса пайгамбардын учурунда бул ишеним динге айланган. Библияга ылайык, Муса жөөттөрдү египеттик кулчулуктан алып чыгып, аларга кудайдын осуятын берген. Ал осуяттын биринчи он осуяты же негизги мыйзамдары төмөнкүлөр :

1.Менин жүзүмдүн алдында сенин менден башка кудайың болбосун.
2.Өзүңө кумир тутпа.
3.Кудайыңдын атын бекер айтпа.
4.Ишемби күнүн ыйыкташ үчүн аны эстей жүр, .
5.Ата-энеңди ардакта.
6.Өлтүрбө.
7.Зынаа кылба.
8.Уурдаба.
9.Өзүңдүн жакыныңа жалган күбөлүк айтпа.
10.Жакыныңда болгон нерсени өзүңө каалаба[17].

Иудаизм жөөт элинин диний идентификациясы болуп эсептелинет. Көптөгөн тилдерде “иудей” жана “жөөт” деген түшүнүктөр бир эле термин менен берилип, алардын мааниси чектелбейт. Бул жөөтчүлүктүн иудаизм аркылуу түшүндүрүлүп берилиши мүмкүн экендигин белгилейт[18].

Иудаизмдин пайда болушунун тарыхы Инжилдин эски осуятынан маалым. Кеңири маанидеги иудаизм – жөөттөрдүн жашоо тартибин аныктаган укуктук, моралдык-этикалык, философиялык жана диний көз караштардын топтому[19].

Иудаизмде диний окуунун булактары катары Эски осуят жана “Танах” китептери эсептелинет. “Танахтын” бардык китептери үч топко биригишет :

[16] Караңыз: 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясы, КР ДИМКнын расмий сайты
[17] Иудаизм // Путь к поступку, Митрополит Антонии Сурожскии, кирүү: 12.09.2014, http://goodcharacter.ru/udaizm/112-udaizmi
[18] Иудаизм // Википедия, http: // ru.wikipedia.org/wiki/Иудаизм, кирүү: 01.11.2014 .
[19] Иудаизм - национальная религия евреев // Grandars.ru, кирүү: 01.09.2014 г

1.Toорат же Моисейдин беш китеби
2.Алгачкы пайгамбарлардын тарыхый китептери
3.Агиограф – үч жылнаамадан турган жазуу.

Иудаизм төмөнкү он үч ишенимдин принциптери менен өзгөчөлүнөт[20]:

“Мен ысымы куттуу болгон Жараткандын баардык жандыктарды жаратып жана аларды башкарып аткандыгына жана баардык нерселерди бир гана Анын буга чейин жаратып келгенидигине, учурда жаратып жаткандыгына жана мындан кийин дагы жарата берээрине толук ишенем.

Мен ысымы куттуу болгон Жараткандын жалгыз экендигине жана Ал сыяктуу башка жалгыздын эч бир жерде болбогондугуна, ошондой эле жалгыз Анын биздин Кудайыбыз болуп келгендигине, учурда болгондугуна жана боло берээрине толук ишенем.

Мен ысымы куттуу болгон Жараткандын денесиз жана материянын касиеттеринин Ага таандык болбогондугуна, ошондой эле Анын эч кандай элеси болбогондугуна толук ишенем.

Мен ысымы куттуу болгон Жараткандын биринчи жана акыркы болгондугуна толук ишенем.

Мен ысымы куттуу болгон Жаратканга гана сыйынуу керек экендигине жана Андан башка бирөөгө сыйынууга тыйуу салынганына толук ишенем.

Мен пайгамбарлардын айткандарынын баардыгы чындык экендигине толук ишенем.

Мен биздин агайыбыз Мошенин (Мусанын) пайгамбардыгы (ага тынчтык болсун) анык экендигине жана ал өзүнөн мурунку жана өзүнөн кийинки пайгамбарлардын эң улуусу болгондугуна толук ишенем.

Мен азыркы колубуздагы Таураттын Моша-рабейнге (ага тынчтык болсун) берилген Тоорат экендигине толук ишенем.

Мен Тоораттын өзгөртүлбөстүгүнө жана ысымы куттуу болгон Жараткандын башка бир Тоораты болбостугуна толук ишенем.

Мен “Алардын жүрөктөрүн жараткан алардын иштерин дагы түшүнөт” деп айтылгандай эле, ысымы куттуу болгон Жараткандын баардык адамдардын кылган иштерин жана ойлогон ойлорун билээрине толук ишенем.

Мен ысымы куттуу болгон Жараткандын Анын осуяттарын аткаргандарга жакшылык тартуулаарына, ал эми Анын осуяттарын бузгандарды жазалаарына толук ишенем.

Мен Машаяктын келээрине толук ишенем жана анын кечигип жаткандыгына карабастан баары бир аны бир күнү келет деп күтө бермекчимин.

Мен ысымы куттуу болгон Жараткандын каалосу менен өлгөндөрдүн тирилүүсү боло турганына жана Анын эстөө түбөлүккө, кылымдарга улукталышына толук ишенем”.

### 2.1.2. Христиан дини

Христиан дини – эң көп тутунгандардын санына ээ болгон диндердин бири. Бул дин жерге түшүп адамдардын куткарылышы үчүн азаптарды жана өлүмдү кабыл алып,

[20] Послания Маймонида. Полное и исправленное по рукописям издание.//ивр. . — Маале-איגרות הרמבם Адумим, Иерусалим: Издательство Шейлат, 1995.

кийин кайра тирилип, асманга көтөрүлүп кеткен адам келбетиндеги кудай болгонИса Машаякка, ошондой эле Кудайдын үч жагы болгон  Атага, анын Уулуна жана Ыйык Рухка деген ыйык Үчилтикке болгон ишенимге негизделген. Христиан дини өзүнүн көп кылымдык мөөнөтүнүн ичинде ар кандай себептерден улам көптөгөн агымдарга бөлүнүүгө кабылган. Негизги бөлүнүү чыгыш жана батыш христиандар арасында б.з.ч. 4-к. 1054-жылы  Рим-Католик жана Православдык чиркөөлөр пайда болгондон кийин расмий  түрдө бекитилген Дүйнөлүк (Вселенский) Собордо болуп өткөн[21].

Христиан дини православие, католицизм жана протестантизм болуп негизги үч багытка бөлүнөт. Дин тутунгандардын Кудайдын ырыскысын алуучулардын катарына кошулуусу чогулуштарга (чокунуу, храмдарда кызмат кылуу,  тобо кылуу, причащение) катышуу аркылуу ишке ашырылат. Христианчылыктын окуусунун негизги булагы болуп ыйык жазуу Инжил эсептелинет.

Ар кандай маалымат булактарына ылайык христиандардын саны акыркы 40 жылдын ичинде эч өзгөрүлгөн эмес жана бул сан дүйнөлүк калктын болжолдуу түрдө 32-33%ын түзөт[22]. Христиан дини б.з. 1-к. ортосунда Палестинада пайда болгон. Биринчи христиандар улуту боюнча жөөттөр, мурунку диний көз карашы боюнча иудейлер болушкан. Бирок 1-к. экинчи жарымында христиан дини интернационалдык динге айланган. Христиандардын эл аралык баарлашуу тили ошол убакта алар жашаган мамлекетте болгондой эле грек тили болгон (). Дин кызматкерлеринин ою боюнча христианчылыктын пайда болуусунун эң негизги жана бирден бир себеби бир эле учурда кудай дагы, адам дагы болгон Иса Машаяктын үгүт ишмердүүлүгү болгон.  Дин кызматкерлери Иса Машаяк адам түрүндө жерге түшүп, элге чындыкты жана куткарылууну алып келген дешет. Анын жерге келиши (бул болуп өткөн окуя экинчи, келечекте боло турган окуядан айырмаланып, биринчи деп аталат)  тууралуу Инжил[23] деп аталган төрт ыйык китепте жазылган.

Христианчылык  өзүнүн доорунда көптөгөн ар кандай агымдарга бөлүнгөн. Алардын негизгилери бул православ–ортодокс христиан дини, католик, протестанттык, англикан чиркөөсү, жана башка көптөгөн диний агымдар. Алардын кээ бирөөлөрү жөнүндө кийинчээрек маалымат берилет. Кыргызстан аймагында 2014-жылга карата 378 христиандык храм жана чиркөө катталган, анын ичинде монастырлар жана окуу жайлар дагы бар.

### 2.1.3. Буддизм

Буддизмдин – 500 миллионго жакын тутунуучусу жана 1 миллионго жакын кечили, ал эми тутунгандардын саны боюнча дүйнөлүк деп эсептелген диндердин бири. Буддизм б.з.ч. болжол менен 6-к. Байыркы Индияда пайда болгон.  Негиздөөчүсү – Сиддхартха Гуатама Будда болуп саналат. Тарыхта ал б.з.ч. 560-жылы туулган. Негиздөөчүсүнүн атынан келип чыккан “буудизм” деген сөз кийинчээрек Батышта пайда болгон. Ал эми Будда өзүнүн окуусун Дхарма деп атаган (санскрит тилинен–чындык, баардык нерсенин табияты дегенди билдирет). Дхарма же Будданын окуусу – бул азаптан боштондукка жана жарык болууга, ошондой эле анык чындыкка жетүүгө алып барган 84 000 сабак жана ыкмадан турган окуу. Будда баардык нерсе үчүн жалгыз бир догманын болушу мүмкүн эместигин түшүнгөндүктөн ушунча көп сабак үйрөткөн. Ар бир дарттын өзүнүн

---

[21] *Т.Ф.Ефремова* “Что такое христианство?” // Большой энциклопедический словарь, кирүү 13.11.2014 г.
[22] Динамика численности религий в мире // Religare, 27.01.2004, http://www.religare.ru/2_8084.html, кирүү: 22.07.2014 г.
[23] Евангелие // Электоранная православная энциклопедия, I бөлүм, 16-том, 585-бет,  08.10.2009 г., http://www.pravenc.ru/text/344423.html, кирүү: 22.07.2014 г.

айыктыруучу дарысы болот. Ар кандай адамдарга өнүгүүнүн ар кандай ыкмалары туура келет. Ошондуктан Буддизмде адамдарды окутууда жеке ыкма колдонулат[24].

Будданын окуусу көп кырдуу жана ишенимге эмес, тажрыйбага таянат. Анын мазмунун сүрөттөп берүү менен чектелип калуу жетишсиз.

Уламышка ылайык, Гаутама падышанын үй бүлөсүндө төрөлүп 29 жашына чейин жыргалчылык жашоодо жашаган (болжол менен б.з.ч. 600 жыл мурун). 29 жашында ал өзү жашаган сарайдын сыртына чыгып башка чындыкты көрөт. Ал чындыкта адамдардын жашоосу жыргал эместигин, аларда өздөрүнүн жашоосун сактап калууга эч кандай мүмкүнчүлүк жана маани жок экендигин көргөн. Дал ушул окуядан кийин анын жашоо жөнүндө түшүнүгү өзгөргөн. Ал нирванага (жыргалчылыктын эң жогорку абалы) жеткенге чейин жашоонун баардык көрүнүштөрүн көрсөткөн бир жолду издеп баштайт. Ал өзүнүн бай жана жыргал жашоосунан баш тартып жарык болууга умтулган. Гаутама өзүнүн калоолорун башкарып медитация менен алектенүү менен, өзүнүн теңтуштарына оор басырыктуулуктун жана өзүн-өзү кармануунун үлгүсү боло алган. Ал суудан жана тамактан баш тартып, жалгыз калуу жана медитация жолдору менен жарык болууга жеткен. Анын жакын айланасында жүргөн беш адам анын биринчи жактоочулары болгон.

Бул окууга ылайык, жарык болууга алып барган жол, жыргалчылыкта же өзүн өзү жок кылууда эмес, бул экөөнүн ортосунда жатат.

Буддизмдин негизин төмөнкү төрт асыл чындык түзөт[25]:

1) Жашоо азап чегүү демек (“Дукха”)
2) Азап каалоодон келип чыгат (“Танах” же байлануу)
3) Баардык байлануулар аркылуу азаптарды жок кылуу мүмкүн
4) Буларга жетүү асыл болгон сегиз этаптык жол менен болот.

Сегиз этаптык жол төмөндөгүдөй сапаттарды камтыйт:1) көз караш; 2) ниет; 3) кеп; 4) кыймыл; 5) жашоо түрү (кечилдик); 6) аракет (энергияны туура багытка буруу); 7) эс (медитация); 8) концентрация. Будданын окуулары “Трипитака” (буддистик ыйык тексттердин топтому) же “Үч сепетке” чогулган.

Буддизмдин эки багыты бар : хинаяна-кичи араба жана махаяна-улуу араба[26].

Хинаяна жарык болууга алып барган жолдун бир бөлүгү болуп эсептелинет. Жандын өз алдынча руханий бир нерсе болгондугун тануу Химаянанын негизги белгиси болуп саналат. Хинаяна өзүн-өзү жакшыртууга жана инсандын көз карандысыз түзүлүүсүнө болгон жолдун баштапкы этабы катары кабыл алынат.

Махаяна – бул жыргалчылыкка жакындатуучу жол. Аталган жол “Сутра” жана “Тантрадан” турат.

“Сутра” (санскритчеден – жип) өзүндө Байыркы Индиянын уламыштарында берилген ар кандай диний – философиялык окууларын камтыйт.

“Тантра” (санскритчеден – куулук ушактар, ыйык тексттер) алдын ала бир топ чектөөлөрдөн өтүп, баардык нерсени сезе алган чектелген адамдардын санына гана жеткиликтүү болгон, бошонууга жана эң жогорку сезимге жетүүгө алып барган ыкмаларды колдонуу. Тантристтер өздөрүнүн ишенимин баардык адамдар үчүн универсалдуу болгон бир ишеним деп эсептешет. Алардын ою боюнча калган диндер тантрадан чыгып келип, өздөрүнүн руханий күчүн андан алышат.

---

[24] Буддизм // Информационный сайт “Буддизм алмазного пути”, http: // www.buddhism.ru/teachings/buddizm/, кирүү: 20.09.2014 г.
[25] *Торчинов Е.А,* Основы буддийского учения, http://buddhism.org.ru/buddhism_02, кирүү: 11.11.2014 г.
[26] Ошол жерде.

Буддизмдеги тантралык практика төмөнкү негизги үч элементти өзүндө камтыйт:

1. Кудайдын сүрөтүн кароо, анан өзүн кудай менен теңдөө;

2. Практика учурунда тигил же бул кудайды түшүндүргөн өзгөчө ритуалдык жаңсоо колдонуу (бул кыймылдар мудралар деп аталат, алар Тибетке Индиядан келген);

3. Мантраларды окуу.

Буддизм - бул кыйынчылыктар жана сыноолорго негизделген бир фундамент. Бирок аларды жеңип чыгуунун натыйжасы чыдамкайлык болушу мүмкүн. Баардык нерсени өз алдынча жашап өтүү жана жетүү. Жыргалчылыктын эң жогорку абалына жетүү инсандын ички жана сырты дүйнөсү азапты айланып өтүп, чындыкка жеткенде гана толук мүмкүн.

### 2.2. Исламдын пайда болушу жана өнүгүшү : негизги диний агымдар

#### 2.2.1. Исламдын негизги түшүнүктөрү

Ислам –моюн сунуунун жана мелүүндүктүн Кыргызстанга салттуу келген дини. Кдайдын элчилеринин жана пайгамбарларынын эң акыркысы болгон Мухаммед пайгамбар (ага Алланын салабаты жана саламдары болсун)[27] дин аркылуу чындыкка жетүү максатына тынчтыктын, биримдүүлүктүн жана бейпилдиктин негизин орноткон. Бул дин 610-жылы Араб жарым аралынын аймагында Жабраил[28] периште акыркы пайгамбарга Курандын биринчи беш аятын бергенден кийин пайда болгон, жетишээрлик жаш дин. Ислам дүйнөлүк үч монотеисттик диндердин бири болуп саналат. Ошондой эле исламдын иудаизм жана христиан дини менен жалгыз кудай принциби боюнча жалпы негизи бар. “Жараткан, адамга тандоо укугун берген жана Ал адамдарды жоруктарына карап сындайт. Бирок адам алсыз, азгырыктарга оңой эле берилип кете турган болуп жаралган. Кудай аны ушундай кылып жараткан жана бул адам төрөлгөндө эле күнөөлүү болуп төрөлгөн дегенди түшүндүрбөйт. Аллахка адамдын алсыздыгы белгилүү, дал ошол себептен Ал биз үчүн тобо кылуу эшигин ачкан жана Ал такыр күүнөө кылбаган адамдардан караганда өзүнүн күүнөөлөрүн сезип Ага кечирим сурап кайрылгандарды көбүрөөк жакшы көрөт”[29] Исламдын максаты – адамды жана коомду үзгүлтүксүз билим алуу аркылуу өнүктүрүү, ошондой эле адамды өлүмдөн кийинки жашоого даярдоо.

1400гө жакын жыл мурун калыстык, багынуучулук, биригүү жана таза башкаруу ойлору актуалдуу боло баштаган. Биринчи жолу аялдардын укуктары таанылган. Коом жүз жылдар бою сакталып келген көнүмүш башаламандыктан кийин өнүгүүнүн кийинки этабына өткөн. Буга Жараткандын эң акыркы өкүлү болгон Мухаммед Пайгамбар аркылуу адамдарга жөнөтүлгөн көрсөтмөсү себеп болгон[30].

Ислам коомдун өнүгүүсүнүн жан дүйнө элдеринин диний аң сезиминин эволюциясынын мыйзам ченемдүү жыйынтыгы болуп саналат. Анын маңызы төмөнкүлөрдө камтылган :

- жалгыз бир кудай болгон Аллахка, периштелерге, баардык ыйык китептерге жана өкүлдөргө ишенүү;
- Курандын жана пайгамбарлардын ыйыктыгы;
- бейиш жана тозокко ишенүү;
- жандын тирилүүсүнө ишенүү.

---

[27] Ага тынчтык болсун - Саллаллаху алейхи ва салям. Мусулмандарда бул сөз Пайгамбардын аты аталганда сөзсүз кошо колдонулушу керек.

[28] Израил, Исрафил жана Микаил менен бирге Аллахтын төрт өзгөчө жакынынын бирөөсү

[29] Краткое знакомство с исламом //Религия ислам, http://www.islamreligion.com/ru/articles/1397/viewall/, кирүү: 05.09.2014 г.

[30] Религия Ислам//Вера и ислам, http://www.veraislam.ru/index.php?option=com_content&view=article&id=5&Itemid=8, кирүү: 05.09.2014 г.

Ошентип, дин катары, ислам адамдардын руханий жана адеп-ахлактык аң-сезиминин суроолоруна жооп берет, ошондой эле момун мусулманга Аллахтын ыраазычылыгына жетүүгө алып барган жолду көрсөтөт. Мусулмандардын ыйык китеби болгон Куранда айланадагы дүйнөгө жана адамдарга болгон мамиле, үй бүлөлүк жашоонун куралдары, ошондой эле заманбап илимдин негиздери тууралуу жазылган. Ал эми Мухаммед Пайгамбардын кылган иш-аракеттери менен айткандары сүннөттө (хадистерде) камтылган.

Куран Сүрө деп аталган 114 бөлүмдөн турат. Куран пайгамбарга 23 жылдын ичинде жөнөтүлгөндүктөн, Сүрөөлөр 6236 аятты камтыган меккалык (90 сүрөө) жана мединалык (24 сүрөө) болуп эки түргө бөлүнгөн сүрөөлөрдөн турат[31].

Сүннөт (араб. "жол", "салт") – бул Мухаммед пайгамбардын айткан сөздөрү жана кылган иштери жөнүндө хадистердин топтому. Ал Куранды толуктоочу жана түшүндүрүүчү негизги булак болуп саналат. Ал эми хадистер бул мусулман жамаатынын жашоосунун ар кандай диний-укуктук жактарын камтыган Мухаммед Пайгамбардын сөздөрү жана кыймыл-аракеттери жөнүндө ылакаптар.

Байыркы замандан калган ылакапка ылайык, Хива үңкүрүндө Пайгамбар биринчи жолу исламдын беш милдеттүү парзы жөнүндө маалым кылган. Ал төмөнкү парздар :

- Шахада (жалгыз бир кудайга ишенүү)

- Намаз (беш маал намаз окуу)

- Зекет (муктаж болгондорго жардам берүү)

- Саум (ыйык Рамазан айында орозо кармоо)

- Хаж (Меккеге зыярат кылуу)

1. Шахада – динди тутунуу. Анын биринчи бөлүгү жалгыз бир Жаратканга ишенүүнүнү, ал эми экинчи бөлүгү Мухаммед Пайгамбардын анын өкүлү катары тандалып алынгандыгын далилдейт.

2. Намаз – күнүгө беш маал намаз окуу. Намаз кылуу үчүн төмөнкү шарттар аткарылышы керек :

- Адам мусулман болушу керек
- Адам акыл - эсинде болушу керек. Психикалык кемчиликтери бар адамдар диний практиканы аткаруудан бошотулат.
- Намаз убакытын сактоо
- Ритуалдык таза абалда болуу
- Кийим жана намаз кылынуучу жай таза болушу керек
- Аурат (жабылышы керек жерлер) жерлерди жабып жүрүү
- Намаз кылып атканда ыйык Кааба орун алган Мекке тарабына бурулуу
- Намаз кылуу (ар кандай тилде) ниетинин болушу[32]

Намаз өзүндө экиден үчкө чейинки "ракатты" (намаздын кайталануучу циклы) камтыйт. Күнүмдүк намаздын циклы беш милдеттүү намаздан турат: багымдат (таңкы намаз), бешим (чак түштөгү намаз), аср (түштөн кийинки намаз), шам (кечки намаз) жана куптан (күн баткандан кийинки намаз).

---

[31] Диний суроолор боюнча журналисттер үчүн окуу-куралы, 201 ж., Ош

[32] *Шамиль Аляутдинов.* Как читать намаз // Пять обязательных молитв, http://umma.ru/namaz/pyat-obyazatelnykh-molitv/395-pyat-obyazatelnyx-molitv, кирүү: 05.09.2014 г.

3. Зекет (араб. “тазалануу”) – садага берүү. Ыйык Жазууга ылайык, момун мусулман муктаж болгон адамдарга материалдык жардам көрсөтүшү керек, эгерде анын буга мүмкүнчүлүгү бар болсо. Садага берүү байлыкты такыба кылып жашоо жыргалдарын туура бөлүштүрүүгө жана руханий тазаланууга жетүүгө уруксат берет.

4. Саум – бул баардык мусулмандар үчүн милдеттүү деп саналган ыйык Рамазан айы. Бир ай бою момун мусулмандар өзүнүн физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша күндүзү тамак жана суу ичүүдөн баш тартуулары керек. Орозо 29 күндөн баштап 30 күнгө чейин созулат. Акыркы он күндүн ичинде Кадыр түн келет.

Орозону кармоонун төмөнкү шарттары бар :

- мусулман гана Рамазан айында орозо кармоосу керек;
- жашы толуп, жыныстык жактан жетилген мусулман гана милдеттүү түрдө орозо кармоосу шарт;
- шариатта негизделген орозо кармоого тоскоол болгон себептин болбоосу[33] Рамазан айы бүткөндөн кийин уч күндүк Орозо айт майрамы болот.

5. Хаж (Меккеге болгон зыярат) – мусулмандардын Меккеде белгиленген так бир убакытта аткарылчу жалгыз милдети. Аллахтын үйүнө болгон зыяратты каржы жана ден соолук жаагынан мүмкүнчүлүгу бар ар бир мусулман аткарышы керек. Зыяраттын эки түрү бар : милдетүү жана умра (кичи зыярат). Меккедеги зыяраттын ритуалы Мухаммед пайгамбардын коштошуу зыяратынын ритуалын туурайт.

Исламда жылнамаанын башы болуп 17 август 622 - хижра жылы (пайгамбардын Меккеден Мединага көчкөн жылы) эсептелинет.

Исламдын жактоочулары суннийлер жана шииттер болуп эки агымга бөлүнөт.

### 2.2.2. Суннийлер жана шииттер : окшоштуктар жана айырмачылыктар

Суннийлик – исламдын үстөмдүк кылган агымы. Суннийлер – Мухаммед пайгамбардын жашоо түрүнө негизделген куралдар жана салттардын жыйындысы болгон Суннөттү карманган мусулмандар. Сүннөт Куранды түшүндүрмөлөп толуктап турат. Исламдын салттуу жактоочулары Сүннөтү кармануусу ар бир чыныгы мусулман үчүн жашоонун эң негизги мааниси деп эсептешет. Бул жерде Ыйык китепте жазылгандардын эч кандай өзгөртүүсүз, түздөн түз кабыл алынуусу жөнүндө сөз болууда[34].

Суннийлерден айырмаланып шииттерде пайгамбардын жазгандарын түшүндүрүүгө жол берилет, бирок буну кылганга укуктуу адамдар тарабынан гана. “Шиит” сөзү өзү “жактоочу” же “Алинин партиясы” деп которулат. Араб халифатында Мухаммед пайгамбардын өлүмүнөн кийин бийликти анын тууганы болгон Али бин Аби Талибуга өткөрүп берүүнүн жактоочулары өздөрүн дал ушинтип аташкан. Алар Алинин пайгамбардын жакын тууганы жана окуучусу катары халиф болууга ыйык укугу бар деп эсептешкен.

Бөлүнүү Мухаммед пайгамбардын өлүмүнөн кийин дароо эле башталган. Халифаттагы бийлик үчүн болгон күрөшүү акырында Алинин 661-жылында өлтүрүлүшүнө алып келген. Анын уулдары Хасан жана Хусейн дагы өлтүрүлгөн. Хусейндин 680-жылындагы Кербела шаарындагы (азыркы Ирак) өлүмү азыркы күнгө чейин шиитер тарабынан тарыхый масштабдагы трагедия катары кабыл алынат[35].

---

[33] *Мухаммад-Амин Магомедрасулов,* Пост месяца Рамадан – обязанность верующего, кирүү: 27 июня 2014 г.

[34] Религиозная и историческая ситуация в Аравии накануне зарождения Ислама // Грандарс.ру, http://www.grandars.ru/college/filosofiya/islam.html, кирүү: 05.09.2014 г.

[35] *Ю.Я. Малюга* // Формирование исламской культуры, Культурология.Москва: Инфра-М, 1999, http://www.countries.ru/library/orient/islam.htm, кирүү: 05.09.2014 г.

Шииттерге караганда суннийлер көп, бирок хаж учурунда баардык пикир келишпестиктер унутулат. Али жана анын балдарынын өлүмүнөн кийин шиитер халифаттагы бийликтин Алинин урпактары болгон имамдарга кайтарылып келиши үчүн күрөшүп башташкан. Жогорку бийлик диний табиятка ээ деп эсептешкен шииттер имамдарды тандоо мүмкүнчүлүгүнүн өзүн кабыл алышкан эмес. Алар имамдарды адамдар менен Аллахтын ортомчулары деп эсептешкен. Суннийлер үчүн мындай түшүнүк туура эмес, анткени алар ортомчулары жок, түздөн түз Аллахка ишенүү концепциясын карманышат. Алардын оюу боюнча имам – бул катардагы диний кызматкер, жалпысынан исламды, тагыраак айтканда Сүннөттү, билгендиги үчүн жамааттын кадыр барккына ээ болгон катардагы диний кызматкер. Шииттердин Алиге жана имамдарга мынча чоң маани беришкендиги Мухаммед Пайгамбардын өзүнө шек келтирүүдө. Сунниттер шииттер исламга тыйуу салынган жаңы нерселерди киргизишкен деп эсептешет, ушундан улам суннийлер менен шииттердин арасында пикир келишпестиктер келип чыгууда.

Ошентип, суннийлер менен шиитердин арасындагы негизги айырмачылык пайгамбарларга болгон ишенимде камтылган. Сунийлер Мухаммед пайгамбарды Аллахтын акыркы өкүлү деп эсептешсе, шиитер Али пайгамбарга сыйынып анын Мухаммед пайгамбардын тууганы болгондугу Али пайгамбардын Аллах тарабынан тандалгандыгынын эң негизги далили деп эсептешет.

### 2.2.3. Исламдын мазхабдары – укуктук мектептери

Мазхаб (араб. “баруу” же “өзүнүн жолун тандоо”) – бул Шариат укугу мектебинин салттуу аныктамасы[36]. Бүгүнкү күндө суннизм багытында төрт мазхаб бар жана алар өздөрүнүн негиздөөчүлөрүнун аттарынан аталат :

- ханафий (имам Абу Ханифа)
- шаафиий (имам Мухаммад ибн Идрис ас-Шаафи)
- маликий (имам Малик ибн Анас)
- ханбалий (имам Ахмад ибн Ханбал).

Шииттер Жафарит мазхабын карманышат.

Мазхаб – бул шариатты тушунуунун жолу же диний-укуктук мектеп. Ал ар бир конкреттуу мисалда кандай чечим алынышы керектигин билиш учун керек. Бир хадисте сыйынуу учурунда колдордун кокурокто, ал эми башка бир хадисте – белдин ылдыйкы жагында болушу керектиги айтылган. Буну бир намаз учурунда айкалыштырыш учун исламдынр укуктук мектептеринин бирин жактоо керек. Демек, мисалы намаздын алдындагы даарат кантип алынышы керек экендигин билуу учун жонокой мусулманга толугу менен Куранды, анын тушундурмолорун жана аталган темадагы баардык хадистерди окуунун кереги жок. Бул ишти анын ордуна откон замандын улуу окумуштуулары аткарып койгон. Алардын аткарган иштеринин маанисин бутундой ислам жамааты тааныган.

Баардык мазхабдар пайгамбарды жактаган окумуштуулардын ойлоруна негизделген. Исламда бул мыйзам ченемдуу корунуш. Жактоочулар оздору шариаттагы кээ бир нерселерди ар кандай тушунушкон. Бул жонундо так билдируулор бар. Укук маселелеринде кээ бир кайчылаш пикирлердин болушу – нормалдуу корунуш. Бул шариаттагы каталар эмес, бул ар кандай тушундүрүү жана чечмелоо. Ар башка укуктук мектебинин болушуна карабастан, маанилуу маселелер боюнча бул мазхабдардын ойлору бир. Негизги мазхаб – мектептердин ишмердуулугу мусулман укугунун кийинки онугуусуно, коомдук жашоонун жаны корунушторун рационалдуу турдо ойлонуп

[36] Имамы четырех мазхабов//Исламский информационный портал, http://www.islam.ru/content/book/646, кирүү: 05.09.2014 г.

чыгуусуна, бир катар абстракттык куралдардын иштелип чыгуусуна жана кээ бир эскирип калган (убакыты отуп кеткен нормалардан) баш тартылуусуна туртку болгон.

Кыргызстанга ханафи мазхабы салттуу келет[37]. Бул мазхаб боюнча мечиттерде намаз окулат, фатвалар чыгарылат, турмуштук жашоодогу ар кандай абалдар каралат. Аймакта чечмелоонун эн чон негизи болуп матуриди акыйдасы[38] саналат.

### 2.2.4. Исламдык секталар

Исламдагы кээ бир агымдарды дин аалымдары жана окумуштуулар секта деп эсептешкен. Исламда секта деп исламдын негиздеринен алыстап кеткен кандайдыр бир ишенгендердин тобу же агым аталат[39]. Исламда плюрализмге жол берилгени менен чектөөлөр бар жана бул чектөөлөрдөн чыгууга тыйуу салынган. Исламда секталар баардык мезгилдерде, кээ бир учурларда тышкы күчтөрдүн таасири менен, болуп келген. Исламдык секталардын көбү тынчтыкты көздөгөн секталар, бирок ошол эле маалда бөлүнүп жарылуу жана дүрбөлөң салуучу деструктивдүү жана экстремисттик агымдар дагы бар.

Теология жаатындагы окумуштуулар деструктивдүү секталардын катарына такфириттер, ахмадиттер, кураниттер, ибадиттер жана башка агымдарын киргизишет[40].

Такфир – бул, мисалы, ваххабизмдин жактоочуларынын ойлорун бөлүшпөгөндөрдүн баардыгын куфр (ишенбөөчүлүк) үчүн күнөөлөө. Жалпысынан, алар, вахаббизмдин жактоочулары, исламдын алгачкы иштөөчү практикасынын жактоочулары болгон фундаменталисттерден турат.

Алардын исламга берген түшүндүрмөсү менен макул болбогон мусулмандар такфирдин эң негизги объекти болушат. Бул жерде белгилей кетчү маанилүү бир нерсе, жөөттөр жана христиандар сыяктуу мусулман эместер такфирдин негизги объекттеринин катарына кирбейт, анткени алар өздөрүнүн тутунган дини үчүн ансыз деле “чыныгы эмес” саналат[41]. Көргөнүбүздөй эле, такфиризмдин максаты салттуу мелүүн исламды тутунган жөнөкөй мусулмандар. Башкача айтканда, такфириттер кафир, “чыныгы эмес” деп ваххабизмдин жактоочулары тарабынан эң туура деп эсептелинген исламдын түшүндүрмөсүн тутунбаган мусулмандарды аташат. Мындай абалда күфр же ишенбөөчүлүк менен айыпталган мусулмандар дининен адашкандар деген статуска ээ болушат[42].

Ахмадиттер – өзүндө индуизм, христианчылык жана исламдын негиздерин камтыган секта. Эң негизгиси, мусулмандык дүйнө ахмадиттерди кабыл албайт, ошондуктан алардын диний ишеними салттуу исламдык догмалардын катарына кирбейт. Кээ бир ойлорго ылайык ахмадиттер мусулман болуп эсептелинбейт[43]. Ахмадиттердин ойлору башынан эле алардын окуусун тантыроо (ересь) деп эсептеген мусулман

---

[37] Ошол жерде
[38] Акыйда – арап тилинде түйүн, ал эми терминологияда ислам ишениминдеги ыймандын чечмелениши, б.а. бир Алланы гана күмөнсүз бардык нерсенин кудайы деп таанып, Анын затына, сыпатына ишеним келтирип жүрөккө түйүп алуу.
[39] *Маликов Кадыр.* Теоретические и практические основы по взаимодействию с мусульманской общиной. Бишкек 2013 г., 78-б.
[40] *Маликов К, Усубалиев* Э Мусульманская община Кыргызстана и политический процесс в стране; подходы к гармонизации отношений между государством и религией.-Бишкек, 2009
[41] *Маликов Кадыр.* Теоретические и практические основы по взаимодействию с мусульманской общиной. Бишкек 2013 г., 80-б.
[42] Ошол жерде, 86-б.
[43] В Пакистане толпа сожгла женщину из секты ахмадитов и двух ее внучек // Информационное агентство «Newsru.co.il», 28.07.2014, http://newsru.co.il/world/28jul2014/mob476.html; Сектанты-ахмадиты объявили казанцам о приходе Махди // Информационное агентство «Islam-today», http://m.islam-today.ru/islam_v_rossii/tatarstan/sektanty-ahmadity-obavili-kazancam-o-prihode-mahdi/, кирүү: 29.12.2014.

коомчулугунун кыжыры жана сын пикирине кабылып келген болчу. Ахмадия агымы 1889-жылы пайда болгон. Негиздөөчүсү аялдарга жана эркектерге тең укуктарды "тартуулаган" агымдын жактоочулары үчүн акыркы пайгамбар болуп калган Мирза Гулям Ахмад болгон. Агымдын жактоочулары дээрлик баардык мусулман өлкөлөрдө куугунтуктоого кабылып, аларга өздөрүнүн культтук курулуштарын мечит деп атоого, ошондой эле исламдык терминологияны колдонууга тыйуу салынган.

Кураниттер – Мухаммед пайгамбардын Сүннөтүн танган секта. Сектанын окуусунун негизин ар бир адам Куранды пайгамбардын алгачкы чечмелөөсүнө карабастан өз алдынча чечмелей алат деген ой түзөт. Алгачкы куранит секталары 20-кылымда гана пайда болуп, египеттик математик болгон Рашад Халифа Куранда сырдуу белгилер менен жазылган (зашифрованный) математикалык коддорду издеп баштагандан кийин тараган. Ал Куран 19 деген коддо негизделгендиги, буд код сырдуу билдирүүлөрдүн көбөйтүүчүсү болгондугу тууралуу, ошондой эле Курандын кудай тарабынан келип чыккандыгын белгилеген Куранды 19га бөлүгө мүмкүн деген теорияны айтып чыккан. Алгач анын теориясы мусулмандар арасында популярдуулукка ээ болуп, көптөгөн мусулман үгүттөөчүлөр аны таратып башташкан. Бирок ал теория теория бойдон эле калып, кадыр барктуу мусулман аалымдардын сын-пикирине кабылган[44].

Ибадиттер – харижиттердин мелүүн бөлүгүн түзгөн Абдаллах ибн Ибаданын жактоочулары[45]. Ибадиттер 684-жылындагы харижиттердин арасында болуп өткөн бөлүнүүнүн натыйжасында пайда болушкан. Алар Омеяддарга каршы куралдуу күрөштөн баш тартышкан. Бирок 8-кылымдын башында Басрада өздөрүнүн саясий ишмердүүлүгүн активдештиришкен жана алрдыын көптөгөн башчылары Оманга айдалган. Буга карабастан Басра баардык ибадиттердин руханий борбору болуп кала берген. Бул жактан жалпы ибадиттик көтөрүлүштү даярдоо, ошондой эле "бүткүл дүйнөлүк ибадиттик имматты" үчүн эмиссарлар жөнөтүлгөн. 8-кылымдын ортолорунда ибадиттердин көз карандысыз жамаатары түзүлгөн Түштүк Арабия жана Оманда көтөрүлүштөр башталган. Азыркыга чейин ибадиттер Омандын калкынын жарымын түзөт. Ошондой эле ибадиттик жамааттар Ирак, Иран жана Чыгыш Африкада түзүлгөн. Бирок эң чок саясий ийгиликке Түндүк Африкадагы ибадиттер ээ болушкан, себеби алар 8-кылымдын башында эле бул аймактагы бийликти басып алышкан[46].

Ошентип, 6-кылымдан 12-кылымга чейинки доор ислам маданиятынын алтын доору болуп саналат. Исламдын жайылуусунун алгачкы үч кылымынын ичинде негизги диний мектептер түзүлүп алардын укуктук, философиялык жана этикалык жоболору, ошондой эле айырмалары калыптанган. Кеч Омеяддардын жана алардын ордун баскан Аббасиддердин колдоосу менен адабият, чеберчилик, соода, медицина жана география сыяктуу ар кандай илимдер өнүккөн. Араб тилинин куралдары түзүлгөн, сөздүктөр басып чыгарылган, ошондой эле грек жана рим философторунун эмгектери которулган, кыскасы, дин башаламандын жана бөлүнүп жарылууну жеңүүнүн баштапкы жолуна айланган.

[44] Кто такие кораниты? // Исламский информационно-аналитический ресурс «SUNNA-PRESS», http://sunnapress.com/analitika-i-islam/3802-kto-takie-koranity, кирүү 05.09.2014 г.
[45] Хариджиты// Ислам: вопрос и ответ, шейх Мухаммад Салих аль-Мунаджид, http://islamqa.info/ar, кирүү 05.09.2014 г.
[46] Кто такие ибадиты? // Исламский информационно-аналитический ресурс «SUNNA-PRESS», http://sunnapress.com/analitika-i-islam/3802-kto-takie-ibadity, кирүү 05.09.2014 г.

## 3-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ УЮМДАР ЖАНА АГЫМДАР

### 3.1. Исламдык диний уюмдар жана агымдар

### 3.1.1. Катталган исламдык уюмдар жана агымдар

***-Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы***

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы (КМДБ) - республиканын аймагындагы баардык мусулмандарды, мусулмандардын диний уюмдарын, коомдорун, мечиттерин, окуу жайларын, фонддорун жана башка исламдык структураларынын бириктирген жана көзөмөлдөгөн коомдук уюм. Аталган уюм Кыргызстандагы баардык мусулмандардын борбордук уюму болуп саналат жана өлкөнүн баардык облустарында болгон кеңири казыяттар тармагына ээ[47]. Уюмдун ишмердүүлүгүн республикадагы мусулмандардын диний муктаждыктарын канааттандыруу, Ыйык Куран, Мухаммед пайгамбардын хадистери, акыйда, ошондой эле фыкх суроолору боюнча квалификациялуу адистерди даярдоо, чет өлкөлүк диний уюмдар жана алардын борборлору менен байланышуу, диний жана тынчтыкты коргоо маселелери боюнча ар кандай, анын ичинде эл аралык конференцияларды уюштуруу, исламдык диний объекттерди куруу, ошондой эле майрамдык Орозо жана Курман Айт намаздарды уюштуруу жана өткөрүү иштерин жүргүзөт. Мындан сырткары, КМБД мечит жана медреселердин, ошондой эле даават процессин координациялоо, кайрымдуулук иштерин өткөрүү багыттарында иш алып барат. Уюмдун функциясына ажылык процессин уюштуруу маселеси да кирет. КМДБ өз ишмердүүлүгүндө Ыйык Куран, Пайгамбардын сүнөттөрү (хадис-осуяттары), ахлү-сүнөт вал-жамаат акыйда-ишеними жана ханафи мазхабындагы амал-ибадаттар сыяктуу исламдын аруу-асыл баалуулуктарына таянат.

Каржылоо маселесине келгенде КМДБнын кызматкерлеринин айлык маяналары жана уюмдун иш-чарбачылыгына керектелчү каражат облустук казыяттардан түшкөн төлөмдөр, ажылык сапарга чыккан зыяратчылардын ыктыярдуу түрдө которгон кайрымдуулуктары, жергиликтүү жана чет элдик кайрымдуулук фонддордон түшкөн каражаттардан түзүлөт[48]

***-«Адеп Башаты» коомдук прогрессивдүү фонду***

«Адеп Башаты» коомдук прогрессивдүү фонду 2003-жылы Египеттеги Аль-Азхар университеттеринин бүтүрүүчүлөрү тарабынан түзүлүп, бүгүнкү күндө эң активдүү коомдук фонддордун бири болуп саналат.

Фонддун ишмердүүлүгү социалдык жана диний мүнөзгө ээ. Фонд башчылары исламдын улуттук компонентине жана анын баалуулуктарына чоң маани беришкени менен, калк арасында диний аудиторияга дагы, светтик аудиторияга дагы бирдей иш алып барышат. Уюм жакыр үй бүлөлөрдөн болгон дилгирлүү студенттерге стипендия бөлүп берүү, карыларга гуманитардык жардам көрсөтүү, кайрымдуулук концерттерди өткөрүү, бала бакчалардын жана мечиттердин суу менен камсыздоочу системаларын оңдоп түздөө иштерине каражат бөлүп берүү сыяктуу кайрымдуулук иш – чараларды өткөрүү менен алектенет[49].

«Адеп Башаты» фонду менен коомчулук, бизнес структуралар, мамлекеттик уюмдар жана расмий диний коомчулук ортосунда байланыш түзүлгөн. Фонд өзүнүн

---

[47] Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын 2014-жылы кабыл алынган Жобосу.

[48] Муфтияттын тарыхы // Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын расмий сайты, 21.04.2014, http://muftiyat.kg/?q=ky/node/106, кирүү: 29.10.14.

[49] Биз тууралуу // “Адеп башаты” коомдук прогрессивдүү фондунун расмий сайты, 10.01.2014, http://adep.kg/adep_bashaty/1-post1.html, кирүү: 29.10.14.

өнүккөн филиалдар тармагына ээ. Фонддун бүгүнкү күндө Кыргызстандын баардык облустарында филиалдары бар.

Фонд жергиликтүү бизнесмендер тарабынан которулган кайрымдуулук каражаттардын эсебинен каржыланат.

***-Кыргызстан аялдарынын “Мутакаллим” коомдук прогрессивдүү бирикмеси***

Кыргызстан аялдарынын “Мутакаллим” коомдук прогрессивдүү бирикмеси 1996-жылдан баштап ишмердүүлүгүн жүргүзө баштаган. “Мутакаллим*” бирикмеси* Кыргызстандагы, ошондой эле жалпы Борбордук Азиядагы биринчи расмий түрдө катталган исламдык аялдардын уюму. Аталган уюмду негиздөө демилгеси уюмдун жетекчиси Жамал Фронтбек кызына таандык.

“Мутакаллим” мусулман аялдарынын уюму, Кыргызстанда укук коргоо, агартуу, ошондой эле кайрымдуулук мүнөздөрүндө жүргүзөн ишмердүүлүгү менен кеңири таанымал. Уюмдун негизги максаты болуп, мусулман аялдардын укуктарын коргоо эсептелинет. Уюм аялдарды окутуу, аларга үй бүлөдө жана коомдогу өздөрүнун укуктарын коргоону үйрөтүү, коомдо өздөрүнүн ордун жана шариатта туура багытты табууга жардам берүү боюнча иш алып барат. “Мутакаллим” бирикмесинин жетишкендиктеринин бири катары, мусулман аялдарына паспортко хиджаб менен сүрөткө түшүүгө уруксат берилгенин белгилеп кетүүгө болот. Мындан тышкары, уюм ислам динин жана таза жашоо түрүн (мисалы, ВИЧ/СПИДди алдын алууну) пропагандалоо, ошондой эле социалдык мүнөздөгү ар кандай кайрмдуулук акцияларын өткөрүү жаатында ишмердүүлүк жүргүзүзөт. “Мутакаллим” коомдук бирикмеси өлкөнун баардык облустарында бар болгон филиалдар тармагына ээ.

***-“Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштарынын ассамблеясы” диний уюму***

“Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштарынын ассамблеясы” диний уюму 1974-жылы Сауд Арабиянын Падышасы Файсал ибн Абдулазиздин демилгеси менен түзүлгөн[50].

Уюмдун негизги максаты дүйнөнүн баардык булуң-бурчтарындагы муктаж адамдарга гуманитардык жардам көрсөтүү болуп саналат. Кийинчерээк аталган уюмдун баш катчысы Салих аль-Ухиббинин жетектөөсүнүн алдында дүйнөнүн 75 өлкөсүндө өзүнүн өкүлчүлүктөрүн жана кеңселерин ачуу менен өзүнүн ишмердүүлүгүн кеңейткен.

Борбордук Азия боюнча “Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштарынын ассамблеясынын” өкүлчүлүгү бир гана Кыргызстанда бар. Аталган уюмдун республика аймагында эктремисттик жана радикалдуу ишмердүүлүгү байкалбагандыктан, мамлекет тарабынан тыюу салынган эмес. Уюмдун өкүлчүлүгү 2000-жылы Бишкекте ачылган күндөн тартып, өлкөдө диний жана коомдук ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө.

***-“Ыйык биримдик” (Нурчулар)***

“Нурчулар” - Биринчи дүйнөлүк согуштан көп өтпөй Турцияда белгилүү ислам аалымы Саид Нурси (1876-1960) тарабынан түзүлгөн диний кыймыл. Саид Нурси Куранга карата бүткүл ислам дүйнөсүнө таанылган өзүнүн оригиналдуу түшүндүрмөлөрүн жазган. Ал түшүндүрмөлөрдүн негизинде,Саид Нурсинин көзү өткөндөн кийин, анын шакирттери “нурчулар” кыймылын түзүшкөн[51].

Аталган кыймылдын идеологиясы салттуу, бирок модернизацияланган суфий багытындагы исламдын пацифисттик түшүнүгүндө негизделген. Алардын идеологиясы светтик билим берүү системасы жана социалдык программалар аркылуу жайылат. 90-

[50] «Не жалеющая помощи Ассамблея» // газета “Айбат”, 11.01.14

[51] *Маликов К.*, “Мусулман жамааты менен иш алып баруу боюнча теориялык жана практикалык негиздер”, Бишкек, 2013, 73-б.

жылдардын баштарынан бери “нурчулар” агымынын миссионерлери тарабынан ар кайсы өлкөлөрдө 500дөн ашык расмий түрдө светтик деп эсептелген окуу жай түзүлгөн.

Кыргызстанда “нурчулар” кыймылынын уюму катары Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында катталган “Ыйык Биримдик” диний уюму иш алып барууда. Аталган уюмдун ишмердүүлүгү ыктыярдуу башталышта исламдын руханий баалуулуктарын тутуу, окуп үйрөнүүнү жана таркатууну, диний адеп-ахлактарды жана диндик каадаларды өсүп келе жаткан муундарга диний-руханий тарбия берүү үчүн аткарууну калаган мусулмандарды бириктирүүнү, жарандардын дин тутуу эркиндигин ишке ашырууну жана уюмдун мүчөлөрүнө жана исламга ишенген башка мусулмандарга карата соопчулук ишмердикти жүргүзүүгө багытталган[52].

Ошондой эле аталган кыймылдын тарапташтары агартуу жана жогорку билим берүү тармагын өнүктүрүү боюнча ишмердүүлүк жүргүзүшүүдө. Өлкөдө Эл аралык “Алатоо Ататүрк” университети, бир катар “Себат” түрк лицейлеринин тармагы иш алып барууда. Бул окуу жайларда батыш системасына ылайык светтик билим берилет. Билим берүү кызматтарын тартуулаган “Нурчулар” кыймылынын тарапташтары өздөрүн диний кыймыл жана диний уюм катары көрсөтүшпөгөнү менен алардын “Нурчулар” кыймылынын лидерлеринин бири болгон Мухаммед Фетхуллах Гүлен менен байланышы болгондогу байкалууда.

**3.1.2. Катталбаган исламдык уюмдар (агымдар)**

***-Салафийлер***

Салафизм - ислам тарыхында кээ бир дин кызматкерлерин бириктирген ар түрдүү мезгилдеги жаңы колдонууга киргизилген баардык нерселерди коркунучтуу деп баалаган диний агым. Аталган агымдын өкүлдөрү алгачкы мусулман жамаатынын жана ошондой эле такыба халифтердин жашоо түрү менен ишенимин кабыл алууга, кыйшаюусуз монотеизмди сактоого чакырышат[53].

Салафийлер (салафизм ишенимин тутунгандар) менен салттуу дин өкүлдөрүнүн арасында ар түрдүү талаш-тартыштардын болгондугуна карабастан, кээ бир учурларда салафий кыймылынын болушу илимий талаш-тартыштардын алкагында теологиялык жана укуктук ойдун өнүгүшүн, салттуу дин адамдарынын далилдик базасын чыңдоого атаандаштык шартты түзөт. Салафизмдин башка ишенимдерден (ашария, матуридия) болгон негизги айырмалары төмөнкүлөр: матуридия жана ашария ишенимдерине ылайык Куранды чечмелөөдө акыл жана рационализмди колдонуу мүмкүн, ал эми салафизм окуусу боюнча алар колдонулбастан, Куранда жазылгандар нерселер кандай жазылган болсо, ошол бойдон кабыл алынып, өткөн кылымдарда кандай аткарылса, дал ошондой аткарылышы керек

Илимий талаш-тартыштын алкагындагы аша чаппаган багыттагы салафизм, жакынкы келечекте Кыргызстандын коопсуздугу үчүн түздөн - түз коркунуч келтирбейт. Бирок салттуу исламды тутунгандарды ыймансыз (такфир) же адашууда деп айыптап, жихадга үндөгөн радикалдуу багыттагы салафизмдин башка агымдары, салттуу ислам үчүн абдан коркунучтуу болуп эсептелинет.

Кыргызстандын аймагында салафизм агымынын өкүлдөрү диний уюм катары каттоодон өткөн эмес.

***-Таблиги жамааты***

---

[52] Караңыз: “Ыйык Биримдик” диний уюмунун Жобосу.

[53] *Маликов К,* “ Мусулман жамааты менен иш алып баруу боюнча теориялык жана практикалык негиздер”, Бишкек, 2013, 81-б.

“Таблиг жамааты” же “дааватчылар” (кыймылдын Кыргызстандагы дагы бир аталышы), - 1926-жылы Индияда суфий орденинин өкүлү шейх Маулана Мухаммад Илияс тарабынан уюшулган диний кыймыл. Кыймылдын башкы максаты катышуучулардын жардамы менен исламда адамдардын кеңири массасынын деңгээлиндеги диний жандануусун ишке ашыруу жана социалдык жана экономикалык статусуна карабастан баардык мусулмандарга аларды исламдын Мухаммед пайгамбар көрсөткөн амалдарына (диний практикасына) жакындатуу максатында кайрылуу (даават)[54].

Кыргызстанда, тагдыры татаал адамдардын (абактан бошонуп чыккандар, ичкиликти таштоону каалагандар ж.б.) дааватка баруулары байкалууда. Мында, “Таблиги жамаат” кандайдыр бир кайра калыбына келтирүү башкача айтканда реабилитациялык миссиясын аткарат.Дааватчылардын (“Таблиги жамааттын” жактоочуларынын) дарегине көп сын айтылууда. Мисалы, эркек кишилердин даватка кеткенде алардын үй-бүлөлөрүнүн кароосуз калуусу, кээ бир дааватчылардын сабатсыздыгынан улам исламдын принциптеринин жана нормаларынын бурмаланып көрсөтүлүшү, ошондой эле дааватчылардын кээде таза эмес болгон чет элдик кийимден турган сырткы көрүнүшү сыяктуу сындар. Акыркы убактарда аталган маселелер дааватчылардын улуттук кийим кийүүлөрү [55] жана даватка чыгаардан мурун үй-бүлөлөрүн материалдык жактан камсыздап кетүү керектиги жөнүндө кабыл алынган чечимдер аркылуу ирээтке келтириле баштады.

Бирок бүгүнкү күндө аталган кыймылдын кээ бир жактоочуларынын диний билиминин төмөндүгүнөн жана амбицияларынын аткарылбай калгандыгынан улам “Таблиги жамааттын” жактоочуларырын радикалдашуу, ошондой эле экстремисттик жана радикалдуу диний топторго өтүп кетүү учурлары кездешүүдө.

***-Суфий агымы***

Суфийлик түшүнүгү исламда 8–9-кылымдарда келип чыгып, Араб халифатынын өлкөлөрүнө тараган диндик-мистикалык (кереметке, сыйкырга ишенүү) окуу. Суфийлер кудайдын гана бар болгондугун, ал эми айлана-чөйрө жана кубулуштар анын чыгармачылык энергиясы (эманациясы) болгондугуна ишенишет. Ошондой эле алар шариаттын мыйзамдарын кыйшаюусуз аткаруу, жер жүзүнө тиешелүү баардык нерселерден кечип кетүү, кудайды акыл менен эмес, жүрөк менен таанып-билүү керек дешет да, жашоонун эң жогорку максаты - адамдын жанынын мистикалык түрдө кудайга кошулуусу деп жарыялашат. Кудай менен кошулуу экстаз (элирип, өзүн өзү унутуу даражасына жеткен абал) абалында өтөт. Агымдын  жолдоочулары мына ушунда гана адам чыныгы болмушка (хакикатка) жетет деп ишенишет.

Суфийликтин негизги белгилери болуп бул дүйнөнүн жалгандыгын ырастоо, Аллахтын эркине тобокел кылуу, үн чыгарбай ой жүгүртүп сыйынуу жана башкалар саналат. Агым өзүнүн ийкемдүүлүгү жана жумшактыгы менен көчмөн кыргыздардын, казактардын жана түркмөндөрдүн арасында исламдын бекем орун алышына чоң роль ойногон.[56]

Кыргызстандын тарыхында  салттуу исламдын сакталып калышына суфийлердин, анын ичинде накшбандия жана тарикат багытындагылардын салымы чоң. Анткени

---

[54] *Сенюткина О.*, “Внесудебное историко-религиоведческое исследование о “Таблиги Джамаат””

[55]“Дааватчылардын жаңы кийими”, сайт Духовного Управления мусульман Кыргызстана, 01.10.14, http://muftiyat.kg/?q=ky/news/daavatchylardyn-zhany-formasy, кирүү: 29.12.14

[56] *Маликов К.*, “Мусулман жамааты менен иш алып баруу боюнча теориялык  жана практикалык негиздер”, Бишкек, 2013, 79-б.

Советтер Союзу мезгилинде булар аттеистик  режимдин динге болгон кысымынан улам “хужра” ыкмасы аркылуу ислам динин сактап келишкен[57].

***-Сулайманчылар***

Сулаймания Кыргызстандагы салттуу исламга ылайык келген матуридия акыдасы, накшбандия суфий ордени, ханафий мазхабы методдорунда жана инструменттеринде түрк өзгөчөлүгү жана иерархиялык түзүлүшү бар болгон диний кыймыл. Негиздөөчүсү Болгариядан чыккан (шейх) Сулайман Хильми Тунахан (Силистреви) (1888-1959) болгон[58].

Сулайманчылар (“Сулаймания” кыймылынын жактоочулары) Куранды үйрөнүү, жаттоо жана чечмелеп-түшүндүрүү жана араб грамматикасын үйрөтүү боюнча суфий медреселердин жана мектептердин тармагын түзүшкөн. Сулайманчылар жамаатынын ролу жана кадыр-баркы Батыш Европадагы жана Борбордук Азиядагы түрк диаспораларында жыл өткөн сайын жогорулоодо.

Кыргызстанда бул кыймыл экстремисттик, радикалдуу же саясий кыймыл болуп саналбаганы менен диний уюм катары каттоодон өткөн эмес.

***-Исмайылчылар***

8-кылымдын 2-жарымында Араб халифатында пайда болгон жана шиит багытындагы исламдын жактоочулары болгон исмаилиттер тууралуу туура маалыматтар 9-кылымдын аягынан тартып гана сакталып калган.

Исмаилизмдин  окуусу неоплатонизм менен буддизмдин таасири астында калыптанган диний-философиялык системаны элестетет. Бул окууда исмаилизм адамгерчиликке, дүйнөлүк коомчулукка интеграциялоого жана жалпы адамдык маданиятка жакындоого чакырган агым катары мүнөздөлөт. Исмаилиттер адамдар ар кандай диндерди тутунгандары менен, көздөгөн максаттары бир деп эсептешет[59].

Азыркы убакта исмаилиттер дүйнөнүн 25 өлкөсүндө, көбүнчө Африка, Азия, Жакынкы Чыгыш, ошондой эле Батыш өлкөлөрүндө жашашат. 1957-жылдан баштап исмаилиттер жамаатынын имамы (диний башчысы) Карим Ага Хан IV болуп келет. Ал 1967-жылы “Ага Хан” кеңири тармакка ээ эл аралык бейөкмөт уюмун негиздеген. Фонд саламаттыкты сактоону өнүктүрүү, билим берүү, айыл чарба, өнүгүп жаткан өлкөлөрдөн чыккан жаш адистерди профессионалдуу даярдоодон өткөрүү маселелери алкагында иш алып барат. “Ага Хан” фондунун дүйнөнүн 18 өлкөсүндө өкүлчүлүгү бар.

Кыргызстандын  “Ага Хан” фонддор тармагы менен болгон кызматташуусу өнүгүүдө. Бишкекте аталган фонддун бөлүмү, Ош облусунда  курулган Ага Хан атындагы мектеп, ошондой эле Нарын шаарында курулган Борбордук Азия  университети ишмердүүлүгүн жүргүзүшүүдө[60].

***-“Ахмадия” миссиясынын өкүлчүлүгү***

Ахмадия жамааты же кадианизм - 19-кылымдын аягында Пенджабдагы (Индия) Кадиян кыштагынан чыккан Мирза Гулям Ахмад Кадиани тарабынан негизделген саясий-

---

[57] Хужра (араб.-бөлмө) – бөлмө, медреседеги окучулар жана мугалимдер үчүн турак жай. Бүгүнкү күндө дээрлик ар бир айылда кездешүүчү хужра жеке диний окутуу мекептеринин эң тараган түрү болуп эсептелинет.

[58] *M.Hakan Yavuz* “Modernleşen Müslümanlar :Nurcular Nakşiler Milli Görüş ve AK Parti”, Istanbul : Kitap Yayinevi – 90, Insan ve Toplum Dizisi - 22, 196-б.

[59] Исмаилиттер // Уикипедия Ачык энциклопедиясы, 29.01.14, http://ky.wikipedia.org/wiki/Исмаилиттер, кирүү  04.11.14. http://ky.wikipedia.org/wiki/Исмаилиттер

[60]  “Ага-Хан” фондунун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат // Борбор Азия университетинин расмий сайты, http://uca.kg/.

диний кыймыл. Кыймылынын штаб-квартирасы Лондондо (Улуу Британияда) жайгашкан, ошондой эле Хайфада да (Израиль) өкүлчүлүгү бар[61].

Ахмадия кыймылынын окуусу синкретүү (ажыратылбас) мүнөзгө ээ.Ал бир эле убакта мусулмандарга, христиандарга жана башка диндердин өкүлдөрүнө багытталган. Бул окуу Куран жана мусулман (сүннөт) салтына таянганы менен Куранда жазылган кээ бир жерлерди туура эмес деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын жана диний өкүлдөрүнүн маалыматтарына ылайык Кыргызстанда аталган агымдын ишмердүүлүгү мусулмандар арасында теологиялык, конфессиянын ички негизине терең доо кетиргендиги үчүн деструктивдүү мүнөздү алып жүрөт. Кыргызстандагы көптөгөн дин адамдары, Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын атынан расмий түрдө бул агымдын ишмердүүлүгүнө каршы чыгышат. "Ахмадия" мусулман жамаатынын миссиясынын Кыргыз Республикасынын аймагындагы ишмердүүлүгү катталган мыйзам бузуулардан улам, ошондой эле коомдук коопсуздукка жана конфессиялар аралык биримдикке коркунуч туудурганына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2014-жылдын 10-июлунда кабыл алган чечими менен токтотулган[62].

### 3.2. Христиандык диний уюмдар жана агымдар

#### 3.2.1 Катталган христиандык диний уюмдар

***-Орус православ чиркөөсү***

Байыркы Рус мамлекети христиан дининин ордосу болгон Византия империясы менен коңшулаш малекет болгондугу бул диндин жайылышына өбөлгө түзгөн. 863-жылы Улуу Моравия мамлекетинин князы Ростислав өзүнүн элчилерин Византия императору Михаил IIIгө жиберип, императордон христиан динин түшүндүрүү үчүн славян тилин билген епископту жиберүүсүн суранган. Михаил III жана патриарх Фотий, Ростиславдын суранычына кайдыгер мамиле кылып, сураган епископтун ордуна Кирилл жана Мефодий миссионерлерди жиберген. Алардын ишмердүүлүгү динди агартуу иштери менен гана чектелген өздөрүнүн окуучуларын диний мансапка коюсууна укугу жок эле. Алардын миссиясын ийгиликтүү болушунун негизги себептери, алар тарабынан алып келинген славян алиппеси жана негизги диний китептердин славян тилинде жазылгандыгында жатат. Кирилл жана Мефодийдин келиши менен князь Ростислав аларга окуучуларды тандап берип, славян тилине гана эмес, тийиштүү билим да берүүсүн буйруган. Миссионерлерге латын тилинде окутулуп жана кызмат кылып жаткан динди славян тилине өткөрүү тапшырмасы берилген. Алардын миссиясынын убагында славян билиминин негиздери калыптанып, латын тилин сүрүп чыккан. Ошол убакытка чейин чиркөөдө немец миссионерлерден таасирленип динге латын тилинде кызмат кылып келишкен, себеби алар латын, грек жана иврит тилдеринде гана динге кызмат кылууга болоруна ишенишкен. Бирок, Кирилл менен Мефодий славяндардын да динди өз тилинде үйрөнүүгө укугун бар экендигин коргой алышкан. [63]

Ыйык Сөздө Иса пайгамбардын окуучусу, Андрей Первозванный, Байыркы Рус мамлекетин расмий түрдө чокуунусуна чейин эле, бул жерлерге Евангелистик үгүт иштери менен келип кеткени айтылат. 988-жылы Киев Русунун канышасы Ольганын жана князь Владимирдин чокуунусу менен биргеликте, Рус мамлекетинин расмий чокуунусу болуп өтөт. Ошол күндөн тартып Рус мамлекетинде салтанаттуу храмдар тургузала

[61] *Маликов К.,* "Мусулман жамааты менен иш алып баруу боюнча теориялык жана практикалык негиздер", Бишкек, 2013, 91-б.
[62] КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы
[63] Кирилл и Мефодий, равноапостольные, учители Словенские // Русские святые,, http://www.saints.ru/k/Kirill_i_Mefodii.html, кирүү: 22.07.2014 г.,

баштаган, ал эми XI-к. монастырлар өркүндөй баштаган. Монастырлардын Рус мамлекетинде ээлеген орду аябай чоң болгон, алар адамдардын диний муктаждыктары менен биргеликте алардын билимдерин да толуктап турган борболорго айланган. 1051-жылы преподобный Антоний Печерский Рус мамлекетине афон монахчылыгынын үрп-адаттарын алып келип, Рус мамлекетинин диний жашоосунун борбору болгон атактуу Киев-Печерский монастырын түзгөн. Орус чиркөөсүнүн жүргүзгөн кайрымдуулук иш-чаралары адамдарды боорукерликке жана ырайымдуулукка тарбиялаган. Чиркөө диний китептердин котормосу менен чектелбестен, адабий, тарыхый жана илимий китептерди да которгон. Ошол себептен чиркөөнүн окуучулары тарых, тил тануу, чыгыштануу ж.б. илимдерге өз салымдарын кошуп кетишкен. [64]

1891-жылы 4-май күнү Орус империясынын императорунун жарлыгы менен Ташкент жана Туркестан епархиясы ачылган, ошол күндөн тартып Кыргызстанда провaслав чиркөөсу расмий түрдө түзүлгөн. Ал эми 2011-жылдын декабрь айында Орус православ чиркөөсүнүн Бишкек жана Кыргызстан епархиясы, Ташкент епархиясынан бөлүнүп чыккан. Борбордук Азия аймагында христиан дини, археологиялык изилдөөлөрдөн жана тарыхий жазуулардын негизинде эбак убакыттан бери жашап келгендиги байкалып турат. [65] Православ чиркөөсү жүргүзгөн иш арекеттеринин Кыргызстан үчүн орду аябай чоң, себеби алар адамдардын диний жактан кам көрүү менен эле чектелбестен, кайрымдуулук жана билим берүү иш-чараларын да өткөрүп келүүдө.

2014-жылдын январь айына чейин, КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын каттоосунан 49 храм өткөн, ошондой эле кайрымдуулук менен алектенген диний окуу жайлар да бар.

***-Католик чиркөөсү***

Католик чиркөөсү өз ишмердүүлүгүн 1054-жылы христиан дининин расмий турдө православ (ортодокс) жана католик чиркөөлөрүнө бөлүнгөн убактан баштайт. Батыш чиркөөсүнүн Оротодокс Чыгыш чиркөөсүнөн айырмаланып тургандыгы, христианчылыктын алгачкы жылдарында эле байкалган. Бөлүнүү бүгүнкү күндө дагы кездешкен православ жана католик чиркөөлөрүнүн ортосунда кээ бир көз караштардын дал келбестигинен улам пайда болгон. Дүйнөлүк православие бир катар көз карандысыз чиркөөлөргө бөлүнгөн, ал эми католицизм кардиналдардын чогулушунда өмүрүнүн аягына чейин шайланган Рим папасы тарабынан жетектелген бирдиктүү чиркөөдөн турат. Православдар жана католиктер бир-биринен башкача чокунушат, ыйык рухтун ролун, ошондой эле католицизмде Дева Мария деп, ал эми православиеде Богородица деп аталган Иисус Христостун энесин бирбиринен башкача кабыл алышат. Православ жана католик чиркөөлөрүндө сыйынуулар окшош, бирок сыйынуунун ырым-жырымдары бири-биринен айырмаланып турат. [66]

Кыргызстанда католицизм жактоочуларынын саны көп эмес жана Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын 1-январына карата берилген маалыматына ылайык, өлкөдө 4 приход жана 1 миссия менен көрсөтүлгөн.

***-Лютерандар***

Лютеранчылык (негиздөөчүсү Мартин Лютердин атынан улам) протестантизм түшүнүгүнүн өзүнүн ата-бабасы болуп эсептелинет. Протестантизм термини

---

[64]*В. Духопельников.* Крещение Руси,Харьков : Изд-во Фолио,2009 г.

[65]Средневековые города Чуйской долины// AsiaMountains, http://asiamountains.net/ru/tours/day-tours/ald-cities/, кирүү: 27.07.2014 г.,

[66] *М. Поснов*, История христианской церкви//Отличие православия от католицизма, http://thedb.ru/items/Otlichie_PRAVOSLAVIYA_ot_KATOLICIZMA/, кирүү: 23.07.2014 г.,

лютерандардын Шпайер шаарындагы нааразылык көрсөтүүлөрүнөн кийин пайда болгон. Лютерандар өздөрүнүн тарыхын 1517-жылдын 31 октябрында католик кечили Мартин Лютер, чиркөө кыянатчыларына каршы 95 тезисти чыгаруу убагынан баштап эсептешет[67]. Ал жаңы конфессияны түзүү максатын көздөгөн эмес. Ал католик чиркөөсүндө болгон сенек ынанымдардын каталарынан тазалоону мажбур кылган. Жыйынтыкта, католик чиркөөсү аны еретик деп эсептеди. Лютерандар чокунуу жана кудайдын денеси, каны деп ооз тийгизилүүчү нан жана вино сырларын кабыл алып, чиркөө иерархияны моюнга алышпайт (пастордун жөнөкөй адамдан айырмаланышы анын кудайга сыйынуу билими жана тажрыйбада турат). Ошондой эле, алардын пикири боюнча, лютеранчылык-жаңы дин эмес - бул башталышка кайтып келүүсү[68].

2014-жылга Кыргызстанда 20 лютеран чиркөөсү каттоодон өткөн. Өлкөбүздө лютеран жолун жолдоочуларына, СССР убагында депортацияланган немецтер кирет.

***-Евангелистик христиан-баптисттеринин бирикмеси***

Баптизм - грек тилинен чокундуруу деген сөзүн түшүндүрөт. Баптизм-протестантизмдин көптөгөн багыттарынын бири болуп, бойго жеткен адамды өз калоосу менен чокундуруп, христиан динине ишенгендерди чакырат. Жаңы төрөлгөн ымыркайды чокундуруусун кабыл албайт. Көптөгөн протестанттардай, баптисттер бир гана Библияны ыйык китеп катары кабыл алып, диний жана күнүмдүк жашоодо колдонушат. Баптисттердин биринчи коомчосу 1609-жылы Амстердамда түзүлгөн. Баптисттер өз ишмердүүлүгүн өз алдынча коомчолор болуп, жүргүзүшөт. Алардын башында бүт бойдон бийликке ээ болбогон пастор турат. Чоң маанилүү суроолор динге ишенүүчүлөрдүн жыйналышына чыгарылат. Евангелистик христиан баптисттердин бирикмеси деген атка 1944-жылы өзүнүн көз караштары менен тең болгон евангелистик христиандар менен бириккенден кийин эсептелинген. [69]

Кыргызстанда баптисттердин ишмердүүлүгү 1907-08ылдары башталып, немец улутундагы үй-бүлөлөрдө колдонулган. КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан 2014-жылга 50 сыйынуу үйү каттоодон өткөн.

***-Жетинчи күндүн адвентисттери***

Адвентизм - латынчадан “adventus” сөзүнүн “келүү” деген маанисин билдирет. Жетинчи күндүн адвентисттери - протестантизмдин жаш багыттарынын бири. Анын башка протестандык багыттардан эң чоң айырмасы – Иса Пайгамбардын жакын арада болуп эсептелинет. Алар ошондой эле ишемби күндүн ыйыктыгына ишенип, аны кудай жана бири-бири менен маектешке турган, тынчтык жана өзгөчө сыйынуу күнү катары кабыл алышат. Адвентисттер жандын түбөлүккө жашай тургандыгы жана ишенбегендер үчүн түбөлүк азап жөнүндө окууну кабыл алышпайт. Алардын оюу боюнча күнөөкөр Кудайдын сотунан кийин биротоло каза болушат. Жетинчи күндүн адвентисттери баптист топтордун арасында 19-кылымда жаралган. Доктринанын пайда болуусуна жазуучу Е. Уайт чоң салымын кошкон. Ал ичимдикке, тамекиге, бангизатка, психотроптук заттарга, ошондой эле чочко, коён, кескелдириктин, зоол болбогон жаныбаралардын этин жегенге тыюу салган. Ошондой эле Е. Уайт күнөмдүк жашоодо сунушталбаган азыктардын тизмесин түзгөн. Ал азыктарга: жумуртка, катуу сырлар, чай, кофе жана башкалар кирет.

---

[67] Лютеранство//Википедия, https://ru.wikipedia.org/wiki/Лютеранство, кирүү: 23.07.2014 г.;
В.Н. Васечко, Вероучение протестантских исповеданий Лютеранство,
http://azbyka.ru/knigi/vasechko_sravnitelnoe_bogoslovie_21-all.shtml, кирүү: 22.07.2014 г
[68] Лютеране// Энциклопедия Кольера, Изд.Открытое общество, 2000,
http://dic.academic.ru/dic.nsf/enc_colier/5605/ЛЮТЕРАНЕ, кирүү: 13.11.2014 г.
[69] *Р. Торбет*, История баптизма, перевод г.Одесса (ориг. RobertG. Torbet. «A History of the Baptists». Chicago - Los Angeles: The Judson Press, 1952).,ОдесскаяБогословскаяСеминария,1996,
http://krotov.info/libr_min/19_t/or/bet.htm, кирүү: 12.11.2014 г.,

Бирок динге ишенген адамга табигаттын үлгүсу катары вегетериандуулукту койгон. Башкаруунун негизги органы “Генеральная ассоциация” деп аталат. Анын башында 5 жылда бир жолу тандалган Президент турат. Негизги өлкөлөргө “Башкы ассоциация” менен башкарылган “Башкы конференция” деген уюму бар.

Кыргыз Республикасында адвентисттер 20-кылымдын башында пайда болушкан. 2014-жылга өзүнүн курамында 30 чиркөөнү жана 1 окуу жайды камтыйт.

***-Элүүнчүлөр (Пятидесятники)***

Элүүнчүлөр - АКШда ХХчы кылымда келип чыккан протестантизмдин жаш багыттарынын бири болгону менен натыйжада харизмат окуусу болуп саналат. Бул агымда негизги маани ыйык рух менен чокунууга берилет, анткени ал түшкөн убагында динге ишенүүчү ыйык рухтун бүткүл күчүн алат. Кээ бир ишенгендердин жаңы бир канат пайда болуп, жөнөкөй эл башка тилдерде сүйлөп, ар кандай оорулардан айыгат. Кээде бул процесс ар түрдүү эмоциялар менен толукталат. Элүүчүлөрдн ой-пикири боюнча бул эмоцияларды өз кезегинде, Иса Пайгамбар элүүнчү күнгө кайра жаралгандан кийин, апостолдор деле сезишкен. Ушул күн “пятидесятница” деп аталышы үчүн бул агымдын аты деле “пятидесятники” болуп жарыяланган. Протестанттардын көбүнчөсү алар Иса Пайгамбардын жакынкы келүүсүнө жана акыр заманга ишенишип, армия жана согуштарга катышпайт.

Кыргызстанда 56 чиркөө жана диний агымдар каттоодон өткөн.

***-Харизматтар (грекчеден χαρισμα — кут, береке, ыроо)***

Харизматтар – булар негизинен христиан дининин протестанттарынын бир бутагы, бирок католиктердин арасында да бар. Харизматтар элүүнчүлөрдөн бираз айырмасы эле болбосо жалпы жонунан окшош кетишет. Харизматтардын айырмасы, алар эркинирээк жана заманга ылайык болушат. Сыйынуу учурунда чоң залга топтолушуп пастор үгүт-насаатын окуйт. Аны угуп жаткан жыйындын катышуучулары сыйкыр күчү бар ырларга окшош нерселерди айтышып транска түшүшөт, колдорун булгалашат, күлүшөт, жерге кулашат, бирин-бири сүзүп кеткенге чейин барышат. Айрыкча шыпаа, пайгамбарчылык жөнүндө жана башка тилдерде ырдагандары элүүнчүлөргө окшошуп, муну ыйык рухтун мээриминин түшүшү менен түшүндүрүшөт. Негизги диний окуу китеби Инжил, бирок башка протестанттардай өздөрүнчө талкуулашат[70].

2014-жылга Кыргызстанда харизматтардын 43 диний уюму катталган[71].

***-Пресвитериандар (грекчеден πρεσβύτερος — улуу, чоң, аксакал)***

Пресвитериандарда, аты айтып тургандай, башчыны (пресвитрди) тандап алуу негизги ролду ойнойт да кальвинизмдин бир агымы катары саналат. Ал эми кальвинизм[72] агымынын пайда болушу 1559-1560-жылдардагы Шотландиядагы протестанттык революция мезгилиндеги Жанн Кальвиндин окуучусу Жон Нокстун иш-аракеттерине таандык[73]. 1560-жылы протестанттардын жеңиши менен, кудай менен элдин ортосундагы

---

[70]Краткая история церкви адвентистов седьмого дня // Адвентисты центральной Сибири –расмий сайт ,http://www.a7d.ru/krist.html, кирүү: 08.11.14 г.;
Церковьадвентистовседьмогодня// Википедия, ,https://ru.wikipedia.org/wiki/Церковь_адвентистов_седьмого_дня, кирүү: 29.10.2014 г.

[71] Пятидесятники и секты харизматического направления//Сектовед,http://www.sektoved.ru/enciclopedia.php?cat_id=28, кирүү 12.11.2014 г

[72] Пятидесятники и харизматы: единство в многообразии// Религия и право, http://www.sclj.ru/news/detail.php?SECTION_ID=191&ELEMENT_ID=1486&print=Y, кирүү 05.11.2014 г.; Харизматическое движение// Википедия, https://ru.wikipedia.org/wiki/Харизматическое_движение, кирүү 23.08.2014 г.

[73]Кальвинизм // Википедия, 09.11.2014 г., https://ru.wikipedia.org/wiki/%CA%E0%EB%FC%E2%E8%ED%E8%E7%EC, доступ 10.11.2014 г.; Мария де

дин кызматчыларын жокко чыгырган жаңы чиркөө уюму түзүлөт. Ушул эле жылы шотланд парламенти тарабынан пресвитериандар ишеними бекитилет. Пресвитериандар өздөрүнө өзгөчө маани берген чокунуу жана тийиштүүлүктөн башкасын, ыйыктарды канондоштурууну жана чиркөөдөгү купуя чокунууну кабыл алышпайт. Башка протестанттардай эле пресвитериандардын сыйынуусу анын жөнөкөйлүүлүгү менен айырмаланат. Маселен, иконалардын, шамдардын, орган музыкасынын, алтарьдын, чырымдын ж.б. жоктугу. Шотландиядагы пресвитериандык уюму мамлекетке баш ийбейт дагы, улуттук макамга ээ болуп Шотландия Чиркөөсү деп аталат[74].

2014-жылга Кыргызстанда пресвитериандардын 38 диний жайы катталган.

***-Жахабанын күбөлөрү***

Жахабанын күбөлөрү (ЖК) – протестант багытындагы диний жамаат. Бул жамаатты 1852-жылы протестант үй-бүлөсүндө туулуп, кичинесинен жергиликтүү чиркөөгө барган Чарльз Тейз Рассел деген адам негиздеген. Рассел 17 жашында христиан дининен көңүлү калып, дүйнө таанууну башка диндерден издей баштаган. Акырында ал адвентисттер менен тыгыз байланышта болот (алардын таасири ЖК айкын байкалат), бирок пикир келишпестиктерден улам алардан да бөлүнүп, өзүнүн журналын чыгара баштайт. Бүгүнкү күндө ал журнал “Күзөт мунарасы” деп аталат. Рессел 1886-жылы теологиялык билими жок туруп, алты томдуу “Жазууларды изилдөө” жеген китеп чыгырыт. Кийин ал китептин жетинчи томун анын теологиялык билими жок шакирти Дж.Ф.Рутерфорд басып чыгарат. Натыйжада бул жети китептин негизинде ЖК диний ишеними түптөлгөн. “Жахабанын күбөлөрү” деген аталышты 1931-жылы Рутефор берген.

ЖК Жахаба деген кудайга ишенишип, жер бетинде алардан башканын баары кыйрап жок болгон акыр замандын эртерек келишин үгүттөшөт. Алар, жамаатынын мүчөсүнө Инжилди окубаганга чакырышып, алар түзгөн китепчелерди гана окууга үндөшөт. Анткени алардын түшүнүгү боюнча Инжилди түшүнүш кыйын. ЖК адепттери көчөгө чыгып миссионердик иш кылаардан алдын ала, атайын мектептердеги профессионалдуу даярдыктан өтүшөт. ЖК өлүм алдында болушса да кан куюуга уруксат беришпейт. Алар тамеки чегишпейт, бирок ичимдиктерди ченеми менен ичсе болот. Алардын кыска мөөнөттүү тарыхында, ар бир келген жетекчиликке жараша дин эрежелери алмаштырылып турган.[75]

2014-жылга карата Кыргыз Республикасынын аймагында жакаба күбөлөрүнүн 41 диний мекемеси каттоодон өткөн.

### 3.2.2. Катталбаган христиандык уюмдар жана агымдар

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматына ылайык Кыргызстан аймагында аталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда эсептик каттодон өткөндөн соң ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жаткан диний уюмдар менен бирге мыйзамсыз түрдө Сайентологиялык чиркөө жана Мун чиркөөсү дагы өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишүүдө.

***-Сайентология чиркөөсү***

Сайентология чиркөөсүн ала турган болсок, 2014-жылы бул уюм тарабынан өзүн-өзү ликвидациялоо боюнча чечими кабыл алынган. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн

---

Гиз,Протестанская революция//Rudata.ru, http://www.rudata.ru/wiki/Мария_де_Гиз_(королева_Шотландии), дкирүү 13.11.2014 г.

[74] Церковь Шотландии, http://rfwiki.org/Церковь_Шотландии,доступ 13.11.2014 г.; Пресвитерианство // Википедия,https://ru.wikipedia.org/wiki/%CF%F0%E5%F1%E2%E8%F2%E5%F0%E8%E0%ED%F1%F2%E2%EE., кирүү 15.11.2014 г.

[75] *Н. В. Порублев*, Организация Свидетелей Иеговы в свете истории и учения Библии, Киев, Издательство Ирпенской Библейской семинарии, кирүү 13.11.2014 г.; Свидетелей Иеговы // Википедия,

аймагында бул биринчи жолу кездешкен мисал. Бирок өзүн-өзү ликвидациялоо аракети, сайентологиянын жактоочуларына адамдын жан дүйнөсүнүн эң сезимтал жактарын камтыган окутуучу семинарлар аркылуу өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү жана катарына жаңы мүчөлөрдү кабыл алууну улантууга эч кандай тоскоол болгон жок. Бул агымдын окуусу руханий жана өздүк өнүгүүгө чакырат. Тыйуу салынган “одитинг” (англ. auditing, латынча audire — «слушать») процедурасы сайентологиянын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Сайентологияда аталган процедура кардар (“преклир”) менен сайентологиялык кеңешчинин (“одитор”) адептти жеке ой-пикиринен, үмүтүнөн жана максатынынан ажыроо сыяктуу  терс кесепеттерге алып барган белгилүү поцедуралар алкагында өтүүчү бетме бет сүйлөшүүсүдөн турат. Адамдар өздөрүнүн жакындарынын бакубатчылыгын ойлоого чакырган бардык ой-пикирлерин жоготушат. Сайентологдор жоопсуздукка жакын болуп калышат, ал эми бул жоопсуздук өз учурунда дайыма фантазиялар менен жашоого алып барат. Алар чын эле келечекте Сайентология чиркөөсү дуйнөнү башкараарына жана буга каршы чыккандардын баардыгы ашыкча сөз колдонбостон тынч жол менен жок кылына турган заман келээрине ишенишет[76].

***-Мун чиркөөсү***

Мун чиркөөсү же Биригүү чиркөөсү – Сеулда (Түштүк Корея) Мун Сон Мен тарабынан негизделген жаңы диний агым. Деструктивдүү секталардын катарына кирет. Биригүү чиркөөсү спиритизмге, б.а. өлгөн ата-бабалардын арбактары менен баарлашууга ишенүүнү колдойт. Спиритикалык ритуалдар руханий дүйнөдөгү өлгөн ата-бабалардын абалын жакшыртуу үчүн колдонулат. 1990 жана 2000-жылдарда Биригүү чиркөөсү Авраам, Ыйык Августин, Будда, Иисус Христос, Конфуций, Муса жана Мухаммед, ошондой эле Карл Маркс, Фридрих Энгельс, Ленин, Сталин, Троцкий, Мао Цзэдун ж.б. саясий лидерлер менен болгон спиритикалык байланыш жөнүндө жар салган. Мындай билдирүүлөр Биригүү чиркөөсүн исламдан жана христианчылыктан алыстатат. 2012-жылдын 24-февралында Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту “чиркөөнүн ишмердүүлүгү Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна каттодон өтпөстөн салттуу эмес диний ойлорду пропагандалоо аркылуу коркунуч туудурууда” деген пикирин Башкы прокуратура билдирген. Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын биргелешкен арызын карап чыгуунун натыйжасында, Биригүү чиркөөсүнүн Кыргызстандын аймагында ишмердүүлүк жүргүзүүсүнө тыйуу салуу жөнүндө чечимин чыгарган. Ушул эле чечим Бишкек шаардык сот тарбынан өз күчүндө калтырылган. 2013-жылдын август айында Жогорку Сот аталган биринчи жана экинчи инстанциялардын Мун Сон Мендин Биригүү чиркөөсүнүн республика аймагында ишмердүүлүк жүргүзүүсүнө тыйуу салуу жөнүндө чечимдерин өз күчүндө калтырып, мындан сырткары «Федерация семей за единство и мир во всем мире» деген аталыштагы муниттердин жашыруун уюму болуп эсептелген коомдук бирикмени ликвидациялоо боюнча чечимин кабыл алган[77].

### 3.3. Иудаист жамааты

1100дөн ашык (2010-жылга карата маалымат) жөөт жашап жаткан Бишкекте дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталган бир синагога өз ишин алып барууда. Кыргызстандын аймагында алгачкы ирет бухаралык жөөттөр Фергана өрөөнүнүн аймагында болжолдуу түрдө 15-к. отурукташкан. 1941-жылдын аягында Бишкекте синагога негизделген.

---

[76] *Стэйси Брукс* Мой взгляд на одитинг, http://theme.orthodoxy.ru/scientology/scientologers_001.html, кирүү: 01.11.2014 г

[77] Религиозная организация «Саентологическая Церковь» в Кыргызстане ликвидирована. 19.05.2014 http://religion.gov.kg/ru/saentol_tserkov.html, кирүү: 11.11.2014 г.

Иудей кайрымдуулук уюмдары ар кандай маалымат-пропагандалоочу программаларды өткөрүшөт, спорт жана өнөр боюнча жаштар клубдарынын демөөрчүлөрү болушат, ошондой эле саламатты сактоо боюнча программаларды илгерилетүү боюнча семинарларды өткөрүшөт. Каржылоонун негизги булагы катары жөөттөр жамааты өзү чыгат[78]

Кыргызстандагы жөөтөр жамааты өз элинин салттарын бекем сактоо менен бирге кыргыз жериндеги этностор жана конфессиялар аралык биримдикти бекемдөөдө катышып келет.

### 3.4. Буддисттер

Кыргызстанда буддизм борбордо катталган Чамсен аттуу бир диний жамаат менен көрсөтүлгөн. Бишкекте Пористин храмы иштейт. Ал жерде мезгил-мезгили менен кореялык монах Пубун Сыним кызмат кылат. Бирок уюмдун өзүнүн ишмердүүлүгүн жергиликтүү жашоочулар жүргүзүшөт.

Тарыхчылардын айтканы боюнча, махаяна багытындагы буддизм арабдардын жортуулуна чейинки 8-к. азыркы Түркменистан, Өзбекистан жана Кыргызстандын аймактарында тараган. Орто Азиядагы Бухара шаарынын аты “вихара” (монастырь) сөзүнөн келип чыккан[79].

Кыргызстанда 6-10-кылымдардагы уйгурлар же батыш түрктөр тарабынан калтырылган буддист монастырларынын калдыктары табылган. Мисалы, Краснореченск шаарында (орто кылымдагы Невакет) боек менен тартылган сүрөттөрдүн жана скульптуралардын баалуу фрагменттери, ошондой эле уктап жаткан Будданын монументалдык статуясы табылган. Чыгышка карай 20 км алыстыкта жайгашкан түрк жетекчилеринин борбору саналган дагы бир орто кылымдык Суяб шаарында буддизмге тиешелүү эстеликтер бар. Ысык-Ата капчыгайынын бир аскасында эски доордун өтө баалуу тарыхый жана маданий эстелиги болгон Будданын 7-8-кылымдардагы сүрөтү сакталып калган[80].

Чамсен буддист жамаатынын башчысы Олег Цойдун айтканы боюнча буддизм – бул дүйнөгө болгон көз караштан дагы кенен бир нерсе, бул жараткандын болбогондугу, буга ылайык сыйынуунун дагы болбогондугу камтылган жашоо философиясы, ал эми окуунун мазмуну адеп-ахлак жана адамдын өзүн өзү алып жүрүүнүн нормаларында жатат[81].

### 3.5. Бахаи ишеними

“Бахаи” ишеними (араб. “даңк, жаркылдоо”) – негизги принциби жалпы адамзаттын бир үй бүлө болгондугу жана адамзаттын тынч дүйнөлүк коомчулугу менен биригүүгө убакыт келгендиги жөнүндө ойдо камтылган көз карандысыз дүйнөлүк дин[82].

Бул жаш диндин негиздөөчүсү персиялык Мирза Али-Мухаммед (1819-1850) болгон. Али-Мухаммед адамдарды бириктирүүчү жараткыч ойдун жоголушун алардын арасындагы улуттук жана диний кастыктын улам келип чыкканын айткан.

Бахаи окуусуна ылайык, тарыхтын ар бир мезгилинин өзүнүн дини болот. Диндин өзүнүн чыгышы жана батышы болот. Диндин батышы учурунда катаалдык жана зордук-

---

78 Рассекреченный отчет о евреях в Кыргызстане(справка, опубликованная на Wikileaks”, 2011-08-26) //“LimonLife”, http://www.limon.kg/news:35311, кирүү: 05.12.2014 г.

79 *Бермет Маликова,*Озаренные светом Луны//Вечерний Бишкек, 10.17.2008 г., http://members.vb.kg/2008/10/17/neot/1.html, кирүү: 05.12.2014 г.

80 Ошол жерде

81 Ошол жерде

82 *Пивоваров Д. В.* Вера Бахаи: учение о прогрессивном откровении // Журнал Сибирского федерального университета. Гуманитарные науки. 2011, с-7

зомбулук колдонулат, себеби элдин талаптарына жооп бере албай калат. Дал ошол убакытта тандалган адамдардын бирөөсүнүн түрүндө Кудайды чагылдырган жаңы бир Пайгамбар пайда болот. Ал адамдардын жашоолорунун жаңы мыйзамдарын ыйык китеп түрүндө ачып берет, ошондой эле өзүнүн кыйналуусу аркылуу жаңыча ой жүгүртүүнүн кабыл алынышына түрткү болот. Баардык диндердин негизин Жараткандын буйругун чагылдыруу максаты түзөт, бирок бир айырмачылык бар : Кудайдын буйругу дүйнө элдеринин интеллект деңгээли жана үмүт-тилектерине ылайык ар дайым өзгөрүп турган адам тилинде чагылдырылып турат[83].

Бахаи ишениминин жактоочууларынын көз карашы боюнча тозок – бул бир бирине бир гана жамандык жасап турган адамдардан турган коом, ал эми бейиш, өз учурунда, адамдардын бир бирине ар кандай түрдө жакшылыктарды жасоого жана жаман ойлордон арылууга чакырган бир курал болуп эсептелинет. Акырет – бул акыр заман эмес эле бүтүп бараткан доордон принципиалдуу түрдөгү жаңы гуманисттик тартипке өтүү процесси болуп эсептелинет.

Бахаизм төмөнкү 7 негизги мүнөзгө ээ :

1. баардык өлкөлөрдүн саясаттарындагы биримдик
2. баардык дүйнөлүк саамалыктарда ой биримдигинин болушу
3. эркиндиктин биимдиги
4. диндин биримдиги
5. улуттардын биримдиги
6. расалардын биримдиги
7. тилдердин биримдиги.

Дүйнөлүк Бахаи борбору Израилдин түндүгүндө жайгашкан Хайфа шаарында орун алган. Аталган борбор бахаисттердин (Бахаи дининин жолдоочуларынын) зыярат кылган жери болу эсептелинет.

Кыргызстанда аталган диний жамааттын жолдоочулары диний көп түрдүүлүк кеңири жайылып баштаган, ошондой эле дин тутуу эркиндиги мамлекеттүүлүктүн ажырагыс бөлүгүнө айланган 90чу жылдарда пайда болушкан. Чет өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына агып кирген миссионерлер Бахаи окуусун коомго интеграциялоо аркылуу жайышкан. Бирок аталган окуу боюнча прозелитизм тыйуу салынган, ал эми Бахаи динине өтүү ойлорду популяризациялоонун табигый бир ыкмасы катары кабыл алынат.

Кыргызстандын аймагында бахаизмдин негиздери Бахаи диний бирикменин жактоочуларынын нацизм жана расизмге болгон терс мамилесин чагылдырган ыр-бийлер аркылуу көрсөтүлгөн. Бул ыр-бийлер баардык этносторду жана конфессияларды биригүүгө үндөгөн.

Кыргыз Республикасынын аймагында 12 Бахаи жамааты өз ишмердүүлүгүн жүргүзүшүүдө[84].

[83] *Ф.Дустдар.* Пер. с англ. и нем. Учение Бахаи. Москва. Изд. «Прогресс — Культура». 1992 г. с-288
[84] Караңыз : Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы, www.religion.gov.kg

# 4-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДА ИШ АЛЫП БАРГАН ДЕСТРУКТИВДҮҮ ЖАНА ЭКСТРЕМИСТТИК ДИНИЙ АГЫМДАР ЖАНА ТЕРРОРИСТТИК УЮМДАР

## 4.1. Деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик уюмдардын мыйзамсыз ишмердүүлүгү жөнүндө негизги түшүнүк

### 4.1.1. Негизги түшүнүк

Бүгүнкү күндө радикалдуу, деструктивдик, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүк кылган уюмдардын ар түрдүү түшүнүктөрү жана аныктамалары бар. Албетте бул кубулушка каршы күрөшүүдө жана анализ кылуудагы теоритикалык жана практикалык мамиле кылууда түздөн-түз байланыш. Ошондой болсо да ушул жааттагы терминдердин кээ бир чектерин белгилей кетсе болот. Мисалы *радикализмди* айтууда, орто же адекваттуу түшүнүктөн айырмаланып бир ишти кабыл алуунун же интерпретациялоонун акыркы чеги болгон сөздүн маанисин түшүнүү керек. Маселен, бир жаран мамлекеттин светтик түшүнүгүнүн кабылдоосунда, бир диний уюмдун ишмердүүгүнө бөгөт койулган жана тыюу салынган катары өзүн диндар адам деп башкалардын пикирлери, коомдогу салттар жана өлкөнүн иштеп жаткан мыйзамдары менен эсептешпей диний жөрөлгөлөрдүн баарын өтө ашынгандык менен аткарып баштаган учурун айтсак болот. Мындай учурду адам өзүнүн акыл-эсине көңүл бурбай жана ортолук, мелүүндүктү кабыл албай ашынган чекке жетет деп айтышат. Бирок, радикалдашуунун деңгээли коомго коркунуч жана мамлекетке кооптуулук жаратып жаратпоосуна жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Адам радикалдуу ойлонуп, бирок ар кандай ашынгандык менен эмес орточо иш-аракет кылса болот. Коом жана мамлекет үчүн, акыр аягы деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүктү алып келүүчү радикалдуу пикирлерди практика жүзүндө ишке ашыруу коркунучу турат. Ушундай жагдайларда, пикирлердин радикалдуулугу идеологиялык негиздерди жана аларды ишке ашырууга умтуулуусун жаратат[85].

Ушуга окшош маанини *фундаментализм* түшүнүгү да берет. Фундаментализм – бул кандайдыр бир окуунун же тажрыйбанын фундаменталдуу (тамырланып, катмарланып калган) негиздерине таянуу. Фундаментализмдин тарапкери болгон адам, ошол окуу же тажрыйба пайда болгон убактан бери кандай болсо ошондой өзгөрүлбөгөн абалында жана салтында болуусу шарт деген түшүнүктө болуп, аны азыркы коомдун абалына жана жагдайына жараша түшүндүрүүдөн алыс болот. Мисалы, бүгүнкү күндө башка окуулардын өнүгүүсүнө негиз болуп калган фундаменталдык илимдерди айтып көрөлү. Бул фундаменталдык илимдер бүгүнкү күндө ал окуулардын классикалык түшүнүктөрүн жана чөйрөсүн өзгөрткөн. Ал эми *диний фундаментализм* туурасында кеп болгондо сөзсүз, диний мыйзамдар (канон) кайсыл убакта пайда болсо, ошол доордун шартында кандай кабыл алынса, ошондой тар көз караште, өзгөрүлгөн кырдаалдарды: акыркы 1000-2000 жыл арасындагы социалдык-маданий, экономикалык, технологиялык жана саясий өнүгүүлөрдү эске албастан кабыл алууну (интерпретация) изилдөө керек. Диндеги мындай кабыл алуу, адамдын жашоо-шартына жана коомдун өнүгүүсүнө каршы туруп, натыйжада мындай фундаменталдуу диний принциптерди иш жүзүнө ашырууда, өлкөнүн иштеп жаткан мыйзамдарынын бузулушуна алып келиши толук мүмкүн.

Экстремизм түшүндүрмөсүн кароодо негизги көңүл, кабыл алынган же ашынган ыкмаларды колдонуу менен, коюлган максаттарга жетүү радикалдык же фундаменталдык пикирлердин практика жүзүндө ишке ашуусуна бурулат. Классикалык түшүнүктө *экстремизм* – күч колдонуу ыкмалары менен коюлган максаттарга жетүү болуп саналат. Бүгүнкү күндө экстремизм тууралуу кеп кылганда, кандайдыр бир максаттарга жетүүдөгү

[85] Радикализм жана экстремизм боюнча тереңирээк караңыз: Орозбек Молдалиев, Ислам и политика: политизация Ислама или исламизация политики…?, Бишкек, 2008, 41-48 беттер.

мыйзамсыз ишмердүүлүк же мыйзамсыз максаттарга жетүүгө багытталган ишмердүүлүк экендиги акылга келет. Натыйжада, *күч колдонулган жана күч колдонулбаган экстремизм* деген түшүнүктөрдү пайда болуп, ал эки түшүнүктө тең мыйзамдын бузулушу байкалат жана юридикалык жоопкерчиликке тартылат.

КМШнын аймагындагы экстремизм түшүнүгүн карасак, анда 2001-жылдын 15-июнунда Шанхайда кол коюлган терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү жөнүндөгү Конвенциядан мисал келтирсек болот. Ал Конвенцияда, "экстремизм – бул күч колдонуп бийликти басып алуу же бийликти басып туруу, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнө күч колдонуп аны өзгөртүү, коомдун коопсуздугуна зыян келтирүү, анын ичинде жогорудагы максаттарды көздөгөн мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөр жана аларга катышкан уюмдардын ишмердүүлүгү болуп эсептелинет."[86]

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 17-августундагы N150 "Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө" Мыйзамынын алкагында, экстремизм ишмердүүлүгүнө төмөнкүдөй түшүнүк берилген:

"1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:

- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;
- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;
- бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алуута же ээлеп алууга;
- мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;
- террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;
- расалык, улуттук же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;
- улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;
- идеологиялык, саясий, расалык, улуттук жүйөөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого уурдап, талап-тоноого;
- динге, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого;

2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө;

2-1) экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого;

3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөө же аталган аракеттерди жасоого;

4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүүгө же аталган аракеттерди жасоого; ..."[87].

*Терроризм* түшүнүгүн кароодо, бул жагдай ар түрдүү түшүнүүлөргө ээ болуп жана жалпы кабыл алынган бир түшүнүгү жок экендигин баса белгилөө керек. Терроризм термини террор – сөзүнөн коркутуу, үркүтүү дегенди билдирип, "кандайдыр бир объектке

---

[86] *О. Молдалиев*, 42 б.
[87] Караңыз: *Кыргыз Республикасынын "Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндөгү" 2005-жылдын 17-августундагы N 150 Мыйзамы,* кирүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1748 05.12.14.

террористтик кадамды аткарууга негизделген күч колдонуу ыкмасы."[88] Демек, терроризм террордун саясаты же тактикасы болуп саналат. Бүгүнкү күндө, саясий мүнөзгө ээ болгон же ээ болбогон максаттары бар, ошондой эле бул жагдайга чет элдик компоненттин тиешеси болгон (максатта, объектте, катышуучуларда же терракт болгон жерде) терроризм, саясий терроризм жана эл аралык терроризм өңдөнгөн түшүнүктөр бар. Терроризм жаатындагы белгилүү англиялык адис Пол Вилкинсон, *саясий терроризмге*, саясий талаптарын ишке ашыруу максатында жеке адамды, адамдар тобун, коомду же өкмөттү коркутууга багытталган системалуу киши өлтүрүүлөргө жана талкалоолорго же киши өлтүрүү коркунучтарына жана талкалоолорго болгон түшүнүктү берет[89]. Жөнөкөй тил менен айтканда терроризм – бул коомду же мамлекетти күч колдонуу жолу менен – "зордоп коркуткан (*coercive intimidation*)" күрөшүү тактикасы. Бул көрүнүштөгү зордук-зомбулукта объект тактalган эмес, анын дуушары ким болсо да болуп калышы мүмкүн. Терроризмдин негизги тактикасы коомдо дүрбөлөң салуу, социалдык-саясий абалды туруксуздандыруу, мамлекетти репрессияга алып барууну күчөтүп мажбурлоо, жана ушул өңүттө куралдуу чыр-чатактын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзүү. Ошондуктан көптөгөн экстремисттик уюмдар өздөрүнүн мүдөөлөрүнө жетүүдө терроризм тактикасын тандашат.

"Экстремизм" жана "терроризм" түшүнүктөрүнөн тышкары *деструктивдүү ишмердүүлүк* түшүнүгү бар. Ал, сөздүн кеңири колдонулган маанисинде адамдын, комдун жана мамлекеттин туруктуулугу менен коопсуздугунун кыйратуусуна багытталган ар кыл мыйзамдуу жана мыйзамсыз иш-аракеттер болуп саналат. Бул түшүнүк чоң мааниге ээ болуп, өзүнө экстремисттик жана террористтик уюмдардын деструктивдүү ишмердүүлүгүн билдирген кеңири пикирди камтыйт. Бирок, көбүнесе иш жүзүндө, экстремизм жана терроризм деңгээлине жете элек социалдык-саясий абалды туруксуздандырган зордук-зомбулуксуз ишмердүүлүк катары түшүндүрмө берилип келет. Маселен, сот чечимдеринде деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик уюмдар катары тыюу салуу жөнүндөгү негиздемелерде айырмачылыктар бар. Ушуга байланыштуу, Кыргызстанда дин чөйрөсүндөгү жаңы кабыл алынган Концепциянын алкагында *деструктивдүү диний уюмга* төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилген: "деструктивдүү диний уюм – бул иши диний жүйөө боюнча жасалган уюм жана ал адамдын жана жарандын негиз болуучу укуктары менен эркиндиктерине, коомдо орун алган жаратуучу каада-салттарга жана ченемдерге жана коомдун бүтүндүүлүгүнө коркунуч жаратат"[90].

### 4.1.2. Кыргызстандагы деструктивдүү жана экстремисттик диний ишмердүүлүк

Кыргызстанда айрым диний уюмдардын, кыймылдардын жана жеке адамдардын дин жаатындагы саясатташуусу, белгилүү бир саясий максатты көздөөдө. Мисалы, шайлоо алдында динди курал катары колдонуп, шайлоочулардын добуштарынан упай топтоо, ошондой эле коомдук талаш-тартыш маселелерде диний жана салттык темалар менен элдин көңүлүн өзүнө тартууда айкын байкалат.

Деструктивдүү жана экстремисттик уюмдардын саясий, экономикалык, криминалдык жана башка кызыкчылыктар менен максаттарды көздөгөн, өлкөнүн жана анын жарандарынын коопсуздугуна коркунуч туудурган, жада калса мамлекеттин конституциялык түзүмүнө доо кетирген ишмердүүлүгү байкалууда. Диний уюмдардын жана кээ бир жарандардын деструктивдүү ишмердүүлүгү кайрымдуулук, окутуучу же башка социалдык жактан маанилүү ишмердүүлүк менен жамынып аткарылууда жана кээ бир жарандардын, коомдун жана жалпысынан мамлекеттин жашоо тиричилигине

---

[88] *Молдалиев*, 43 б.
[89] *Paul Wilkinson*, Terrorism and Liberal State, Second Edition, London, Macmillan Education LTD, 1986, s. 51.
[90] *2014-2020жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы.*

коопсуздук туудурганы менен, белгилүү бир этапта экстремизмдин жана зомбулуктун белгилерин камтыбайт[91].

Ушул сыяктуу деструктивдүү жана экстремисттик кыймылдардын колдонгон пропаганданын ыкмалары өзүлөрүндө калктын эң алсыз болгон катмарына таасир тийгизүүчү мыйзамсыз жолдорун колдонот. Өлкөнүн жаш, өзгөчө социалдык жактан калыптана элек жарандары коркунучтуу топторго киришип, радикалдуу экстремисттик ойлорго кабылып калышат. Көзөмөлсүз, ар кандай жолдор менен чет өлкөдөгү исламдык окуу жайларга чыгып кетип жаткан жаштардын санынын өсүшү өзгөчө тынчсыздандырат. Алардын кээ бирлери, экстремисттик уюмдардын иш аракеттерине кабылып калышууда. Алар Кыргызстанга кайтып келген соң, жогорууда аталган кыймылдардын идеологиясынын ташуучулары жана таратуучуларына айланышууда.

Деструктивдүү жана экстремисттик кыймылдардын ишмердүүлүгүн белгилөө кыйынчылыгы, Кыргызстан аймагында көмүскө иш алып барып жаткан жана каттоодон өткөн башка уюмдар аркылуу сырттан көзөмөлдөнүп тургандыгында. Алар жашыруун жамааттардын тармагын түзүшүп, өздөрүнүн байланыш жана маалымат каналдары, анын ичинде интернет, ар кандай жергиликтүү социалдык структуралар жана уюмдар аркылуу өз иштерин жүргүзүшөт. Мындай шарттар, мамлекеттик органдардан алар үчүн “көрүнбөстүктү” жаратып, элдин күнүмдүк турмушуна кирип алардын аң-сезими менен жеңил башкара алышат.

Көптөгөн диний экстремисттик уюмдар негизинен жаштарды жана аялдарды үгүттөшүп, коомдук туруктуулукка жана коопсуздукка, экономиканын өнүгүшүнө, коомдун салттуу баалуулуктарынын руханий турмушуна коркунуч туудурат. Радикалдуу жана экстремисттик диний пикирлер, өлкөнүн талылуу аймактары болгон альтернативдүү маалымат булактары, начар светтик билим берүү, чектелген экономикалык ишмердүүлүк жана социалдык коргоо мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле алдын алуу иштери жетпеген жерлерге кулачын жайышып жатышат.

2003төн 2004-жылга чейин Кыргыз Республикасынын ар кайсы инстанциядагы соттору менен төмөндөгү террористтик жана деструктивдүү уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынган: «Аль-Каида», «Талибандар» кыймылы, «Чыгыш Түркстан Ислам кыймылы», «Күрт элдик конгресси» («Конгра-Гель»), «Чыгыш Түркстанды бошотуу кыймылы», «Хизб-утТахрир аль Ислами», «Жихад жамааты» («Ислам жихадынын биримдиги»), «Түркстан ислам партиясы» («Өзбекстан Ислам кыймылы»), «Жайшуль Махди», «Джундуль Халифат», «Ансаруллох», «Ат-Такфир Валь-Хиджра», Мун биргелешкен чиркөөсү, «Акромия»[92].

### 4.2. Тыйуу салынган деструктивдүү уюмдар

#### 4.2.1. Мун чиркөөсү

Мун сектасы Түштүк Кореянын борбор шаары Сеулда 1954-жылы Мун Сон Мен тарабынан түзүлдү. Андан бери бир канча ондогон жылдарды 5 миллиондон 7 миллионго жакын мүчөгө жеткендиги айтылат. Орусия, Франция, Германияда жана башка өлкөлөрдө, бир топ илим изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде, секталарга каршы кыймылдардын пикиринде Мун чиркөөсү деструктивдүү жана тоталитардык секта катары кабылданат. Мунчулардын ишениминде Мун Сон Мен Кудай тарабынан Исанын кайрадан жер жүзүнө кайтып келишинин кейпин кийген куткаруучу машайык деп саналат[93]. Мун сектасынын чиркөөсү “Бирлик чиркөөсү” деп аталат. Мун сектасынын доктринасы синкреттик мүнөздө христиандык, жахабалык, шаманизм, мистицизм, оккультизм сыяктуу бир канча

[91] Ошол жерде
[92] КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын сентябрь айындагы маалыматы.
[93] Церковь объединения, https://ru.wikipedia.org/wiki/Церковь_Объединения

диний ишеним менен бирге чыгыш диндеринин элементтерин камтыйт. “Бирлик чиркөөсүнүн” спиритизм ишеничинде улуу пайгамбарлар жана саясатчылардын рухтары менен байланыш түзүп турушкандыгына ишендирүүгө аракет кылышат. Бул анын Исламдан жана христиандыктан алыс ишенич экендигин билдирет. Мун чиркөөсүнүн дүйнө жүзүндө көптөгөн каржылык жана экономикалык иш чараларды жүргүзүп келүүсү кооптонууну жаратат.

Орусия Илимдер академиясынын философия институтунун дин философиясы бөлүмүнүн ага илимий кызматкери Е. Балагушкин Мун сектасын ашынган аскердик идеологияга ээ диний радикализм багытындагы секталардын катарына кошот [94] . Илимпоздун пикиринде мындай секталардын максаты дүйнөлүк коммунизм менен күрөшүү болуп саналат. Коммунизм үчүнчү дүйнөлүк согушка себеп боло турган шайтан катары кабылданат. А. Дворкин, Л. Семенов сыяктуу эксперттер Мун сектасын деструктивдүү культ катары баалашкан Европа парламентинин чечиминде бул сектанын коомго зыяндуу экендигин жана өкүмөттөрдүн ага жеңилдиктерди бербеши керектигин билдирген. Анын мүчөлөрүнүн сырдуу өлүмдөрү тууралуу маалыматтар бар[95].

Мун сектасы Кыргызстанда Адилет министрлигинин каттоосунан коомдук уюм катары өтүү менен иш жүргүзүп келген. Ал эми диний уюмдар ишмердүүлүгүн жөргүзүү үчүн Мамлекеттик дин комиссиясынын каттоосунан дагы өтүшү керек. Ошондуктан, Свердлов райондук соту тарабынан 2012-жылдын 24-февралында салттуу эмес диний идеяларды мыйзамдан тышкары жайылтуу ишин жүргүзгөндүгүнө байланыштуу Бирлик чиркөөсүнүн Кыргызстанда ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. 2013-жылдын август айында Жогорку сот биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун “Мун Сан Мендун бирлик чиркөөсүнүн” ишмердүүлүгүнө тыюу салуу тууралуу чечимдерин күчүндө калтырган жана мунчулардын тымызын уюму “Дүйнөдө бирлик жана тынчтык үчүн үй-бүлөлөрдүн федерациясы” коомдук уюмун ликвидациялоо чечимин кабыл алган.

### 4.2.2. Саенталогия Чиркөөсү

Саенталогия чиркөөсү Л. Рон Хаббард тарабынан 1950-жылдары түзүлгөн ишенимдер жана амалдар жыйыны болуп саналат. Психиатриянын теорияларын жана дарылоо ыкмаларын колдонууну аркылуу “Дианетика” деген аталышта өзгөчө популярдуу болгон эле. 1950-жылдын башында Хаббардын китеби АКШда эң көп сатылган китептердин алдында турган. Тиешелүү илимий кызматкерлердин каршылыгына кептелсе да элге жагымдуулугунун натыйжасында атайын лекцияларды окуп өзүнчө коомдук кыймылдын башкаруучусу боло баштаган Хаббард, медицина тармагына каршы чыгуусу менен алып барган ишин психитриядан башка иш катары эсептеп аны кереметтүү мистикалык түрдө сунуштоо менен өзүнчө динге айлантат[96] : Саентология чиркөөлөрү курула баштайт. Анын окуусу боюнча, адам баласы өлбөс жандыктар бирок өзүлөрүнүн чыныгы жаратылыш өзгөчөлүктөрүн унутуп калышкан. Руханий калыбына келтирүү методуна ылайык ага катышкандар атайын азаптуу оор тажрыйбаларды кайра жашап көрүп, өзүлөрүн чектөөчү таасирлерден арылтууга аракет кылышат. Окуу куралдары жана сеанстар атайын акы төлөө аркылуу берилет. Саентологиянын ишеними боюнча адамдын руху өткөн доорлордо башка планеталарда жашап келип адамдын денесине өткөн

---

[94] *Е. Г. Балагушкин*. Критика нетрадиционных религий (истоки, сущность, влияние на молодёжь Запада). М.: Изд-во Московского университета, 1984. — 14-16, 44-45, 50, 81-82, 84, 113, 130, 155, 233, 271

[95] Ревяко Т. И., Трус Н. В., Самоубийства в секте "Объединенной церкви"//Энциклопедия преступлений и катастроф китебинин электрондук версиясы, http://www.bibliotekar.ru/encSuicid/29.ht

[96]*Хюг Б.* Урбан,Fair Game: Secrecy, Security, and the Church of Scientology in Cold War America// Journal of the American Academy of Religion,74-саны,№2, июнь-2006, http://dh101.humanities.ucla.edu/DH101Fall12Lab2/archive/files/7cfb80cf69a36b3c228d24c25c5dca43.pdf, 366-бет

реинкарнация болуп саналат. Ушул маселе боюнча, кээ бир окуулар бул ишенимдегилерге миңдеген доллар төлөнмөйүнчө берилбейт.

Саентология өзгөчө илим тармагынын кызматкерлери тарабынан элди алдоо деп табылган. Ошондой эле анын дин эмес акча табуунун амалы катары “бизнес” деп эсептегендер да болгон[97]. Франция, Швецария сыяктуу өлкөлөрдө ал ишкердик катары бааланып дин катары кабылданган эмес жана каттоодон баш тартылган. Саентология сеанстарында катышуучуларды гипноздук көзөмөлгө алуу тууралуу фактылар ачыкка чыккан. Ошол себептүү Австралиянын кээ бир штаттарында саентологияга тыюу салынган[98]. Хаббардын күчтүү гипнозчу болгондугу дагы кээ бир маалыматтарда айтылат.

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы боюнча Кыргызстанда Саентология Чиркөөсү одитинг аталышындагы психотерапиянын элементтерин да камтыган мистикалык сеанстарын тиешелүү лицензияларды албастан мыйзамсыз түрдө жүргүзүп келгендигине байланыштуу 2012-жылы ДИМК ага берилген эсептик каттоо күбөлүгүн кайрып алган. 2013-жылы август айындагы Чиркөөнүн сотко арыздануусу канааттандырылган эмес. Натыйжада чиркөө Кыргызстанда диний уюм катары өзүн-өзү жоюуга аргасыз болгон.

### 4.3. Тыюу салынган экстремистик жана террордук уюмдар

Кыргыз Республикасынын ар кандай инстанциялык сотторунун чечимдери менен өлкөдө 14 деструктивдүү, экстремистик жана террордук уюмдуардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. Кыргызстанда түздөн-түз же кыйыр түрдө иш алпарып келген уюмдарга Хизб-ут-Тахрир-аль-Ислами, Чыгыш Түркистан Ислам партиясы, Өзбекстан Ислам кыймылы, Аль-Каида Талибан кыймылы, Исламий Жихад Союзу,Жайшуль Махди, Джунд-аль Халифат, Ансаруллох, Ат-Такфир Валь-Хиджра, Саентология чиркөөсү, Мун чиркөөсү кирет.

#### 4.3.1. "Хизбут-Тахрир” диний-экстремистик уюму

Хизбут-Тахрир (араб. «Эркиндик Партиясы») эл аралык исламчыл саясий уюм болуп саналат. Мусулман өлкөлөрүн исламий укук – шарият менен башкарылган бир Ислам мамлекетинин же Халифаттын алдына бириктирүү уюмдун идеологиясынын уңгусун түзөт. Бул идеологияга ылайык мамлекеттин башкаруучусу мусулмандар тарабынан шайланган Халиф болушу керек[99].

Уюм 1953-жылы сунни ислам уюму катары Иерусалимде аппеляциялык сот болуп иштеген Ислам аалымы Палестинанын Ижзим айылынан чыккан Такиуддин ан-Набахани тарабынан түптөлгөн. Ошондон бери Хизбут-Тахрир 40тан ашык өлкөгө жайылган. Мүчөлөрүнүн саны кээ бир эсептөөлөргө караганда 1 миллионго жакын. Хизбут-тахрир Халифаттын кайрадан түзүлүшү менен дүйнөнүн мусулмандар басымдуулук кылган аймактарында мусулмандарга жана мусулман эместерге стабилдүүлүк жана коопсуздук орноруна ишенет. Хизбут-Тахрир Курандагы кээ бир аяттарды саясатташтырып чечмелөөнүн натыйжасында Халифаттын курулушун парз катары көрөт. Хизбут-Тахрир демократияны Кудайдын шариятына негизделбегендиктен четке какканы менен Шиилерден айырмаланып Халифти шайлоо аркылуу дайындоону туура көрөт. Ошондой эле парламент сыяктуу кеңеш институту – *мэжлис* дагы бул уюмду негизинен

[97] *Matthew Gilbert*, Scientology's worst nightmare: Why they made author Lawrence Wright look like a demon, http://www.news.com.au/lifestyle/real-life/scientologys-worst-nightmare-why-they-made-author-lawrence-wright-look-like-a-demon/story-fnixwvgh-1226765972006

[98] Scientology's worst nightmare: Why they made author Lawrence Wright look like a demon//news.com.au маалымат сайты, 22/11/2013, http://www.news.com.au/lifestyle/real-life/scientologys-worst-nightmare-why-they-made-author-lawrence-wright-look-like-a-demon/story-fnixwvgh-1226765972006

[99] Хизб-ут-Тахрир партиясынын Конституциясы, http://www.hizb-ut-tahrir.info/english/constitution.htm

демократиялык принциптерге жакындатат. Бирок Хизбут-Тахрирдин долбоорунда соттук система шариятка ылайык болушу керек.

Уюмдун иш алпаруу усулу боюнча 5 кишиден турган топтор (ячейкалар) аркылуу уюмдун идеологиясына берилген инсандарды даярдоо, андан соң массалык түрдө мусулмандар арасында Халифатты куруу пикирин таратуу максатталат. Коомдук пикирди түзгөн соң уюм иш алпарган өлкөдөгү таасирдүү адамдардын колдоосу менен Исламчыл өкүмөттү түзүүнү көздөйт . 1968-69-жылдары Иордания жана Сирияда, 1974-жылы Египетте Хизбут-Тахрир ийгиликсиз болсо да төңкөрүш кылуу аракетин кылган. Уюм 2010-жылдан бери, Халифатты түзүү максатында Сириядагы революцияга абдан чоң колдоо көрсөтүп келет.

2003-жылы жөөт-каршылыгы (анти-семитизм) идеяларын тараткандыгына байланыштуу Хизбут-Тахрир уюмунун иш жүргүзүүсүнө Германияда тыюу салынган. Хизбут-Тахрирдин негизинен бир топ өлкөдө ачыктан иш алып баруусу анын күч колдонууга баруудан алыс болуусуна байланыштуу. 2001-жылы 11-сентябрда АКШда болгон террористик чабуулдун Исламга ылайык болбогондугун уюмдун жетекчилери айтып чыккан. Ошондой болсо да кээ бир лидерлеринин билдирүүлөрүндө күч колдонууга үндөгөн фактыларда бар. Бир топ арап мамлекеттеринде, Орусия, Германия, Түркияда тыюу салынганы кээ бир серепчилердин пикиринде терроризм менен байланыштуу. Хизбут-Тахрир Исламдын негизги максаты болгон адамдын Кудайды таануусу жана ага жакшы ыбадат кылуу маселесинин ордуна саясатты биринчи планга коюу менен Исламды дин катары эмес саясий проект катары көргөнү чоң жаңылыштык болуп саналат. Ошондой эле динди саясатташтыруу менен кастыкты козутуу динге беделин гана түшүрөт. Чыныгы демократияда салттуу жана туура Исламды жашоого жана динди тутунууга эч кандай тоскоолдук жок экендиги белгилүү.

Кыргызстанда Хизбут-тахрир уюмунун ишмердүүлүгүнө экстремистик уюм катары 2003-жылдын 20-августундагы Кыргызской Республикасынын Жогорку сотунун чечими менен тыюу салынган [100] Ошого карабастан уюм жашыруун түрдө ишмердүүлүгүн жүргүзүп келгени укук коргоо органдары тарабынан тастыкталган. Уюм алгач өлкөнүн түштүгүндөгү жарандардын арасында жайылган болсо, кийинчерээк өлкөнүн түндүк аймагына да тараганы маалым. Анын мүчөлөрү уюмдун адабияттары менен кармалып сот жообуна тартылып келет. Хизбут-тахрир уюмунун адабияттары, журналдары жана халифат конституциясынын долбоору кыргыз тилине которулган Алар жашыруун түрдө таратылып келет.

### 4.3.2. Өзбекстан Ислам Кыймылы (ӨИК)

Өзбекстан ислам кыймылы (ӨИК) ОртоАзиядагы эң чоң исламчыл саясий уюмдардын бири. АКШнын мамдепартаменти жана Орусиянын ФККы (Федералдык коопсуздук кызматы - ФСБ) аны террористик уюм катары баалашкан. Орто Азиянын бардык өлкөлөрү тарабынан ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. 1996-жылы Тажикстандагы жарандык согуштун акырында иш-аракеттерин Өзбекстанда улнаткысы келген Тохир Юлдашев жана Жума Ходжиев (Намангани) тарабынан түзүлгөн [101] . Кыймылдын мүчөлөрүнүн кээ бири 90-жылдарда Орто Азияда аймагында иш алып барган бир катар исламчыл саясий уюмдардын катарында да болуп турушкан. Бул уюмдар «Исламий кайра жаралуу партиясы», «Одамийлик ва инсонпарварлик» (Кокон), «Түркистан Ислам партиясы», «Ислом Лашкорлары» («Ислам жоокерлери» Наманган), ошондой эле «Адолат уюшмасы» (Наманган). ӨИКнын лидери Тахир Юлдашев болгон. Кыймылдын негизги

---

[100] Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын сентябрь айына карата маалыматына ылайык

[101] “Тынчтык жана ынтымак” диний борборунун маалыматы // Университет Джорж Таун, http://berkleycenter.georgetown.edu/organizations/islamic-movement-of-uzbekistan

максаты Ислам мамлкетин биринчи Фергана өрөөнүндө андан соң бүткүл Орто Азияда Казакстан жана Кытайдын уйгурлар жашаган аймагын кучагын алган чөлкөмдө түзүү болгон эле[102].

Каржылык колдоону ӨИК башында Афганистан жана Түркиядагы өзбек диаспорасынан алып турган. Кээ бир маалыматтар боюнча каржылык булактардын бири илгерки өзбек эмиграциясынын өкүлдөрүнөн алардын ичинде Бухаранын эмири Сеид Алим-хандын тукумун улантуучуларынан болгон. Ал эми ӨИКнын Афганистандын аймагына жер которгондон кийин пакистандык ИСИ (Ведомстволор аралык чалгындоо кызматы) тарабынан кыска мөөнөткө каржыланганы такталбаган маалыматтарда айтылган. ӨИК бир топ мүчөлөрү Бириккен тажик оппозициясынын жанында Тажикистандагы жарандык согушка активдүү катышуу менен аскердик тажрыйба алышкан. Согуштун бүтүшү менен бийликке илеше албай калышкан соң Талибан менен макулдашып Афганистанга ооп кетишкен. Алар Афганистанда ӨИКтин катарын толукташкан.

1999-2000-жылдары Кыргызстандын аймагына жана Өзбекстан менен Тажикстандын чегара аймагында атайын даярдыктагы согушчандар менен мамлекеттин бөлүктөрдүн ортосунда кыгылышуулар болгон. Алар эки өлкө тарабынан тең ӨИКнын мүчөсү катары айыпталышкан. Куралдуу согуштардын натыйжасында Өзбекстандан сүрүлүп чыгышы жана максаттарынын кеңейиши менен ӨИК алсырап көп мүчөлөрүн жоготкон жана аталган өлкөлөрдон чыгып кеткен. 2001-жылдан бери ӨИК Афганистандагы америкалык коалиция күчтөрүнө каршы кол салууларга катышат. 2001-жылы коалиция күчтөрүнүн бомбалоолору учурунда ӨИКтин аскерий лидери Жума Хожиев өлгөн. 2002-жылы ӨИКтен «Ислам Жихады» тобу бөлүнүп кетет. Ошого карабастан ӨИКтин аудио-видео каражаттары жана Тахир Юлдашевдин кайрылуулары алигиче Өзбекстанда популярдуулугун жогото элек. Талибандарга каршы операциялардын негизинде сүрүлгөн ӨИК көзөмөлдөө кыйын болгон түштүк Вазиристан (Афганистан-Пакистан чегарасында) аймагына оойт. Ал жерде Пакистан массалык маалымат каражаттары билдиргендей аль-Каида террордук уюму менен иштешип калган. Бул уюмдун алдында ар кандай куралдуу чабуулдар ӨИК тарабынан аткарылып турган. Кийинчерээк ӨИКтин жергиликтүү уруулар менен келише албай айласы кетип калгандыгы айтылат. «Мемориал» коомунун борбордук азия программасынын директору, Борбордук Азиядагы исламчыл кыймылдар боюнча эксперти Виталий Пономаревдун пикиринде ӨИКнын келечеги бүдөмүк.

Хизбут-тахрирден айырмаланып ӨИКнын түздөн-түз курал колдонуу менен жана ар кандай террордук ишмердүүлүктөрдү жүргүзүү аркылуу бийликке жетүү аракетинде болуп келген. Албетте ӨИКнын эң чоң коркунучу 1999 жана 2000-жылдары Баткен Ош облусунун (Баткен облусунун) Баткен жана Чоң-Алай райондорунун аймактарына басып кирүүсү болгон. Алар менен болгон куралдуу кармашууда мамлекеттин жерлерин сактап калыш үчүн аскерлер көз жумган. ӨИК Өзбекистан жана Тажикистанда сыяктуу эле Кыргызстанда да террористтик иш-аракеттерди жасаган. 2002-жылы 27-декабрда Бишкек шаарында “Дордой” базарында жардырууда 8 киши өлүп 20 киши жарадар болгон эле. 2003-жылы 9-майда “Бакай” банкынын Ош филиалындага жарылууда бир киши каза болгон. 2004-жылдын 19-февралында жардырууларды уюштуруу иши боюнча ӨИКнын эки мүчөсү өлүм жазасына тартылып, кийин алардын жазасы өмүр бою эркинен ажыратуу менен алмаштырылган[103]. Диндин активдүү түрдө радикалдашуусуна, ошондой эле глобалдык жихаддын күчтөнүүсү менен алардын кайрадан аймакка келип, туруксуздукка алып келүү коркунучу бар.

[102] *Ирина Бороган*, Исламское движение Узбекстана, http://studies.agentura.ru/tr/idu
[103] Ошол жерде

### 4.3.3. “Акромия”

“Акромия” диний уюму Акрам Юлдашев тарабынан 1992-жылы Өзбекстандын Самарканд аймагында түптөлгөн жана кийинчерээк анын аты менен аталып калган. Кездеме комбинатында эмгек жолун баштаган Юлдашевдин атайын диний билими болгон эмес. Ал пахтачылык боюнча институтта окуган. Окуу мезгили союз убагына туш келип, партиялык-коомдук иштерге активдүү катышып, Коммунистик партиянын мүчөсү да болгон. 1980-жылдардын аягында динге кызыгуусу күч алып Куран котормолорун окуп жүргөн. 1991-жылы Хизбут-Тахрир уюмунун катарына кирет. Кийинчерээк, 1992-жылы бул уюмдан чыгып өзүнчө уюм түзөт[104]. Анда Хизбут-Тахрирдин иштөө ыкмасы жана идеологиясынын таасири күчтүү болгон. Юлдашев уюмун чыңдоо жана кеңири элге жайылтуу максатында экономикалык жактан да активдүү иштерди жүргүзгөн. Уюмга мүчө болгон ишкерлер менен бирге наавайкана сыяктуу ишканаларды ачып, алардан түшкөн акча менен жумушчуларга калың айлык берип жана кайрымдуулук иштерин жүргүзүү менен бир топ кызыкчылык туудурууга жетишкен[105]. Бирок 2005-жылы уюм Юлдашев түрмөдө отурган учурда Кыргызстандагы революциянын да таасири менен элдин нааразылыгын пайдаланып диний революция жүргүзүүгө аракет кылган. «Акромиянын» өзгөчө ишкер мүчөлөрүнүн каржылоосу менен уюштурулган 2005-жылдын май айында Анжиянда уюштурулган митинг өзбек укук коргоо органдары тарабынан кандуу басылды.

Анжияндагы “Акрамиянын” митинги диний мүнөздө болгону менен жалпы элди нааразыылыгын да революцияга тартууга жетишкен десек болот. Ошондуктан “Акрамия” жалпы элди мобилизациялоого аракет кылган. 2006-жылдын 15-сентябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими менен коопсуздукка шек келтирүүсүнүн алдын алуу максатында “Акрамия” уюму террористик уюм катары эсептелген.

### 4.3.4. Исламдык жихад союзу (ИЖС)

Исламдык жихад союзу Өзбекистан Ислам кыймылынан 2002-жылы бөлүнүп чыккан террордук уюм[106]. Куруучусу Нажмуддин Жалолов. Анын өзүнчө бөлүнүп чыгуусуна стратегиялык көз караштардын айырмасы негиз болгон. ӨИКнын дагыле негизги тапшырма катары Өзбекистанда Ислам Каримовдун режимине каршы күрөшүүнү алдына койгон болсо, ИЖСнын өкүлдөрү жихаддык ишмердүүлүктү бүткүл Орто Азияга андан соң Батышты көздөй жайылтуу көздөшөт. Алардын башкаруу бөлүгү дагы Пакистиандын Вазиристан аймагында жайгашкан. Албетте ИЖСнын бул туруму анын Аль-Каида менен жакынырaак болуусунун негизин түзөт жана аны глобалдык жихадка жакындатат. Ошондой эле анын башкаруучуларынын бири аль-Либи атындагы адам аль-Каиданын Орто Азия командири сыяктуу иш жүргүзгөн[107]. ИЖС Өзбекстанда 2004-жылы 47 кишинин өмүрүн алган жардырууларды ишке ашырган. Мындан сырткары бир топ жардыруу иштери уюм тарабынан жүргүзүлгөн. 2014-жылдын апрель айында Талибан менен чогуу афган армиясына берилген ири америкалык аскерий база “Чаргутини” басып алып бир кыйла оор аскердик каражаттарды тартып алган. Уюмдун ячейкалары Орусия, Өзбекстан, Казакстан менен катар Кыргызстанда орун алган. Кээ бир маалыматтарга караганда, анын аскерий даярдык лагерлери Пакистанда жана ошол аймактагы башка

[104] Ошол жерде

[105] *Б .Бабаджанов*. Феномен «Акромия - ложные идеалы и преступная практика», http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1221111840, кирүү: 11.09.2008

[106] Союз_исламского_джихада, https://ru.wikipedia.org/wikiСоюз_Исламского_Джихада

[107] “Фракции Исламского движения Узбекистана укрепляют контакты с Аль-Каидой” // Фергана.ньюс, http://www.fergananews.com/articles/4705

өлкөлөрдө дагы болушу мүмкүн[108]. ИЖСнын идеяларын пропагандалоону ишке ашырып келген “Бадр ат-Таухид” аттуу кабар-агенствосу бар. Ал алгач өзбек кийин орус тилинде да чыгып интернет аркылуу иш алпарып келген. 2008-жылдын 11-июнундагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими менен ИЖС террордук уюм катары бааланып Кыргызстанда ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

#### 4.3.5. Чыгыш Түркстан ислам кыймылы (ЧТИК)

Чыгыш Түркстан ислам кыймылы (ЧТИК), бул Кытайда уйгурлар жашаган «Чыгыш Түркстан» деп аталган аймакта эркин мамлекет катары куруу максаты менен түзүлгөн сепаратистик уюм. ЧТИК курулушунан тартып «Талибан», «Аль-Каида» жана Өзбекистан ислам кыймылы менен тыгыз байланышта болуп келген. ЧТИКтин түзүүчүсү Хасан Махсум Кытайдын Синьцзян аймагынан чыккан. Махсум 2003-жылы Пакистан аскерлери тарабынан өлтүрүлгөн. Кыймылдын кийинки өкүлү Абдул Хак дагы 2005-жылдагы маалыматтар боюнча «Аль Каиданын» шуура кеңешинин мүчөсү болгон.

ЧТИК азыркы учурда Орто Азияда, Түштүк Азияда жана Кытайдын Синьцзян-Уйгур автономиялуу аймагында активдүү иштейт[109]. Уюмдун лагерлеринде даярдалган согушчандар Аль-Каиданын каржылоосу менен Кытайда жана чет өлкөлөрдөгү Кытайга тиешелүү объектерге ар кандай кол салууларды уюштуруп келишет. 1998-жылы Кыргызстанда көптөгөн акча, жасалма паспорттор, курал-жарак жана идеологиялык адабияттар менен Кытайдын жана Түркиянын уйгур тектүү жарандары кармалганАлардын максаты аймактын өлкөлөрүндө теракттарды уюштуруу болгон жана уйгур жаштарын уюмга кошуу менен да алек болушкан[110]. Ушул эле жылдын май-июнь айларында Кыргызстандын түштүгүндө теракт болуп, анын натыйжасында 4 киши өлүп 12 киши жараланган[111]. 2000-жылы Бишкете “Достук” мейманканасында ЧТИК мүчөлөрү тарабынан кытай дипломаттарынын делегациясына ок атуу болгон. 2003-жылдын 20-августундагы Кыргызской Республикасынын Жогорку сотунун чечими менен сепаратистик мүнөздөгү террордук уюм деп эсептелген жана ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

#### 4.3.6. “Аль-Каида”

«Аль-Каида»- глобалдык масштабдагы террордук уюм. Усама бин Ладин, Абдуллах Аззам жана башка согушчандар тарабынан 1988-жылы курулган. Алардын идеологиясы мусулман өлкөлөрдөгү тышкы таасирлерден биротоло кутулуп дүйнөлүк масштабда Халифатты куруу болуп саналат. Ошондой эле, Аль-Каиданын түшүнүгүндө Християн-еврей кызматташтыгы Исламды талкалоого багытталган деген түшүнүктү карманат[112]. Ушул идеологиянын негизинде аль-Каида батышка глобалдык жихад жарыялап, дүйнөнүн ар кайсы жеринде суннөттү карманбаган мусулмандарга каршы ар кандай куралдуу чабуулдарды уюштуруп келет[113]. Булардын эң атактуусу 1998-жылы Кения жана Танзаниядагы АКШ элчилигинин кызматкерлерине каршы жанкечтилик окуясы менен албетте 2001-жылкы 11-сентябрдагы АКШдагы эгиз мунараларды учак

---

[108] *Гвидо Штайнберг,* «Союз исламского джихада»: портрет террористической организации, http://www.antiterrortoday.com/ru/baza-dannykh/terroristicheskie-i-ekstremistskie-gruppirovki/soyuz-islamskogo-dzhikhada-gruppa-islamskogo-dzhikhada/386-soyuz-islamskogo-dzhikhada-portret-terroristicheskoj-organizatsii, кирүү: 12.08.2008

[109] Исламское движение Восточного Туркестана»// http://www.un.org/russian/sc/committees/1267/NSQE08802R.shtml

[110] *Садырбек Чериков*, Кыргызстан - полигон террористического интернационала?*,* 31.12.2013, http://www.extranews.kg/bezopasnost/40-kyrgyzstan-poligon-terroristicheskogo-internatsionala.html

[111] Исламское Движение ВосточногоТуркестна// http://today.kz/news/2014-06-26/islamskoe-dvizhenie-vostochnogo-turkestana-kto-oni//

[112] Аль-Каида // http://en.wikipedia.org/wiki/Al-Qaeda

[113] Токон Мамытов//Интервью Радио Азаттык//http://rus.azattyk.org/content/kyrgyzstan_terror-afghanistan/25196843.html

менен жардыруу болгон. Аль-Каида идеологиясына ылайык сунни же салафий болбогон мусулмандарды да каапырдык менен сыпаттап аларды жок кылууну көздөйт. Ар кандай мазхаптардын ыйык жайларына чабуул коюу менен мазхаптык кастыкты да козгоп келет. Ошол эле мезгилде уюмдун ичинде дагы жааттащуулар болуп алар бири-бири менен согушуп да турат. Акыркы жылдары лидери Усама бин Ладиндин өлтүрүлгөнүнө карабай ишмердүүлүгүн улантып, Сириядагы жарандык согушка активдүү катышууда.

АКШнын коалиция күчтөрүнүн Афганистандан чыгышы менен Аль-Каиданын жалпы Орто Азия өлкөлөрүнө алардын ичинен Кыргызстанга олуттуу коркуунуч туудурушу мүмкүн. Анткени уюм Афганистанда Талибан кыймылы менен кошо ӨИК, ЧТИК сыяктуу куралдуу уюмдар менен тыгыз мамиледе болгону маалым. Ошондой эле, Кыргыз Республиканын экс-вице-премьери Токон Мамытовдун маалыматына караганда Аль-Каидага мүчө болгон кыргыздардын саны 20-30дан 200гө чейин жеткен[114]. 2006-жылдын 15-сентябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими менен Кыргызстанда «Аль-Каиданын» ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

### 4.3.7. "Талибан" кыймылы

"Талибан" кыймылы - этникалык пуштундар тарабынан түзүлгөн террорист кыймыл. Афганистанга совет бийлигинин кийлигишүүсү учурунда жана 1990-жылдардын башында "согушчан-муджахиддер" кийинчерээк Талибан кыймылынын өкүлдөрү Пакистандын чек арасына жакын аймактарын ээлешип, Пакистандын жана батыштын жардамы менен Наджибулланын өкмөтүн кулатууга багытталган согуштук аракеттерди жүргүзүп турушкан. Аларга Пакистанда медреселеринде окуп, кийин кайра Афганистанга согуштук кыймылдарга катышуу үчүн кайтып келген пуштун урууларынын жаштары кошулган. Талибан - медресе окуучулары деген маанини билдирет. Кыймыл мамлекетти башкаруу түшүнүгү исламдык салттар менен коштолгон шарияттын чечмеленишинен турат. Телевизор көрүү, музыка угуу жана башка социалдык пайдалуу ишмердүүлүккө тыюу салынган.[115].

Талибан кыймылы 1996-2001-жылдар аралыгында Афганистанды бийлеп турган. Аль-Каида жана анын лидери Усама бен Ладинди активдүү түрдө колдогондугуна байланыштуу АКШнын жана эл аралык антитеррордук коалициясынын куралдуу күчтөрү Талибан бийлигин 2001-жылы кулатканы менен куралдуу каршылыктарын алигиче улантып келишүүдө.

ӨИК, ЧТИК сыяктуу радикалдуу Орто Азия аймагында анын ичинде Кыргызстанга кесепети тийген, жана аймактын жергиликтүү тургундары тарабынан түзүлгөн уюмдардын Талибан кыймылы менен тыгыз байланышта жана кызматташтыкта болушу ошондой эле Афганистандын Орто Азия менен чектеш болушу албетте кооптонууга негиз болууда. 2006-жылдын 15-сентябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими менен Кыргызстанда ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

### 4.3.8. "Жайшул-Махди"

"Жайшул-Махди" уюму - Иракта шийи аалым Муктада ал-Садр тарабынан Садр шаарында 2003-жылы АКШнын Иракты басып кириши менен пайда болгон, авторитардык боштукту толтуруш үчүн курулган куралдуу уюм[116]. Өзгөчө шийиттер тарабынан кыяматка чукул Исага жардамчы катары Халифатты орнотуу үчүн келерине ишенген Махдинин атынан курулган уюм. Махдинин аскерлери деген маанини билдирет. Муктада өзү шийит болгонуна карабастан Иранга каршы болуп, ошол эле мезгилде АКШнын саясатын да кабылдабастан Ирактагы АКШнын аскерлери баш болгон

---

[114] Ошол жерде
[115] http://www.cfr.org/afghanistan/taliban-afghanistan/p10551
[116] Захарий Лауб,//The Taliban in Afghanistan, The Council on Foreign Relations// http://www.cfr.org/afghanistan/taliban-afghanistan/p10551

коалиция күчтөрүнө кол салып турган 2004-жылы Ирактагы АКШ баштаган коалиция күчтөрү менен болгон салгылашуудан кийин Муктаданын гезитин жабуу жана аны камаганга аракет жасоо негизинде сүйлөшүү жүрүп Жайшул-махди саясий партияга айланат. Бирок 2004-жылы августа кайрадан кагылышуулар башталат. 2008-жылы Ирак мамлекеттик армиясы Жайшул-Махдиге катуу сокку урган.Ошондон бери анын мамлекеттик деңгээлдеги таасири азайса дагы жер-жерлерде дагы эле активдүүлүгүн жогото элек.[117]

Акыркы учурларда бул уюмдун Кыргызстандагы ишмердүүлүгү жанданганы байкалат. Анын максаты - Орто Азияда халифатты куруу. 2010-жылдын 9-сентябрында Бишкек синагогунун короосундагы жардыруу,Токмок шаарындагы эки жолку жардыруу, Бишкекте Спорт сарайынын жанындагы жардыруулар дагы сот тарабынан аталган уюмдун мүчөлөрү ишке ашыргандыгы далилдүү деп табылган[118]. Жайшуль-махдинин 13 мүчөсү Бишкек шаарынын Октябрь райондук соту тарабынан күнөөлүү деп табылып алардын айрымдары өмүр бою эркинен ажыратылган болсо, айрымдары 22-23 жыл бою эркинен ажыратылган. Алардын кылмыштарына АКШ жараны, 4 милиционер, коопсуздук кызматынын өкүлү жана башкалардын. өлтүрүлүшү катталган. 2012-жылдын 24-октябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими менен Жайшул-Махдинин ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

### 4.3.9. “ат-Такфир уаль-Хижра”

“Ат-Такфир уаль-Хижра” уюму 1960-жылы Египеттеги Мусулман Агайындар кыймылындан бөлүнүп чыккан Шухри Мустафа тарабынан курулган. Негизи аты Жамаатул-Муслимин, мусулмандар жамааты деген мааниде. Египет бийлиги тарабынан ат-Такфир уаль-Хижра деген ат берилген. Мааниси адамдарды каапырлык менен сыпаттоо аркылуу алардын жазалоого негиз табуу жана каапыр мамлекеттен көчүп кетип кайра кайтуу маңызында аталыш. Кыймылдын аль-Каида менен байланышы болгону айтылат. Европада көптөгөн салафий инсандардын бул кыймылга тиешеси болгондугу тууралуу божомолдор бар. Кыймыл мүчөлөрүнө максатка жетүү үчүн баарын жасай берүүгө болот деген ишеним менен арак ичүүгө, уятсыз жайларга барууга, батыштык адамдарга каршы криминалдык иштерди жасай берүүгө уруксат берет. Дүйнөдө көптөгөн жерлерде уюмдун мүчөлөрү болгондугу айтылганы менен уюм тууралуу маалыматтар чектелүү. 2012-жылдын 24-октябрындагы Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими Кыргызстанда ишмердүүлүгүнө тыюу салынган[119].

---

[117]Жайшуль Махди, доступно: http://en.wikipedia.org/wiki/Mahdi_Armyс.
[118] *Артур Исаев*, «ЖайшульМанди» приговорили // газета «Дело №»,25.07.2013,досупно: http://delo.kg/index.php/iz-zala-suda/6121-zhajshul-makhdi-prigovorili
[119] Такфир валь Хиджра, доступно: http://en.wikipedia.org/wiki/Takfir_wal-Hijra

## 5-БӨЛҮМ. МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИНИЙ АГЫМДАРДЫН ИДЕОЛОГИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ

Бул бөлүмдө диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын негиздери, радикалдуу жана экстремисттик диний идеологиялардын таралышын алдын алуу жана аны менен күрөшүү максатында мелүүн салттуу исламды илгерилетүү муктаждыгы жөнүндө маалыматтар берилет. Ошондой эле идеологиялык ойлор жана динди туура түшүндүрүү маселеси каралат.

### 5.1. Кыргызстанга салттуу келген исламды[120] илгерилетүүнүн мамлекеттик саясаты

Дүйнөдөгү болуп жаткан акыркы окуялар, анын ичинде диний радикалдашуу жараяны Кыргызстанды да өзүнө камтып алды. Өлкөдөгү башка диний агымдарды жана кыймылдарды айтпаганда эле ислам дининин ичиндеги келбетине, кийимине, сыйынуу атрибуттарына жана акыйдасына карата бөлүнүп-жарылуу көрүнүштөрү аз эмес. Бул көрүнүштөрдүн чыгышына дээрлик сырттан келген диний тайпалардын диний пикирлери жана көз караштары себепкер болууда. Мындай диний кырдаалдын курчуганын мамлекет эске алып 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруунун алкагында, 2014-жылдын 3-февралында Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңеши диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты талкуулап, аны жакынкы арада жөнгө салуу жөнүндө жыйын өткөргөн. Ал эми 7-февралда Кыргыз Республикасынын Президенти “Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө Коргоонуу кеңешинин чечимин ишке ашыруу тууралуу” жарлыкка кол койгон.

Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин жогоруда аталган чечиминен келип чыккан милдеттерди аткаруу боюнча мамлекеттик органдар менен жарандык коомдун уюмдарына, диний уюмдарга, Кыргызстан мусулмандар диний башкармалыгына өздөрүнүн практикалык ишин конфессиялар аралык ынтымакты жана диний сабырдуулукту бекемдөөгө багыттоо боюнча өз ара жигердүү аракеттенүү сунуш кылынган. Ошондой эле бул чечимде, биздин чөлкөмдө кылымдардан бери практика болуп келген исламдын биздин маданиятыбыз менен айкалышып келгендигин, тагырак айтканда үрп-адатыбыз менен кынтыксыз гармонияда жашагандыгын эске алуу менен, Кыргызстанга салттуу болгон мелүүн исламды, башкача айтканда суннит исламынын ханафий мазхабынын жана матуридий акыйдасынын негиздерин кеңири жайылтуу алдыңкы маселелерден болуп каралган[121].

#### 5.1.1. Исламдын Кыргызстанга алгачкы таралышы

Ислам дининин Борбордук Азияда жайылыш процесси узакка созулуп, анын башталышы 7-кылымдын экинчи жарымында Умай халифатынын доорунан (660-750) башталат. Алгачкы мезгилде ислам Борбордук Азиянын түштүк аймактарында отурукташкан элдердин ортосунда кеңири кулачын жаят. Ал эми Кыргызстанга исламдын алгачкы ирет келиш тарыхы 751-жылдагы мусулмандар менен кытайлардын ортосундагы белгилүү Талас согушу болуп саналат. Ошондой эле 9-кылымда Борбор Азияда бийлик жүргүзгөн Саманиддердин жортуулдарынын натыйжасында, ислам Кыргызстанда жашаган түрк урууларынын ортосунда жайыла баштайт. Ал эми 10-кылымдын аяк ченинде Кыргызстанда Карахандар каганатынын доорунда (10-13к.к.) ислам дини биротоло орнойт. Анын биринчи мусулман башкаруучусу Сатук 943-жылы исламды кабыл алып *“Абдулкарим”* ысымын алат[122]. Ал эми анын уулу Муса Байташ 955-жылы

[120] Башкача айтканда Кыргызстанга салттуу келген исламдын мелүүн баалуулуктары.
[121] 03.02.2014ж. №01 КР Коргонуу кеңешинин “Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты жөнүндөгү чечими” жана 03.11.2014ж. кабыл алынган “2014-2020-жылдарга КР диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы”
[122] *В.В.Бартольд*, Сочинения., Т.1, Ч.2, Москва: Наука, 1964, с506.

ислам динин каганаттын ырасмий дини кылып жарыялайт[123]. Карахандардын тез күч алышы менен ислам дагы бат эле жайылат. Натыйжада чыгыш Түркстан менен батыш Түркстанды бириктирген карахандар ошол жердеги түрк урууларына исламды жайылтат. Ибнуль-Асирдин берген маалыматтарына караганда, 960-жылы көчмөндөрдүн эки жүз миң боз үй[124], ал эми 1043-жылы Баласагын менен Кашкардын шаарларынын айланасындагы көчмөндөрдөн он миң боз үйү, башкача айтканда бир миллиондон ашуун көчмөндөр мусулман болушкан[125]. Аль-Марвазинин айтканы акыйкат болсо, алардын ичинен кыргыздар да болгону шексиз. Анткени, дал ушул XI кылымдагы анын жазган “Табаиуль-Хайван” аттуу эмгегинде кыргыздардын мусулмандардын каада-салттарын ала баштаган деген маалыматтары бар[126].

Саман мамлекети менен Карахандар каганаты доорлорунда Мавереннахрда ислам дининин борборлору мечит, медреселер ачылып, элдин руханий аң-сезимин канааттандырат да бара-бара мурунку ишенимдер менен диндерди руханий майдандан сүрүп чыгырат. Борбор Азияда классикалык исламдын өнүгүү өзгөчөлүгү анын көп жактуулугу менен байланыштуу болгон. Тагыраак айтканда ислам дини бул чөлкөмдө жашаган элдердин улуттук маданий каада-салттары менен тыгыз байланышып салттуу динге айлана баштаган.

### 5.1.2. Кыргызстандын салттуу динине айланган ислам

Ислам дини өзүнүн либералдуулугу менен дүйнөнүн көптөгөн жерлерин, андагы улуттарын өзүнө камтыйт. Жаңы мусулман элдердин диний жашоо-турмушундагы талаптарын канааттандыруу максатында келип чыккан ар кандай диний укуктук жана акыйда маселелери исламдагы укуктук мектептерин түзүүгө мажбур кылат. Негизинен ал мектептер ошол мусулмандар жашашкан чөлкөмгө ылайык түзүлөт. Ошентип арабдардан кийинки эле исламды кабылдаган перс элинин өкүлү *Имам Аъзам* (Улуу имам) аталган Абу Ханифа Нуъман бин Сабиттин (699-767ж.ж.) биринчи болуп укуктук мектебин (ар. мазхаб) негиздеген. Бул мазхаб исламдын кийинки келген үч мазхабдан (шафиъий, маликий, ханбалий) өзүнүн либералдуу теологиялык көз караш пикири (*ар. ырай*) менен айырмаланып, мамлекеттик саясатка, элдик каада-салтка (динге каршы келбесе эле) каршы чыкпастан, динди өзгөчө теориялар менен элге женил түрдө жеткирүүнү негиз катары карайт. Ал кездеги көпчүлүк аалымдар шарият илимдеринде ижтихад[127] менен өкүм чыгарышканда төрт нерсеге: Курани-Керим, Пайгамбарыбыздын (сав) хадистери, ижмаа[128] жана кыяска[129] таянышса, Абу Ханифа аларга эки нерсени: истихсан[130] жана үрп-адаттарды кошкон. Фыкх илиминдеги бул жагдай исламдагы либералдуу теологиянын өнүгүшүнө чоң себепкер болуп, кийинчерек ал негиздеген ханафий мазхабынын башка үч мазхаптан айырмасы да ушуга байланыштуу болгон. Анын пикирине далил катары Мухаммед пайгамбардын (сав) Муаз бин Жебелди Йеменге казы кылып жиберип жатып: Эмне менен өкүм кыласың?! – дегенде, Муаз: Алланын китеби менен – дейт. Андан таппасаңчы? – дейт пайгамбар. Анда Муаз: Пайгамбардын сүннөтү менен – дейт. Андан таппасаңчы? – дейт пайгамбар дагы бир ирет. Анда пикириме таянып аракеттенем (ажтахиду фи раъйи) – дейт Муаз. Анда пайгамбар: “Аллах ыраазы боло

---

[123] *Ө.Осмонов, А.Асанканов*, Кыргызстан тарыхы. Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин, Бишкек: 2003, 103б.

[124] *Ибн аль-Асир*, Аль-Камил Т.8, Бейрут: Дар Садир, 532б.

[125] *Ибн аль-Асир*, Аль-Камил Т.9, Бейрут: Дар Садир, 520б.

[126] *Т.Джуманалиев*, Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана, (Бишкек: Алтын тамга 2007, 393б.

[127] Ижтихад – ар. дин илимин изилдөөдө мээнет менен аракеттенүү.

[128] Ижма – ислам аалымдарынын бир маселени ортого салып чечүүдөгү келишкен пикир.

[129] Кыяс – Куран жана хадистерге таянып шартка жараша өкүм чыгаруу.

[130] Истихсан – диний маселелерди чечүүдө ыңгайына жана жеңилдигине карап артык көрүү

турган нерсеге, Алланын элчисинин элчиси туура келгени үчүн Ага мактоолор болсун! – деген экен.[131]

Абу Ханифа баштаган либерал теологиянын акыйда маселеси боюнча улантуучусу, Абу Ханифанын төртүнчү муундагы шакирти “*Имам Ахлү-сунна уаль-жамаат*” аталган Абу Мансур аль-Матуридий ас-Самаркандий (940-ж.өлгөн) эсептелинет. Анын окуусундагы негизги максат рационализмге же болбосо акыл менен пикирге таянып дин түшүнүгүн чечмелөөдө болгон. Имам Матуриди Борбордук Азиядагы Саманиддердин доорунда жашап, анын шарият өкүмдөрүндөгү ыкмалардын бири катары мантыкка (логикага) жана келамга (акыл жүгүртүү менен куранды жана хадистерди түшүндүрүү) таянып динди мультиконфессионалдуу коомдогу калың элге жеңил жеткирүүнү көздөгөн. Анткени тарых барактарында маалым болгондой Борбордук Азиянын ири шаарларында мусулмандар менен эриш-аркак христиан-несториандар, жөөттөр, манихейлер, бутпарас буддисттер, отпарас мажустар ж.б. жашашканы белгилүү.

Натыйжада ханафий мазхабы Ортоңку Чыгыш, Ооганстан, Индустан жана Борбордук Азия аймактарына, анын ичинде Кыргызстанга кеңири жайылып, элдердин салттуу динине айланат. Борбордук Азия мусулмандарына, анын ичинде Кыргызстанга салттуу келген исламдын тарыхына көз чаптырсак, андагы саманиддер доорунда ханафи багытында мектептер ачылса, анын мөмөлөрү карахандар доорунда жетилип ханафий мазхабынын укук-мыйзамдары дин алымдары тарабынан биротоло иштелип бир тартипке салынган. Бул багытта орто кылымдарда Борбордук Азиядан бир топ аалымдар чыгып, өздөрүнүн эмгектерин калтырышкан. Алардын катарына Абуль-Муъин ан-Насафи, Фахруль-ислам Али бин Мухаммед аль-Бездеви, Абу Умар ан-Насафи, Абул-Лейс Хафиз ас-Самарканди, Сираажуд-Дин аль-Оший, Абу-Бакр ас-Серахси аль-Узгенди, Фахруд-Дин аль-Хасан аль-Узгенди Кадийхан ж.б. кирет.

Борбор Азиядагы көчмөн элдердин, анын ичинде кыргыздардын ортосунда да ханафий мазхабы менен матуридий акыйдасы ошол учурдагы Карахан каганатынын саясатына ылайык жүргүзүлгөн. Аны мамлекеттик саясий ишмер Жусуп Баласагунинин “Кутадгу Билиг” (“Кут Билим”; 1069) аттуу эмгегинен байкаса болот. Анын чыгармасында мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу формасы баяндалып, көчмөн ислам коомундагы жашоо-тиричилик менен мамлекеттин ырасмий концепциясы жазылган десек болот. Ошондой эле анын замандашы Махмуд Кашгари-Барсканинин “Дивану лугати-Түрк” (“Түрк тилдер жыйнагы”;1072-1072) эмгегинде да жергиликтүү көчмөн элге исламды либералдуу жол менен жеңил жайылтканын, “Аллах” – деген сөздүн ордуна “Теңир” – сөзүн кеңири колдонгон мисалдарынан, жана бутпарас түрк элдерине ислам динин жайылткан согуштук ыр саптарынан байкасак болот[132].

Ошентип убакыттын өтүшү менен мындай мелүүн исламдын пикирлери кыргыздардын арасына жайбаракат таркаган. Көбүнесе ооз эки түрүндө макал-лакап, ыр түрүндөгү дивандар, тарбиялык маанайдагы жомоктор аркылуу кеңири жайылганын Ахмед Яссавинин шакирттерине берген насааттары аркылуу байкасаак болот. Анын бизге жеткен муундары катары орустардын оторчулук маалында Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Алдаш Молдо, Нурмолдо, Жеңижок ж.б. чыгармаларында айкын көрүнүп турат[133]. Ал эми жазма жолу жана билим берүү тармагында болсо Кыргызстанда болгон дээрлик медреселерде ошол убактагы молдолор тарабынан “*усули кадим*” ыкмасы менен окутулуп келген. Бирок 19-кылымдын аягы 20-кылымдын башында көрүнүктүү

---

[131] *Тирмизий*, Аль-Жаами ас-Сахих , Бейрут: Дар Ихйа турас аль-арабий, 1342
*Абу Дауд*, Сунан, Каир: Дар Хадис, 3592
[132] Молдо Сабыр Досбол уулу, Таухид акыйдалар жыйнагы, (Бишкек: Из Басма 2013)
Махмуд Кашгари, Түрк тилдеринин сөздүгү, (Бишкек: Аврасия Пресс 2011)
[133] Караңыз: А.Жусубалиев, “Кыргыздардың исламиятты кабылдауында Йасауиликтиң роли” *Орталык Азиядагы Ислам өркениети*, Халыкаралык конференциясының материалдар жинагы, Астана: 2007, 73-85б.

татар окумуштуусу Исмаил Гаспираалы (1851-1914ж.ж.) негиздеген "*усули жадид*" же болбосо "*жадидизм*" медреселери Кыргызстандын аймагында да негизделет. Бул медреселердин мурунку "*усули кадим*" медреселеринен айырмасы дин менен светтик билимдер берилип, Орусия империясындагы мусулмандардын аң-сезиминин ойгонушу башталат [134]. Аталган диний окуу жайлар ханафий мазхабынын өкүлү катары Кыргызстанда кулачын кеңири жайган. Анын өкүлдөрүнөн кыргыздын алгачкы интеллигенциясы калыптанып, натыйжада кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө чоң өбөлгө түзгөн. Алардын катарына А.Сыдыков, И.Арабаев, Т.Айтматов, К.Тыныстанов, Б.Солтоноев, О.Сыдыкуулу ж.б. кирет. Натыйжада Кыргызстандын мамлекет катары калыптанышына салттуу исламдын жаңы формасын кабыл алган "жадидизмдин" ойногон ролу эбегейсиз зор экендигин айтсак болот.

Советтер Союзу доорунда жашаган салттуу исламдын көрүнүктүү аалымы Даммулла Хиндустани деген ат менен белгилүү Мухаммеджан Рустамовдун (1892-1989ж.ж.) динге болгон кызматын баса белгилей кетүүбүз керек. Кудайсыздыктын катаал дooруна туш болгон Даммулла Хиндустани салттуу исламды үжүрөлөрдө окутуп сактап келген. Анын айкын ишмердүүлүгү өзгөчө дин эркиндиги берилген "перестройка" мезгилиндеги сырттан келген радикал-фундаменталисттик пикирлердин өкүлдөрүнө каршы турган [135]. Хиндустани алар менен бир топ тартышмаларга катышкан. Андай тартыштын негизги себептеринен болуп салттуу ханафи мазхабы менен матуридия акыйдасынын сынга алынышы жана аларды такфирчилик (ыймансыздык доомаsы) маанайдагы айтылган айыптоолору өлгөндөргө багышталып куран окуу, олуяларды ардактоо ж.б. эсептелинген. Хиндустани дин үчүн күч колдонуп күрөшүүгө (кичи жихадга) да каршы болгон. Ал күчтүү душмандын колунан өзүн жана башка мусулмандарды маанисиз өлүмгө дуушар кылууну чоң күнөө деп эсептеген. Мамлекет светтик болуп мусулмандарга либералдуу мамиле кылынса, аны дин багытында пайдалануу Хиндустани үчүн чоң жетишкендик болгон [136]. Ал чет өлкөлөрдөн алып келинген радикалдуу диний жана саясий кыймылдардын "исламды тазалоо" деген сыяктуу жат пикирлерге каршы турган. Кыргызстан көз карандысыздыгын жарыялаган мезгилде, Даммулла Хиндустанинин шакирти болгон Абдусаттар Даммула Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгын алгачкылардан болуп жетектеген [137].

Эгемендүүлүк жылдарындагы акыркы окуяларды, анын ичиндеги диний экстремизм көрүнүштөрүнө жана террордук актыларга туш болгон Кыргызстандын тажрыйбасы көрсөткөндөй, мамлекеттин динге аралашпаган абалы, аны кайрадан диний чөйрөдөгү жаңы багытка бет алуусуна мажбур кылды. Натыйжада жаңы дин саясатынын алкагында мамлекет диний уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салып, аны менен бирге фундаменталдуу жана радикалдуу диний агымдарга альтернатива иретинде ата-бабадан бери практика кылынып келген исламдын мелүүн салттуу баалуулуктарын илгерилетүүнү көздөдү. Бул жагдайга жогоруда эскерилип өткөндөй 2014-жылдын февраль айындагы КР Коргонуу кеңешинин чечими күбө боло алат [138].

Кыргызстанда мелүүн салттуу исламды илгерилетүү жана түшүндүрүү жараянында радикалдуу жана экстремисттик диний агымдардын таянган идеологиялык ойлорду карап чыгуу, алардын ислам дининин негизги максаты жана баалуулуктарына дал келип келбестигин аныктап чыгуу абдан маанилүү. Ушуга байланыштуу, кийинки бөлүмдөрдө радикалдуу жана экстремисттик уюмдардын диний идеологияларынын салыштыруу

---

[134] Караңыз: *З.Абдирашидов*, И.Гаспринский и Туркестан в начале XX века: Связи-Отношения-Влияние, Ташкент: Академнашр. 2011

[135] Караңыз: *Узбекистан: на месте памятников Ленину - памятники Тамерлану*, 27.01.2002, кирүү: http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1012128360 10.11.2014.

[136] Ошол жерде.

[137] КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдагы маалыматы.

[138] 03.02.2014ж. №01 КР Коргонуу кеңешинин "Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты жөнүндөгү чечими"

анализи жүргүзүлүп, аталган ойлор боюнча аргументтер жана негиздүү контраргументтер берилет.

### 5.2. Диний радикалдуу жана экстремисттик агымдардын идеологиялык негиздери

Ислам дининин негизги баалуулуктары аркылуу радикалдык жана экстремисттик агымдар өздөрүнүн идеологиялык негиздерин түзүшкөн. Бул баарынан мурда исламдын жалпылуулугу жана универсалдуулугу (шумулия), башкача айтканда мусулмандын жашоо чөйрөсүндөгү бардык нерсени ислам өзүнө камтып алышы. Мындай жалпылуулук динде гана эмес социалдык-экономикалык түзүлүштө, коомчулуктагы башкаруу түзүлүшүтө, үй-бүлөдө, жашоо-тиричиликте ж.б. камтылган. Мисалы шарият бул исламдын укуктук түзүмдөрүнүн жыйнагы. Натыйжада бул универсалдуулук мусулман коомчулугунун жашоо турмушундагы дүйнөтаанымы менен кулк-мүнөзүн калыптандырат. Экинчи негиз бул акыркы пайгамбарчылык озуйпасы. Бул Мухаммед пайгамбардын (сав) Алла-Таала тарабынан жиберилген жер бетиндеги акыркы элчиси жана адамзатка алып келген акыйкат дини. Мына ушул негизде ислам дининин абалы башка диндерге салыштырмалуу артыкчалыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Үчүнчүсү бул мусулмандын теңдештиги, башкача айтканда бардык өлкөдөгү мусулмандардын улутуна, түсүнө жана башка айырмачылыктарына карабастан бирдей болушу. Ошондуктан жашаган өлкөсүнө карабастан, дүйнө жүзү боюнча мусулмандар динде бир тууган болууга милдеттүү[139].

Исламга жамынган радикал-экстремисттик топтор өздөрүнүн окууларында халифат курууга чакырып мына ушул негиздерди идеология кылып туу тутушат да, анын үстүнө дагы үчөөсүн кошушат. Алардын биринчиси ислам мамлекеттик системасын, б.а. Мухаммед пайгамбардан (сав) кийинки төрт халифтин (Абу Бакр, Умар, Усман, Али) заманында болгон халифатты түзүү далалаты жана ага бүткүл дүйнөдөгү мусулмандарды бириктирүү. Экинчиси ошол ислам мамлекетин курууга ашынгандык менен умтулуу жана дүйнөлүк бийлик жүргүзүү. Бул чоң максат үчүн күрөшүп курман болгон адам шейит болуп түптүз бейишке барат деген түшүнүккө абдан сугарылышат. Үчүнчүсү жогорудагы экөөсүнө байланыштуу болуп, ошол дүйнөлүк акимчилик жүргүзүү максатында каапыр-душманы менен күрөшүү же “*жихад*”. Мында каапыр деген атка мусулман эместер гана кирбестен мусулмандардын ичинде да каапырдык айыбы “*такфир*” коюлгандар да кирет. Экстремисттик уюмдар ушул акыркы негизди иш жүзүндө өздөрүнүн идеологиялык ишмердүүлүктөрүндө көбүнесе колдонуп келишет. Жихаддын ушул түрү азыркы учурда да исламчыл фундаменталисттер тарабынан негизги идеологиялык ыкма катары колдонулуп келе жаткандыгы байкалып турат. Исламга жамынган радикал маанайлардын күч алышынын негизи себеби, ал пикирлерди тутунган көптөгөн багыттардын, түшүнүктөрдүн, агымдардын жана секталардын пайда болушу менен түздөн-түз байланыштуу.

Ислам укугу (шарият) жана ишеними (акыйда) көз карашы менен караганда салафиттик-ваххабийлик идеология эң согушчан жана радикал келип, анын негизги максаты алгачкы (салаф) бурмаланбаган “таза исламга” Куран менен Сүннөткө кайтуу жана андагы жазылган буйруктарды акылдын аралашуусуз, кынтыксыз аткаруу болуп саналат. Алгачкы демекчи, бул кыймылдын жактоочулары өздөрүн мурунку эски классикалык исламды кармангандардын санына кошушуп “салафтар” (алгачкылар) деп аташат. Алардын акыйда жана ибадат окуусунун түпкүрү мына ушунда жатат. Алардын окуусунда олуялар болбошу керек. Ошондой эле алар олуялардын мазарларын зыярат кылгандарды, жалпы эле мазарды зыярат кылгандарды катуу сынга алышып, динден чыгарышат (такфир). Анткени мындай нерселер, алардын ою боюнча “таза мусулманды” таухид (бир кудайлык) ишениминен чыгарып, таза-салафий акыйдасын бузат.

---

[139] Караныз: *Али аль-Хашими*, Шахсийатуль-муслим, (Эр-Рияд: Дарул-башаир аль-исламийа 2002)

Салафизм түшүнүгү Араб жарым аралындагы араб урууларын Сауд сулалесине бириктирүүгө чоң өбөлгө түзүп, бүгүнкү күндө ваххабийлик тариздеги суннит исламынын Сауд Арабстандын ырасмий дини болуп саналып келет. Дүйнө жүзү боюнча бул окууну кармангандардын саны болжол менен 100 миллионго жакын болуп, алар Персия булуңундагы өлкөлөрдө, Индияда, Индонезияда, Түндүк жана Чыгыш Африка өлкөлөрүндө жашашат. Алардын көпчүлүк бөлүгү терроризм турсун, радикализм жана экстремизмден пикирлеринен алыс болгон мусулмандар. Мында белгилей кетүүчү маанилүү нерсе, “ваххабит” жана “салафит” – деген аталыштарды бул кыймылдын душмандары беришкен. Ал эми бул кыймылдын өкүлдөрү өздөрүн “таухидчилер” (бир кудайчылар) же “салафтар” (алгачкылардын жолун жолдогондор) деп эсептешет. Ваххабийлердин эң кооптуу келген тобуна мамлекетке (Сауд Араб падышалыгына) каршы келген, тымызын иш жүргүзгөн экстремисттик маанайдагы, светтик бийликке кастык мамиле кылган жана ашынгандык күрөшүн (жихад) тажрыйба кылып терроритсттик актыларга чейин барган уюмдар кирет. Мына ушул ашынган түшүнүктү колдонуп, таза исламдын атына жамынган экстремисттер жана террористтер коомчулуктун аң-сезимине пикирлерин жайылтып, натыйжада радикалдашкан аймактар пайда болууда. Азыркы тапта мындай аймактар Ооганстанда, Пакистанда, Ортоңку Чыгышта (Ирак, Сирия, Палестина) Түндүк Кавказда, Түндүк Африка (Египет, Ливия, Нигерия, Мали ж.б.) жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндө (Индонезия, Филиппин). Салафизмдин экстремисттик топтору өздөрүнүн үгүт окууларында ашынган катаал мамилелерин кудайсыздарга жана башка дин өкүлдөрүнө карата гана көрсөтүшпөстөн, алардын пикиринде Аллахтын айткан буйруктарын аткарбаган өздөрүнүн мусулман бир туугандарына да көрсөтүп келүүдө. Алар өздөрүн диндин тазалыгы үчүн күрөшкөн кудайдын куттуу мужахиддери атанышып, аларга кошулбаган бардык мусулмандарды каапыр деп атап, жада калса жихад жарыялап аларга да каршы согушууга чакырышууда. Азыркы динге жамынган экстремисттердин эң негизги идеологиялык пикири тигил же бул формадагы ислам мамлекетин – Халифат түзүүнү көздөшүүдө. Тилекке каршы мындай долбоор тажрыйба жүзүндө ишке ашып бүгүнкү күндө Ортонку Чыгыштагы ИШИМ (Ирак, Шам Ислам мамлекети) аталыштагы өзүн мамлекет (халифат) деп жарыялаган террористтик уюм түзүлдү.[140]

Мындай саясий максатты көздөөнүн объективдүү себептеринин бирден бири болуп Ортоңку Чыгыш, Түндүк Африка, Кавказ, Борбордук жана Түштүк Азия өлкөлөрүндөгү эл аралык жана ички чыр-чатактар эсептелинет. Бул себептердин мүнөзү күчтүү өлкөлөрдүн геосаясий жактан каршы турушу, батыш жана чыгыш маданияттарынын тиреши жана коомдогу маргиналдуу топтордун пайда болушуна алып келген мусулман өлкөлөрүндөгү жалпы социалдык-экономикалык абалдын төмөндөшү. Тилекке каршы мусулман коомчулугундагы мындай кубулуштарды өзгөчө исламга жамынган радикал-экстремисттик топтор өздөрүнүн упайына пайдаланышып келүүдө.

### 5.3. Идеологиялык аргументтер жана контраргументтер

Ар бир кызыкчылыкты көздөгөн топтун, тайпанын же партиянын идеологиясы болгондой эле, ислам динине жамынгандардын да идеолгиялык принциптери бар. Диний радикал тайпалар исламдын баалуулуктарын өздөрүнүн максаттарын ылайык колдонуп келишет. Көбүнесе алар динди өздөрүнө ылайык кылып трансформациялап бурмалоого дуушар кылууда. Ошол себептен дүйнөдө болуп жаткан акыркы убактагы экстремизм жана терроризм деген терминдердин ислам дини менен барабар айтылып жатканы абдан өкүнүчтүү. Ислам дини – тынчтыктын, ынтымактын дини. Андыктан ислам дини кандай экендигин тактап алып, анын баалуулуктары радикалдуу түшүнүктөрдөн бир канча айырмасы бар экендигин карап көрөлү.

---

[140] Бүгүнкү күндө бул уюм ИМ (Ислам мамлекети) деп аталган.

Ислам дини араб тилинен “*салама*” деген уңгудан келип, тынчтык деген маанини билдирет. Ошондуктан Мухаммед пайгамбар өзүнүн калтырган осуятында: “Бири-бириңердин ортоңордо салам айтып жүргүлө” – деп айткан. Араб тилиндеги “*Ассаламу алейкум*” – деген сөздүн мааниси “Сизге тынчтык (болсун же каалайм)” деген маанини туюндурат. Демек ислам дини тынчтыктын дини андыктан ал эч кандай ашынып, чектен чыгып кетүү (эктремизм ар. татарруф) жана башканы коркутуп үркүтүү (терроризм ар. ирхааб) дини эмес. Андыктан исламга жамынган топтордун тынчтыкты бузуп акыйкат динди бурмалап жатышкандыгы, жана аны менен бирге өздөрүнүн пикирлеринде саясий идеологиялык аргументтерин алдыга коюшууда. Алардын арасында мындай аргументтердин эң негизгилеринен болуп такфир, жихад жана халифат сыяктуу терминдердин асыресе колдонуп келишүүдө.

***Такфир*** – Ислам дининен чыкты деп каапырдык (куфр) күнөөсүң коюу. Ашынгандар тарабынан жосунсуз эле башка мусулманды намаз окубаса, орозо кармабаса, күнөө кылса же башка диндегилер менен мамиле түзсө ага каапырдык дооматын коюу болуп саналат. Бул маселени адилеттүү халиф Али бин Абу Талибдин убагында эң биринчилерден болуп *харижилер* (динден чыккандар) көтөрүшкөн. Анын келип чыгышы, 657-жылы Сыффин талаасында Али менен Муавия бин Абу Суфйандын ортосунда пикир келишпестиктен улам келип чыккан согуштан болот. Бул согушта Муавия жеңилип бараткандын сезет да, жоокерлерине найзанын учтарына Курандын барактарын сайууга буюруп, Алини кудайдын акыйкат өкүмүнө чакырат. Али мусулмандардын кан төгүлүүсүнүн токтолушуна болгон мындай мүмкүнчүлүктү дароо пайдаланып согушту токтот да, сүйлөшүүлөргө макул болот. Натыйжада Алинин жоокерлеринин арасынан 12000 жоокер наразы болуп Алиге каапырдык күнөөсүн коюшуп аны таштап кетишет. Алар Ирактын Нахраван деген жерине аскер ордосун куруп, катардагы жоокер Абдулла бин Вахбды халиф кылып шайлашат. Мына ушул тарыхтан баштап мусулмандардын арасында *харижилер* (ар. хаража - чыгуу) деген тайпа пайда болот. Алардын түшүнүгүндө кайсы бир мусулман “чоң күнөөгө” батса ал Исламдан чыгып каапыр болду деп жарыялоо менен тарыхта алар эң биринчи “такфирчилерден” болушкан.

Ислам дининде мусулман башка мусулманды каапыр деп айтууга укугу жок. Мындай өкүмдү чыгарууга Алла Тааланын гана укугу бар. Куранда мындай деп айтылат: “*Силер менен саламдашкандарга бул дүйнө жашоосундага ырахатты талап кылып: Сен мусулман эмессиң! - деп айтпагыла! Албетте, Аллахтын алдында көп олжолор, табылгалар бар. Силер да мурун ушундай (каапыр) болгонсуңар, бирок Аллах силерге өз мээримин көргөздү*” [141] . Бул туурасында Мухаммед пайгамбар да өзүнүн осуятында мындай деген: “*Эгерде бир адам башка адамга (экөө тең Исламда): Эй каапыр! – деп айтса, анда бул сөз экөөсүнүн бирөөсүнө тиет. Эгер айтылган адам чын эле каапыр болсо ага тиет, ал эми болбосо айткан адамдын өзүнө тиет*”[142]. Дагы бир осуятында: “*Эгерде кимдир бирөө бир момунга кайрылып: Эй каапыр, же эй Алланын душманы – деп айтса, анда ал айтылган сөз айткан адамдын өзүнө кайтып келет*”[143] – деп айткан.

Борбордук Азиядан чыккан белгилүү аалым Абу Мансур аль-Матуридинин учурунда да такфирчи харижилер бардык күнөөгө баткан мусулмандар каапырлар деп, мусулмандын жасаган амалын ишеним менен ажырагыс кылышкан. Ал эми имам Матуридинин пикиринде, адамдын жасаган иш-аракети ишениминин бөлүгү болуп саналбайт жана жасаган күнөөсү үчүн каапыр болуп калбайт. Мусулман адам чоң күнөө кылса кудайдын алдында жооп берет, бирок кудай аны кечирип да коюшу мүмкүн, анткени ал мусулман бойдон калат.

[141] Куран, Ниса сүрөсү: 94
[142] Бухарий, Муслим
[143] Бухарий, Муслим

Бүгүнкү күндө “такфирчилердин” пикирлери харижилердин алыс эмес болсо да, алар өздөрүн тарыхтагы харижилерден эместигин айтып келишет. Такфирчилер харижилер сыяктуу эле мусулман башкаруучулар динден чыгып кетишти деп адам өлтүрүүгө чейин барышууда. Такфирчи топторго бүгүнкү күндө белгилүү болгон “Ат-Такфир валь-Хижра”, “Ал-Каида”, Талибандар кыймылы, ӨИК (Өзбекстан Ислам кыймылы)[144], “Хизбут-Тахрир”, ИШИМ уюму (Ирак, Шам Ислам мамлекети) ж.б. кирет. Бул топтордун кылып жаткан иштери учурдагы мусулман башкаруучуларды каапырдык дооматы менен күнөөлөп, ислам дининен чыгарып натыйжада аларга каршы согуш *жихад* жарыялашууда.

***Жихад*** – күч жумшап аракет кылуу жана күрөшүү. Ар бир мусулман Ислам дини, эли-жери жана үй-бүлөсү үчүн бекем турушу жана аны коргошу зарыл. Бул үчүн ал күчүн, байлыгын жана акылын жумшоосу керек. Ошондой эле, бул руханий жана коомдук кемчиликтер (жалган сүйлөө, калп айтуу, коомдогу бузукулук ж.б.) менен күрөшүү. Натыйжада жихад – бул адамдын өзүнүн каалоосу, коомдогу адилетсиздик менен күрөшүү, Алла Тааланын динин жайылтуу ишиндеги аракеттенүү жана Алла жолунда баскынчыларга каршы согушуу [145] . Борбордук Азиядан чыккан көрүнүктүү аалым Даммулла Хиндустанин аныктамасында, жихаддын бир түрү согуш талаасында каапырлар менен согушуу болсо, экинчиси жаман кулк-мүнөздөн тазаланып билбестиктен арылуу болгон[146].

Бүгүнкү күндөгү көпчүлүк экстремисттик топтордун идеологиясында жихад түшүнүгү боюнча системалык жобо түзүлгөн. Ал жобонун негизги багыты ар бир мусулманга милдеттүү болгон куралдуу күрөш, жана бул күрөш бардык каапырларга каршы. Жогоруда эскерип өткөндөй, алар менен келишпеген бардык адамдар, жада калса мусулманга да такфир дооматы коюлуп душманга (каапырга) айланат. Мына ушул жобонун негизинде алар өз катарларын ушундай пикирлер менен суугарылган жаштар менен толуктап, дүйнөнүн булуң-бурчунда жихадга чакырышууда. Булардын мындай ашынган пикирлерин тең бөлүшпөгөн башка мусулмандар “исламдын душманы” б.а. каапырлар катары жарыяланып аларга каршы “ыйык согуш” ачылат. Анткени алардын күнөөсү (ашынгандардын пикиринде) – алардын каапырлар менен болгон достугунда; каапырлардай кийинишкенинде; алардай жашашкандыгында; ошондой эле алардан жардам сурашат; алар менен мамиле түзүшөт; алардын жылнаамасын колдонушат; майрамдарын майрамдашат; башкаруу системасын колдонушат (демократия, либерализм, светтик) ж.б. Жихадийлик уюмдардын негизги максаты “Исламдын душмандарын” канын төгүү, жок кылуу бир тартипте жана уюшкандуулук менен жихад жолунда өткөрүлүшү керек. Натыйжада окуянын мындай абалга өтүшүн азыркы убакта террористтик кадамга барган топтордон байкалат.

Бирок, тилеке каршы бул уюмдар жихад түшүнүгүн өздөрүнүн саясатына ылайык колдонушуп, катардагы тарапкерлерине Курандын аяттарын ошол саясатына ылайык жорумалдап келишүүдө. Ошол эле учурда алар Алла Тааланын Курандагы айткан төмөндөгү сөздөрүн этибарга алышпайт: “*Эй момундар! Жакшылыкта жана такыбаалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө! Аллахтан корккула, чындыгында Аллах катуу азаптоочу!*”[147]. Демек Алла Таала душмандыктан, кастыктан алыстап такыбаа болууга чакырууда. Ал эми ким душмандыкты максат кылса, анда аны тозоктогу катуу азап күтүп турат. Жогоруда белгилегендей, жихадий-такфирчилер тарабынан мусулмандын каны төгүлсө, анда аларга

---

[144] Караңыз: А.Салиев, *О Такфиризме*, 10.11.2014, http://www.easttime.ru/allanalitic/11.html

[145] *А.Али-заде,* Исламский энциклопедический словарь, Москва: Ансар 2007, 197-198б.

[146] Б.Бабаджанов, А.Муминов, *Диспуты мусульманских религиозных авторитетов Центральной Азии XX веке* (Алматы, Дайк-Пресс , 2007), 121б.

[147] Куран, Маида сүрөсү: 2

Алла Таала мындай дейт: “*Эгер ким мусулманды атайлап өлтүрсө, анын жазасы – Тозок. Анда түбөлүк калат. Ага Аллахтын ачуусу келип, Анын каргышына калат. Ага улуу азап даярдап коет*”[148]. Эгер каапырлар мусулмандар мамлекетин басып алуу максатында оторчулук саясатын жүргүзсө, динине каршы чыкса, албетте анда жихад жарыялоо парыз болот. Анткени Алла Таала: “*Силерге согуш ачкандар менен Аллах жолунда согушкула жана чектен чыкпагыла. Чындыгында Аллах чектен чыккандарды жаман көрөт*”[149] – дейт. Ошондой эле: “*Алар тынчтыкка келишсе, сен да кел жана Аллахка тобокел кыл. Акыйкатта, Ал – Угуучу, Билүүчү*”[150], башкача айтканда тынчтыкка болгон биринчи мүмкүнчүлүктү дайым пайдалануу бул мусулмандын милдети. Мындай принциптер бүгүнкү күндө эл аралык укуктарда жана өлкөнүн иштеп жаткан мыйзамдарында чагылдырылган жалпы адамзаттык баалуулук болуп саналат (мекенди коргоо, согушту токтотуп жарашуу ж.б.). Себеби ар бир адамдын жаны, өмүрү Алла Тааланын жараткан макулугу, ошондуктан ал баалуу болуп эсептелет. Бул туурасында Алла Таала Куранда: “*Ким акысыз адам өлтүрүп, же жер жүзүнө бузукулук таратса, анда ал бүткүл адамзатты өлтүргөнгө барабар. Ал эми ким адам өмүрүн сактаса, ал бардык адамзатты сактап калганга барабар*”[151].

Жихаддын бул түрү, башкача айтканда согушуу бул Мухаммед пайгамбар айткандай “кичүү жихад” деп аталат. Ал эми андан дагы чоң эсептелген жихад бул “чоң жихад”. Бул жөнүндө Мухаммед пайгамбар бир согуштан келгенден кийин: “Кичи жихаддан чоң жихадга кайттык” – дейт. Чоң жихад кандай? – деп сурашканда, “нафс менен болгон күрөш” – деп айткан экен. Башкача айтканда өздөрүнүн ички дили, каалоосу менен болгон согуш бул “чоң жихад”. Анткени адамдын эң биринчи душманы бул шайтан экендигин Алла Таала Курандын бир канча аяттарында эскертет: “*Чындыгында, силерге шайтан душман. Ошондуктан силер да аны душман деп билгиле. Акыйкатта, шайтан өз тобун тозок ээлеринен болууга чакырат*”[152] дагы бир жеринде: “*Чындыгында, шайтан адам баласына анык душман*”[153].

Демек, жихад түшүнүгү белгилүү бир тайпалардын саясий максаттарын ишке ашырууда, курал катары колдонулган чакырык болуп калууда десек болот. Мындай саясий азчылыкты түзгөн жихадий пикирдеги топтор башка күчтөрдүн, көбүнесе тышкы күчтөрдүн куралы катары да колдонулуп калууда. Натыйжада *алар түшүнгөн* “ислам мамлекетин” б.а. “*халифат*” түзүүгө умтулушат.

***Халифат*** – бул кудайдын мыйзамдары менен бийлик жүргүзүлгөн мусулман мамлекети, башкача айтканда ислам теократиялык мамлекетинин концепциясы. Халифатты халиф башкарат. Халиф – Мухаммед пайгамбардын орун басары деген маанини берет. Мухаммед пайгамбар халифат тууралуу мындай деген: “Менин үммөтүмдө халифат отуз жылга созулат. Андан кийин падышалык болот”[154]. Чындыгында эле ислам тарыхында Мухаммед пайгамбар өлгөндөн кийин 632-жылдан баштап 661-жылга чейин “Адилет халифтердин” доору болот. Бул доордо халифатты Мухаммед пайгамбардын эң жакын сахабалары: Абу Бакр, Умар, Усман жана Али башкарышкан. Андан кийинки келген Умайлардын бийлиги жана Аббастардын бийлиги атадан балага өткөн падышалык монархияга айланган. Ошондой болсо да мусулман тарыхчылары Адилеттүү халифалык доорунан кийин да, Умай халифалыгы (661-750), Аббас

[148] Куран, Ниса сүрөсү: 93
[149] Куран, Бакара: 190
[150] Куран, Анфал сүрөсү: 61
[151] Куран, Маида сүрөсү: 32
[152] Куран, Фаатыр сүрөсү: 6
[153] Куран, Йусуф сүрөсү: 5
[154] Тирмизи, *Аль-Жаами ас-Сахих*, Фитан, (Бейрут: Дар Ихйа турас аль-арабий) хадис №2326
Абу Дауд, *Сунан,* Сунна, (Каир: Дар Хадис), хадис №4646, 4647

халифалыгы (750-1258) жана эң акыркы Осмон халифалыгы (1299-1922) болгондугун жазып жүрүшөт.

Эгер Мухаммед пайгамбардын айткан кеби акыйкат болсо, ал эми пайгамбар болгондон кийин ал акыйкат, бүгүнкү күндөгү радикал-экстремисттик тайпалардын халифат куруу далалаттары куру жалак жана негизсиз. Ошондо бул пикир, б.а. халифат куруу идеясы, Курандын бир дагы аятында, же пайгамбардын хадистеринде жок. Мындай маселеге дагы бир жооп акыркы ислам халифаты эсептелген Осмон империясы, юридикалык күчүн токтоткон кийинки анын ордунда жаңы түзүлгөн светтик Түркия мамлекетин карап көрсөк болот. Андагы халифаттын жоюлушу менен өтө чоң толкундоолор болбогону, же эч кандай революциясыз гана салыштырмалуу тынчтык жолу менен светтик республиканын орношу өтө таң калыштуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок бир топ ислам аалымдары тарабынан республика куруу пикири колдоого алынып, калк тарабынан күчтүү каршылыкка дуушар болуп, чоң жарандык согушка айланбастан оңой ишке ашкан. Мунун себеби исламда негизинен мамлекет түзүүгө арналган атайын идеянын болбошу, же болбосо исламга гана тиешелүү болуп саналган өзгөчө саясий долбоордун жок болушунда жатат деп айтууга негиз бар. Исламдын негизги тапшырмасы – бул адилеттүүлүктү орнотуу болуп эсептелет. Аны Мухаммед пайгамбардын жашоосунан деле байкаса болот. Мисалы ал Мадина шаарында де-факто башчы болуп калгандан кийин, шаардагы жөөт калкы менен келишим түзүп, ал келишимге ылайык жөөт калкы шаарды мусулмандар менен чогуу коргоого милдеттенме б.а. бирдей шарттарда жашоого жана эң маанилүүсү өзүлөрүнүн дининин негизинде жашоого кепилдик алышат. Мындагы маанилүү нерсе аларга динди таңуулоо маселеси орун алган эмес. Ошондой эле светтик мамлекеттик түшүнүккө жакын бир диндин үстөмдүгүндөгү мамлекеттик башкаруу, жана башка ишенимдегилерге кысым көрсөтүү жок. Дагы бир мисал, Мухаммед пайгамбар дүйнөдөн кайтаарында атайын башкаруучу дайындабаганы да көп нерседен кабар берет. Башкаруучуну тандоо эркиндигин же «*мубаайаа*», б.а. шайлануу жана шайлоо эркиндигин кысымга албагандыгын айса болот. Ошонун негизинде кийинки башкаруучу же халифа бир канча талапкердин ичинен ачык талкуулоо аркылуу Мадина жана Мекке мусулмандарынын өкүлдөрү тарабынан шайланган. Куранда маселелерди кеңешүү аркылуу чечүүгө өтө чоң маани берилген ал «*шуура»* деген термин менен берилет. Пайгамбардын жашоосунда кеңешип кесүү көп кездешет. Өзүнүн каалоосуна каршы келген болсо да көпчүлүктүн пикирине ылайык маанилүү чечимдерди алган учурлары да кеңешүү институтунун исламдагы реалдуулугун көрсөтөт. Бул жагынан алып караганда дагы исламда демократия принциптери камтылган. Ошондой эле салттуу исламдын аалымы Имам Матуриди халифат туурасында, акыйкаттыкты билдирүү максатында дин менен саясаттын ажырымы түшүнүгүн негиздеген. Саясий бийликтегилер ыйык кишилер же кудай тарабынан атайын дайындалып, элге отчет берүүгө милдеттүү эмес деген пикирди четке кагып, саясий бийликтин булагы дин эмес деген тыянак чыгарган[155].

Демек мусулман элдин баарын такфир менен күнөөлөп, натыйжада каапыр кылып, анан аларга жихад жарыялап халифат түзүү эч кандай ислам менен шайкеш келбей тургандыгы айкын болду. Жогоруда белгиленгендей шуура (кеңеш) жана мубаайаа (шайлоо) жолу аркылуу укуктук талаага чыгып адилеттүү мамлекет курса болот. Бул жагынан да ислам дининде демократиянын принциптери камтылган деп айтсак жаңылышпасак керек.

[155] Караңыз: Э.Жумакунов, *Имам Матуридиде дин-саясат маселеси: Салттуу ислам демократияга өбөлгө*, И.Арабаев атн. КМУ Жарчысы, 66-70б.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын жетекчилиги өлкөдөгү диний кырдаалды талдап, диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты тез аранын ичинде реформалоо зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алды. Диний чөйрөнү жакшыртуу зарылчылыгы Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгындагы Туруктуу өнүктүрүүнүн улутту стратегиясында, 2014-жылдын 3-февралында жана 3-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Коргонуу кеңешинин чечимдеринде жана Кыргыз Республикасынын Президентинин тийиштүү жарлыктарында чагылдырылган.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты натыйжалуу ишке ашыруу үчүн, алгач, өз мезгилинде элге учурдагы кырдаал жөнүндө объективдүү маалыматты жеткирип туруу зарыл, ошондой эле мамлекеттик органдардардын өкүлдөрүнүн, коомчулуктун жана дин кызматчыларынын диний сабаттуулугу менен компетенттүлүгүн жогорулатуу керек. Учурдагы диний кырдаалды жана Кыргызстан аймагандагы диний уюмдарды карап чыгып, өлкөдө либералдуу чөйрө менен дин тутуу эркиндиги камсыз кылынган деген чечимге келсе болот. Бирок буга чейинки жылдары мамлекеттин диний чөйрөгө кийлигишпөөсү, коомдун жана мамлекеттин туруктуулуна жана коопсуздугуна коркунуч туудурган өлкөгө салттуу эмес диний агымдардын жана радикалдуу пикирлердин Кыргызстанда жайылышына алып келди. Кыргыз Республикасындагы диний саясатты реформалоо дин тутуу эркиндигин камсыздоо менен бирге, диний уюмдардын ишмердүүлүктөрүн тартипке салууга жана өлкөдөгү деструктивдүү жана экстремисттик диний ишмердүүлүктүн жайылышын алдын алууга багытталган. Ушул жараяндын алкагында, Кыргызстанда иштеп жаткан диний уюмдар менен агымдар өзүнүн ишмердүүлүгү жана мүнөзү жагынан, өлкө аймагында катталган жана катталбаган, тыюу салынган жана салынбаган болуп бөлүнүп, алар туурасында маалымат иштелип жана даярдалып жатат.

Бүгүнкү күндө натыйжалуу диний саясатты ишке ашыруу, радикалдык жана экстремисттик диний уюмдар биздин өлкөнүн жарандарына өздөрүнүн идеологиялык баалуулуктарын таңуулаган маалыматтык тирешүү менен кагылышууда. Радикалдык жана экстремисттик диний уюмдардын идеологиясы, исламдын баалуулуктарына таянып "каапырларга" каршы зордук-зомбулукка, жихадга жана халифат курууга чакырышууда. Мындай чакырыктар жана динди түшүндүрүүлөр коом менен мамлекеттин туруктуулугуна жана коопсуздугуна коркунуч туудурат, светтик негизди жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузат, жана ошондой эле тынчтык жана адилеттүүлүктүн дини болгон исламдын баалуулуктарын бурмалайт.

Кыргыз Республикасындагы натыйжалуу диний саясатты жүргүзүү үчүн иштеп жаткан мыйзамдарга таянуусу керек, ошондой эле элдин, дин жана мамлекет кызматкерлеринин, маалыматтануусу жана диний сабаттуулугун жогорулатуу механизмдерин колдонуу, Кыргызстан коомчулугунун жигердүү колдоосу менен экстремисттик пикирлердин жайылышына маалыматтык каршылык көрсөтүүнү камсыз кылуу керек деген тыянак чыгарса болот. Мамлекеттин, коомдун жана диндин бирдиктүү иш-аракети гана диний саясаттын эффективдүүлүгүн жана Кыргызстандагы диний саясаттын ийгиликтүү, оң натыйжаларын көрсөтө алат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

### Кыргыз Республикасынын нормативдүү-укуктук документтери


1. Закон Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных организациях в Кыргызской Республике» от 31 декабря 2008 года № 282 (В редакции Закона КР от 15 июня 2011 года № 46, 7 декабря 2012 года № 196.
2. Закон Кыргызской Республики «О противодействии экстремистской деятельности» от 17 августа 2005 года N 150.
3. Концепция государственной политики в религиозной сфере Кыргызской Республики, утвержденная постановлением Правительства Кыргызской Республики от 6 мая 2006 года № 324.
4. Концепция государственной политики КР в религиозной сфере 2014-2020 годы, утвержденная Указом Президента КР от 17.11.2014 // Официальный сайт ГКДР КР.
5. Национальная стратегия устойчивого развития Кыргызской Республики на период 2013-2017 годы.
6. Решение Совета обороны КР № 01 «О государственной политике в религиозной сфере» от 03.02.2014 г.
7. Указ Президента Кыргызской Республики «О Национальной стратегии устойчивого развития Кыргызской Республики на период 2013-2017 годы» от 21.01.2013 № 11.
8. Указ Президента КР «О реализации решения Совета обороны Кыргызской Республики о государственной политике в Религиозной сфере» от 07.02.2014.
9. Указ Президента КР «О Концепции государственной политики Кыргызской Республики в религиозной сфере на 2014-2020 годы» от 17.11.2014.


### Отчеттор, докладдар, расмий маалымат


10. Анализ результатов социологического опроса «Молодежь и Ислам», Государственная комиссия по делам религии КР, 2013.
11. Данные Государственной комиссии по делам религий Кыргызской Республики на 1 января 2014 года.
12. Информация о заседании Совета Обороны КР по вопросу об утверждении Концепции государственной политики в религиозной сфере Кыргызской Республики на 2014–2020 годы // Официальный сайт ГКДР КР, http://religion.gov.kg/ru/sovet_oborony_3_11_14.html, доступ: 10.11.2014.
13. Информация о деятельности фонда Ага-Хан // Официальный сайт Университета Центральной Азии, http://uca.kg/
14. История Муфтията // Сайт Духовного управления мусульман Кыргызстана, 21.04.2014, http://muftiyat.kg/?q=ky/node/106. Доступ: 29.10.14
15. Конституция партии Хизб-ут-Тахрир, доступно: http://www.hizb-ut-tahrir.info/english/constitution.htm
16. Материалы Рабочей группы Совета Обороны КР по разработке Концепции религиозной политики, 2014.
17. О нас // Сайт Общественного прогрессивного фонда «Адеп Башаты», 10.01.2014, http://adep.kg/adep_bashaty/1-post1.html. доступ: 29.10.14.

18. Устав религиозной организации «Ыйык Биримдик».
19. Устав Духовного управления мусульман Кыргызстана.

**Интервью**

20. *Токон Мамытов*, Интервью Радио «Азаттык», доступно: http://rus.azattyk.org/content/kyrgyzstan_terror-afghanistan/25196843.html
21. *Орозбек Молдалиев*: Нужно усиливать позиции ханафитского мазхаба, Интервью *Толгонай Осмонгазиева* // газета «Вечерний Бишкек», 23 мая 2014, http://vb.kg:8080/doc/274112_orozbek_moldaliev:_nyjno_ysilivat_pozicii_hanafitskogo_mazhaba.html

**Китептер**

22. *Абдирашидов З., Гаспринский И.,* Туркестан в начале XX века: Связи-Отношения-Влияние, Ташкент: Академнашр. 2011.
23. *Абу Дауд*, Сунан, Каир: Дар Хадис.
24. *Бабаджанов Б., А.Муминов*, Диспуты мусульманских религиозных авторитетов Центральной Азии XX веке, Алматы: Дайк-Пресс, 2007.
25. *Бартольд В.В.*, Сочинения., Т.1, Ч.2, Москва: изд. «Наука», 1964.
26. *Балагушкин Е. Г.* Критика нетрадиционных религий (истоки, сущность, влияние на молодёжь Запада). М.: Изд-во Московского университета, 1984.
27. *Джуманалиев Т.*, Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана, Бишкек: изд. Алтын тамга. 2007.
28. *Дустдар Ф.,* Учение Бахаи. Пер. с англ. и нем. Москва: Изд. «Прогресс — Культура». 1992 г.
29. *Духопельников В*., Крещение Руси, Харьков: Изд-во Фолио, 2009 г.
30. *Ибн аль-Асир*, Аль-Камил 7-том, (Бейрут: “Дар аль-кутуб аль-ильмия”) 267с.
31. Ислам. / Практическое пособие для журналистов по вопросам религии. 2011. г.Ош, с. 20.
32. *М. Хакан Явуз*, Современные мусульмане : Нурджулар, Накшисты, “Национальный Взгляд” и Партия Справедливости и Развития (“Modernleşen Müslümanlar: Nurcular Nakşiler Milli Görüş ve AK Parti”), Стамбул: Kitap Yayinevi – 90, Insan ve Toplum Dizisi - 22, с.196.
33. *Маликов, К.* Теоретические и практические основы по взаимодействию с мусульманской общиной. Бишкек, 2013 г.
34. *Маликов К.,* Мусульманская община Кыргызстана и политический процесс в стране; подходы к гармонизации отношений между государством и религией/ К. Маликов, Э. Усубалиев, Бишкек, 2009.
35. *Молдалиев, О.* Ислам и политика: политизация Ислама или исламизация политики…?, Бишкек, 2008.
36. *Молдо Сабыр, Досбол уулу*, Сборник акыда Таухид, Бишкек: Из Басма. 2013; Махмуд Кашгари, Собрание тюркских наречий, Бишкек: Аврасия Пресс. 2011.

37. *Осмонов, Ө.*История Кыргызстана, Бишкек: 2001.

38. *Сенюткина, О.* Внесудебное историко-религиоведческое исследование о «Таблиги Джамаат».

39. Священный Коран.

40. *Тирмизий*, Аль-Жаами ас-Сахих хадис, Бейрут: Дар Ихйа турас аль-арабий.

41. *Торбет Р.,* История баптизма, перевод г.Одесса (ориг. Robert G. Torbet. «A History of the Baptists». Chicago - Los Angeles: The Judson Press, 1952)., Одесская Богословская Семинария, 1996, http://krotov.info/libr_min/19_t/or/bet.htm , доступ 12.11.2014 г.

42. Послания Маймонида. Полное и исправленное по рукописям издание (ивр. איגרותהרמבם. — Маале-Адумим). Иерусалим: Издательство Шейлат, 1995.

43. *Paul Wilkinson*, Terrorism and Liberal State, Second Edition, London, Macmillan Education LTD, 1986.

## Китеп, журнал, гезиттердеги макалалар

44. *Бойко К.А.* Хадис // Ислам: энциклопедический словарь / отв. ред. С. М. Прозоров. М.: Наука, 1991.

45. *Жумакунов Э.*, Имам Матуридиде дин-саясат маселеси: Салттуу ислам демократияга өбөлгө, И.Арабаев атн. КМУ Жарчысы, 2014.

46. *Жусубалиев А.*, Кыргыздардың исламиятты кабылдауында Йасауиликтиң роли // Орталык Азиядагы Ислам өркениети. Халыкаралык конференциясының материалдар жинагы, Астана: 2007, 73-85 б.

47. *Исаев, Артур.* «Жайшуль Манди» приговорили // газета «Дело №», 25.07.2013, доступно: http://delo.kg/index.php/iz-zala-suda/6121-zhajshul-makhdi-prigovorili

48. *Маликова Бермет*, Озаренные светом Луны // газета «Вечерний Бишкек», 10.17.2008 г., http://members.vb.kg/2008/10/17/neot/1.html, доступ 05.12.2014 г.

49. Не жалеющая помощи Ассамблея // Газета «Айбат», 11.01.14.

50. *Пивоваров Д. В.*, Вера Бахаи: учение о прогрессивном откровении // Журнал Сибирского федерального университета. Гуманитарные науки. 2011.

51. *Huge B. Urban*, Fair Game: Secrecy, Security, and the Church of Scientology in Cold War America // Journal of the American Academy of Religion, Issue 74, №2, June 2006, http://dh101.humanities.ucla.edu/DH101Fall12Lab2/archive/files/7cfb80cf69a36b3c228d24c25c5dca43.pdf.

## Интернет-порталдардагы макалалар

52. Аль-Каида, http://en.wikipedia.org/wiki/Al-Qaeda

53. *Аляутдинов, Шамиль.* Как читать намаз // Пять обязательных молитв, http://umma.ru/namaz/pyat-obyazatelnykh-molitv/395-pyat-obyazatelnyx-molitv, доступ 05.09.2014 г.

54. *Бабаджанов Б.* Феномен «Акромия - ложные идеалы и преступная практика», http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1221111840, доступ: 11.09.2008.

55. *Бороган, Ирина*, Исламское движение Узбекистана, доступно: http://studies.agentura.ru/tr/idu/

56. *Брукс, Стэйси.* Мой взгляд на одитинг, http://theme.orthodoxy.ru/scientology/scientologers_001.html, доступ: 01.11.2014 г.

57. Буддизм // Информационный сайт «Буддизм алмазного пути», http://www.buddhism.ru/teachings/buddizm/, доступ 20.09.2014 г.

58. *Васечко В. Н.*, Вероучение протестантских исповеданий Лютеранство, http://azbyka.ru/knigi/vasechko_sravnitelnoe_bogoslovie_21-all.shtml, доступ 22.07.2014 г.

59. Динамика численности религий в мире // Religare, 27.01.2004г., http://www.religare.ru/2_8084.html, доступ 22.07.2014 г.

60. Евангелие // Электронная православная энциклопедия, часть I. Т. 16, С. 585, 08.10.2009 г., http://www.pravenc.ru/text/344423.html, доступ 22.07.2014 г.

61. *Ефремова Т.Ф.*, Что такое христианство? // Большой энциклопедический словарь. 2000.

62. *Захарий Лауб*, The Taliban in Afghanistan // The Council on Foreign Relations, доступно: http://www.cfr.org/afghanistan/taliban-afghanistan/p10551.

63. Имамы четырех мазхабов // Исламский информационный портал, http://www.islam.ru/content/book/646, доступ 05.09.2014 г.

64. Информация Центра религии “Спокойствия и Мира” // Университет Джорж Таун, http://berkleycenter.georgetown.edu/organizations/islamic-movement-of-uzbekistan.

65. Исламское Движение Восточного Туркестана, http://today.kz/news/2014-06-26/islamskoe-dvizhenie-vostochnogo-turkestana-kto-oni//

66. Исламское движение Восточного Туркестана», доступно: http://www.un.org/russian/sc/committees/1267/NSQE08802R.shtml

67. Исмаилиты // Свободная энциклопедия, http://ky.wikipedia.org/wiki/Исмаилиттер. Доступ: 04.11.14

68. Иудаизм // Путь к поступку, Митрополит Антонии Сурожскии, доступ 12.09.2014 г. http://goodcharacter.ru/udaizm/112-udaizmi

69. Иудаизм национальная религия евреев // Информационно-аналитическое агентство «Grandars.ru», www.grandars.ru, доступ 01.09.2014 г.

70. Кирилл и Мефодий, равноапостольные, учители Словенские // Русские святые, http://www.saints.ru/k/Kirill_i_Mefodii.html, доступ 22.07.2014 г.

71. Краткая история церкви адвентистов седьмого дня // Адвентисты центральной Сибири - официальный сайт, http://www.a7d.ru/krist.html, доступ 08.11.14 г.

72. Краткое знакомство с исламом // Религия ислам, http://www.islamreligion.com/ru/articles/1397/viewall/, доступ: 05.09.2014 г.

73. Кто такие кораниты? // Исламский информационно-аналитический ресурс «SUNNA-PRESS», http://sunnapress.com/analitika-i-islam/3802-kto-takie-koranity, доступ 05.09.2014 г.

74. Кто такие ибадиты? // Исламский информационно-аналитический ресурс «SUNNA-PRESS», http://sunnapress.com/analitika-i-islam/3802-kto-takie-ibadity,доступ 05.09.2014 г.

75. Лютеране // Энциклопедия Кольера, Изд. «Открытое общество», 2000, http://dic.academic.ru/dic.nsf/enc_colier/5605/ЛЮТЕРАНЕ, доступ 13.11.2014 г.

76. *Магомедрасулов, Мухаммад-Амин.* Пост месяца Рамадан – обязанность верующего, 27 июня 2014 г. http://www.islam.ru/content/veroeshenie/vse-chto-nujno-znat-postyashemusya-v-mesyac-ramadan, доступ: 05.09.2014 г.

77. *Малюга Ю.Я.*, Формирование исламской культуры // Культурология. Москва: Инфра-М, 1999. http://www.countries.ru/library/orient/islam.htm, доступ 05.09.2014 г.

78. *Мария де Гиз*, Протестанская революция // Информационное агентство «Rudata.ru», http://www.rudata.ru/wiki/Мария_де_Гиз_(королева_Шотландии), доступ 13.11.2014 г.

79. *Поснов М.*, История христианской церкви // Отличие православия от католицизма, http://thedb.ru/items/Otlichie_PRAVOSLAVIYA_ot_KATOLICIZMA/, доступ 23.07.2014 г.

80. Пятидесятники и секты харизматического направления // Сектовед, http://www.sektoved.ru/enciclopedia.php?cat_id=28, доступ 12.11.2014 г.

81. Пятидесятники и харизматы: единство в многообразии // Религия и право, http://www.sclj.ru/news/detail.php?SECTION_ID=191&ELEMENT_ID=1486&print=Y, доступ 05.11.2014 г.

82. Рассекреченный отчет о евреях в Кыргызстане (справка, опубликованная на Wikileaks", 2011-08-26) // "Limon Life", http://www.limon.kg/news:35311, доступ: 05.12.2014 г.

83. *Ревяко Т. И., Трус Н. В*, Самоубийства в секте "Объединенной церкви", Энциклопедия преступлений и катастроф, http://www.bibliotekar.ru/encSuicid/29.htm

84. Религия Ислам // Вера и ислам, http://www.veraislam.ru/index.php?option=com_content&view=article&id=5&Itemid=8, доступ 05.09.2014 г.

85. Религиозная и историческая ситуация в Аравии накануне зарождения Ислама // Информационно-аналитическое агентство «Grandars.ru», http://www.grandars.ru/college/filosofiya/islam.html, доступ 05.09.

86. *Салиев А.*, О Такфиризме, 10.11.2014, доступно: http://www.easttime.ru/allanalitic/11.html

87. Союз исламского джихада, доступно: https://ru.wikipedia.org/wikiСоюз_Исламского_Джихада.

88. Средневековые города Чуйской долины // «Asia Mountains», http://asiamountains.net/ru/tours/day-tours/ald-cities/, доступ 27.07.2014 г.

89. Такфир валь Хиджра, доступно: http://en.wikipedia.org/wiki/Takfir_wal-Hijra

90. Фракции Исламского движения Узбекистана укрепляют контакты с «Аль-Каидой» // Информационное агентство «Фергана.ньюс», доступно: http://www.fergananews.com/articles/4705.

91. *Мухаммад Салих аль-Мунаджид*. Хариджиты // Ислам: вопрос и ответ, , http://islamqa.info/ar, доступ 05.09.2014 г.

92. Церковь Шотландии, http://rfwiki.org/Церковь_Шотландии,доступ 13.11.2014 г.

93. Церковь объединения, доступно: https://ru.wikipedia.org/wiki/Церковь_Объединения

94. *Чериков, Садырбек.* Кыргызстан - полигон террористического интернационализма, 31.12.2013, доступно: http://www.extranews.kg/bezopasnost/40-kyrgyzstan-poligon-terroristicheskogo-internatsionala.html

95. *Штайнберг*, *Гвидо.* «Союз исламского джихада»: портрет террористической организации, http://www.antiterrortoday.com/ru/baza-dannykh/terroristicheskie-i-ekstremistskie-gruppirovki/soyuz-islamskogo-dzhikhada-gruppa-islamskogo-dzhikhada/386-soyuz-islamskogo-dzhikhada-portret-terroristicheskoj-organizatsii, доступ: 12.08.2008

96. *Gilbert*, *Matthew.* Scientology's worst nightmare: Why they made author Lawrence Wright look like a demon, http://www.news.com.au/lifestyle/real-life/scientologys-worst-nightmare-why-they-made-author-lawrence-wright-look-like-a-demon/story-fnixwvgh-1226765972006.

**Интернет-порталдардын жаңылыктары жана материалдары**

97. В Пакистане толпа сожгла женщину из секты ахмадитов и двух ее внучек // Информационное агентство «Newsru.co.il», 28.07.2014, http://newsru.co.il/world/28jul2014/mob476.html; Сектанты-ахмадиты объявили казанцам о приходе Махди // Информационное агентство «Islam-today», http://m.islam-today.ru/islam_v_rossii/tatarstan/sektanty-ahmadity-obavili-kazancam-o-prihode-mahdi/, доступ: 29.12.2014

98. Дааватчылардын жаңы формасы // Сайт Духовного управления мусульман Кыргызстана, 01.10.14, http://muftiyat.kg/?q=ky/news/daavatchylardyn-zhany-formasy, доступ 29.12.14

99. Новости Информационного агенства «Акипресс», http://www.akipress.org, сентябрь 2013.

100. Религиозная организация «Саентологическая Церковь» в Кыргызстане ликвидирована. 19.05.2014 http://religion.gov.kg/ru/saentol_tserkov.html, доступ 11.11.2014 г.

101. Свободная энциклопедия «Википедия», https://ru.wikipedia.org/wiki.